ДҮЙШЕЕВ

# КАЛЫЙДАУЛДА

Ырлар, поэмалар

Бишкек 2015



*Адилдик кылсаң судья,*
*аныктама жазарсыз.*
*Жеткире факты көрсөтүп,*
*жегичтин бетин ачарсыз.*
*Жалпыга мисал келтирип,*
*жарпыбызды жазарсыз.*
*"Паракеч баары" десеңиз,*
*баяндап ишти айтарсыз.*

*Парторгду баш кылып,*
*баарысын жоопко тартаарсыз.*
*Ынанымдуу көрүнүп,*
*районго кайтарсыз.*
*Өтүнүп турам алдыңда,*
*өзүңүз ишти чечерсиз.*
*Калыстыгың жок болсо,*
*кайтадан бизди кесерсиз...*

***(Д. Калыйдулда)***

Д Ү Й Ш Е Е В

# КАЛЫЙДУЛДА

*Ырлар, поэмалар*

«Газета.KG»
Бишкек 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Д 86

Дүйшеев К.
Д 86 Калыйдулда: Ырлар, поэмалар – Б.: 2015. – 176 б.

ISBN 978-9967-468-20-7

*Бул китепке акын Калыйдулда Дүйшеевдин Кочкор районуна караштуу Ак–Чий айылындагы Ворошилов атындагы толук эмес орто мектепте окуп жүргөн кезинде райондук “Социалисттик мал чарба” жана Республикалык комсомол жаштар газетасы–“Ленинчил Жаш” газеталарына мектеп турмушунан жазып жиберген чакан–чакан макалалары менен ырлары киргизилди.*

*Асылган оору акынды алдына койгон тилек максаттарына жеткирбей, акыры 26 гана жашында өмүрүн арманга айлантып, алып тынды. Акын ошол аз өмүрүнүн ичинде көптөгөн кыйынчылыктарга туш келип, анын боз улан кездеринде жана эрезеге жетип, редакцияларда иштеп жүргөн жылдарында өзү топтоп, басмадан чыгарууга даярдап койгон ырлары жана поэмалары басылып чыгарылды.*

Д 4702300200-15
ISBN 978-9967-468-20-7

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© Дүйшеев К., 2015

# ӨМҮРҮ ӨКСҮКТӨ ӨТКӨН АКЫН

*Колуңуздагы акын Калыйдулда Дүйшеевдин бул ырлар жыйнагы кызы Филара Дүйшееванын жекече аракеттери жана каржылоосунда жарык көрдү.*

*Акын К.Дүйшеев (1924-1950) бул жарык дүйнөдө жыйырма алты гана жыл өмүр сүрүп, ошол жашоосунун аралыгында жакшысынан-жаманынын, кубанычынан-арманын, күлгөнүнөн капалыкта кумсарганын, жадырап-жайнап жүргөнүнөн жүрөк толгонткон ыйын жаш башынан арбын өткөрдү. Деги эле кызы Филара атасынын архивдик чакан өмүр баянына карата жазган кол жазмаларына үңүлө карап, баам таштаган ар бир окуучу акындын ушул өмүрүнүн аралыгында кандай гана кыйынчылыктарды башынан өткөргөнүн жүрөк алдынан сезүүгө болот. Акын өз колу менен так ушул ырлар жыйнагын китеп кылып басмадан чыгаруу максатында 1946-жылы бүтүндөй кол жазмаларын жана эки поэмасын ("Орто-Токой суу сактагычы", "Гүлай") кошуп, машинкага бастырып, өз колу менен көктөп басмаканага даярдап койгон экен. Ал ушул кол жазмаларын өтө тыкандык менен басмага даярдап жаткан учурда кандай гана кубанбады экен. Анан алса, жакшы санаалаш курбулары, тууган-туушкандары, каламдаштары менен бирге эле ага тымызын тиштерин кайраган душмандары да бар эмеспи. Биз аныcын акындын чакан өмүр-баянынан улам билип жатабыз. Акындын даярдаган бул китеби ошол жылдары биз билген "Кыргызокуупедмамбастан" гана чыкмак. Өлкөбүздө андан башка басма жок эле...*

*Жогоруда учкай айтып кеткендей акындын өз башынан өткөргөн – кабырга кайыштырган жаманы арбын болуп турган заманында демекчи – 1930-жылдары анын атасы Дүйшө орто чарба дыйкан болуп, үй-бүлөсү менен жакшы эле турмушта жа-*

*шаса да, ич ара душмандары ага "кулак" деген жалган жалаа жаап, Омскийдеги түрмөдө жатып, ошол жерден кабарсыз болуп калат. Дүйшө арабча жана латын арибинде да, окуй билген аалым болгон экен. Оор заман бул үй-бүлөгө өзүнүн зылдай салмагын салып, Дүйшөнүн өмүрлүк зайыбы Рапия тагдырдын башына салган залдарынан улам, Жумгал районуна караштуу Түгөл-Сай айылындагы очор-бачар болуп калган отон-жайын аргасыз таштап, Кочкор районундагы Кара-Булуң (азыркы Тамчы айылы) айылында жашап жаткан төркүндөрүнө көчүп барып, баласы Калыйдулда, Байдулда кыздары Салыйка, Шарапат болуп байыр алып калышат. Ошондо Калыйдулда алты гана жашта болчу.*

*Рапия да арабча окуп, арабча жазганды билген билимдүү болгон экен. Аалым Дүйшө менен Рапия экөө тең билимдүүлөрдөн болгондуктан экөө бирибири менен сөз бекитишип, баш кошконго чейин кат алышып, ал каттары ыр менен жазылганын китептин соңку барактарындагы ырлары бул сөзүбүзгө күбө болуп берет...*

*Акын К.Дүйшеевдин чыгармаларды жазып, ыр саптарын жаратып, акын болуп калыптануусуна кыргызча эле айтканда биринчи кезекте ага ата каны менен өтүп, эне сүтүнөн сызылып келип, анын сезим дээрине таасирин берип, эс тутум шыгынын ойгонуусуна түздөн-түз таасирин берген деп айтууга толук укугубуз бар. Жана да, алибетте, болочок акын – К.Дүйшеевдин Ак-Чий айылындагы Ворошилов атындагы толук эмес орто мектепте окуп жүргөн кезинде эле Кочкор райондук "Социалисттик мал чарба" жана Республикалык комсомол жаштар газетасы болгон "Ленинчил Жаш" газетасына жакын болуп, анын ар бир санын үзбөй алып окуушу, ошол редакциялардын кызматкерлеринин жаш талантка жазып берген куш тилиндей кеңештери, анын балалык шыгына шык, багыт*

*бергени ага ого бетер канат байлатып, жаш кыялын көкөлөтүп койгонун байкоо талашсыз пикир. Мезгилдин өтүүсү менен эс тарта баштаган бала-чок акынга атасы Дүйшө Шоңкор уулунун дареksиз болуп кетүүсү, апасы – Койлу кызы Рапия менен жер которуштуруп, Кочкор районундагы Кара-Булуң айылына көчүп келип жашап калышы али-бетте, анын акыл калчап, бой тартып келе баштаган жаш талантка аябагандай оор сокку болгону талашсыз окуя. Ошентсе да, жаш өспүрүм өз бет алдынча нук издеп, жол таап, көксөгөн максатына жетип, а дегенде ошол райондук "Социалисттик мал чарба" газетасына анан "Ленинчил жаш" газетасына эмгектене баштайт...*

*Улуу Ата Мекендик согуш башталып, жаштар сыяктуу эле К.Дүйшеев кабарчылык кызматын таштап, согушка аттанат. Согуш талаасынан ал суукка кагынып, көп күндөр госпиталга жатып калып, аскерий врачтардын корутундусу менен Новосибирскиге танк чыгаруучу заводко жиберилет ("104 ч "з" IV 1943 №173 завод №185 имени Горького). Сибирдин катуу суугунан өпкө оорусу кайрадан кармап, 1943-жылы өз жерине кетиришет. Ошентип, ал кайрадан өзү иштеп кеткен редакцияга иштеп калат. Архивдик материалдарга караганда ак жеринен жалаага калып, камакка алынып, ал жерден согуштагы эски оорусу козголуп, эки жылдан кийин ал ден-соолугуна байланыштуу түрмөдөн чыгат. Акындын эртеңки жашоо тагдырына – даңгыр жолуна ички душмандар тараптан жөргөмүштүн желесин көмүскө тартып, кайрадан көр тириликтин, түйшүк менен азаптын аёсуз чеңгелине байкоостон түшөт.*

*Тилекке каршы оруунун айыкпас залдарына чалынган акын Калыйдулда Дүйшеев жыйырма алты гана жашында бул жарык дүйнө менен кош айтышат...*

*Арийне, кириш сөзүбүздө кеп кылгандай, акын*

*чыга турган китебиндеги ырларын ирети менен өзү жайгаштырып, ал гана эмес, мазмунуна чейин түзүп, басмага даярдаган койгон экен. Атаганат... Андыктан, биз автордун даярдап койгон китебиндеги ырларынын жыйнагына кол тийгизген жокпуз. Укугубуз дагы жок.*

*Ырас, биз китептин салабаттуу чыгышын көздөп, айрым гана ырларын орун которуштурууга бардык. Бул болсо, китептеги ырлардын жайгашына эч кандай кедергесин тийгизген жок деген ойдобуз.*

*Бул китеп тээ өткөн кылымдын кыркынчы жылдарынын аяк ичинде же элүүнчү жылдардын баш мезгилинде жарык көрүшү - биздин божомол. Өкүнүчтүүсү, өксүгү - акын К.Дүйшеевдин өмүрү улам бир кырсыкка кириптер болуп, бул китептин басылып чыгышы уламдан-улам кечеңдей берип, акыры акын китебинин чыгышын өз көзү менен көрүп кубанбай, жакын санаалаш замандаштары менен окуучулары окубай калганы менен бүттү. Андан бери 65 жылдын ары жак, бери жагы болуп, так ушул китеп ошончо жылдан бери акындын машинкага тердиртип, анан аны чыйырчыктап, өз колу менен көктөп басмага даярдап койгон китеби эми гана чыкты. Жарым кылымдан ашык терилип, даярдалып, сакталып келген анын кол жазмасы түшүрүлгөн барактары эбак саргайып, кубаты да кетип, үбөлөнүп-үгөлөнүп калганы даана көрүнүп турат. Ошентсе да, ушул кол жазманы ошончо жыл бою сактап, удулу келе калса, басмадан чыгарууну астыртадан күсөп, келген акындын кара чечекей иниси - тил жана адабият сабагынын мугалими ишине карап, көчүп-конуп жүрсө да жоготуп жибербей иниси Байдулданын сарамжалына, ары кызы Филара Дүйшееванын азыркы далалатына таң калып, ыраазы болбой койбойсуң. Баса, акын Калыйдулда так ушул кызы-Филаранын ысымын дагы заманына шай кылып өзү койсо*

*керек. Мындай эрдик ишти атанын айрым гана чыныгы уулунун колунан гана келбесе, бул арсар иш деп так кесер эле айта кетүү керек. Жана да Филаранын чоң атасы Дүйшө Шоңкор уулу менен чоң энеси – Койлу кызы Рапиянын алгачкы таанышкан күндөрүнөн тартып, бири-бирине болгон арзууларын ырга айландырып жазган каттарын так ушул мезгилге чейин сарамжал сактап, араб арибинде жазылган тамгаларды орус алфавитине (кириллицасына) эринбей которуп, минтип так ушул китепке кошуп чыгарышын атасы акын – Калыйдулда, чоң атасы – Дүйшө менен чоң энеси – Рапиянын арбактары ыраазы болуп, алардын шапааты тийсин деген изги тилегибизди гана айтмакчыбыз.*

*Тилекке каршы К.Дүйшеевдин «Правдага» (5-май, 1940-жыл) сыяктуу республикалык газеталарга чыккан айрым ырлары архивдерден табылбай калганы өкүнүчтүү болду. Атаганат! Акын так ушул китебинин чыгышын өз көзү менен көрүп, барактап бир кубанып алса эмне... деген гана өкүттүү ойго калдык.*

*Ошентип, болочоктогу акын – К.Дүйшеев райондук, облустук, Республикалык газеталардын кызматкерлери менен жүз көрүшүп, таанышып, алардын пикирлерин угуп, ыр жазуунун тымызын, ары купуя сырларына аралашып, өз алдынча өздөштүрүү жолуна түшкөнү анын жараткан ыр саптарынан даана сезилип турат. Мисал келтирели: анын "Биринчи Май", "Басма сөз", "Биздин заём", "Улуу закон", "Жеңиш күнү", "Энеме", "Кош үстүндө кыз жигит", "Айлуу түн", "Өстү Кыргызстаным", "Чкалов", "Токтогулга", "Ленин", "Сталин", "Мекеним", "Келиндин каты", "Каналчы жеңеме", "Чалгынчы", "Жамбыл атама" ж.б. жазган ыр саптары өз учурундагы, өз заманындагы Алыкул Осмонов, Кубанычбек Маликов, Аалы Токомбаев,*

*Түгөлбай Сыдыкбеков, Темиркул Үмөталиев ж.б. кыргыз совет адабиятын экинчи толкундарынан болуп түптөгөн акын-жазуучуларыбыздын жазган, жараткан ыр саптарына мааниси, мазмуну жагынан өтө жакындашып турат. Себеби, ошол учурдагы соц доорубуздун, акын жазуучуларыбыздын ыр жазуу – жаратуу багыты, алган темасы менен максаттары соцреализм (социалисттик чындык) менен үндөшүп турушу керек деген талап турган.*

*Ооба, ошол өткөн учурдагы талап-так ушуну гана көздөгөн, багыттаган. Себеби, жаш совет өкмөтүнүн идеологиянын жоокерлерине койгон талабы да так ушундай эле. Мындай нускама ошол кездеги эмгекчи элдин жакшы жашап, жакшы өмүр сүрүүнүн эң башкы максаты ушундай болчу. Бул болсо, совет элинде жашап жаткандар үчүн жалаң жакшыдан башка эч кандай жаман же терс жактары болгон эмес. Мына ушундай максаттарды алдыларына койгон акын-жазуучуларыбыз бирибирине алдыртадан атаандаша жазышып, карапайым эмгекчи элдин үлгүлүү жашоолорун мүнөздөп беришкен. Ошондой акындардын арасында Калыйдулда Дүйшеев дагы бар болчу. Ырас, биз бул жерде акын К.Дүйшеев жогорудагы залкар акын жазуучуларыбыз менен далы тапташып, тең ата болгон деген пикирибизди айтып жаткан жерибиз жок. Ошентсе да, акын ыр жаратуу, ыр жазуу өнөрүнө келгенде ал өз учурунда поэзия майданында ошол акындарыбыз менен тизгин талашпаса дагы, поэзия жанрында үзөңгү кагышып, атка тең жүргөн деген так кесер пикирибизди айта алабыз.*

*Так эле ушул оюбузду бекемдей турган экинчи пикирибизди – далилдүү мисалды айта кетели. 1946-жылдын 18-июлунда "Ленинчил Жаш" газетасына "Келечектеги адабиятчыларыбыз" аттуу К.Болотбектин макаласы басылып чыккан экен. Макалада: "Ата Мекендик улуу согуш мезгилинде, шартка байланыштуу массалык түрдө дүркүрөп өсүп келе жаткан адабияттык чыгармачылыгыбыз*

*бир аз кезек күтүп туруугa мүмкүн болду. Жаңы эле уядан учуп, колуна болот калем кармаган жаштар өлкөнү коргоо үчүн фронтко барып, калем ордуна автомат кармады. Алар согушта да жазып турушту, бирок ырлары массанын арасында талкууга түшүп, тийиштүү сын алган жок. Мына азыр ошолор көздөгөн максаттарына жетүү үчүн кайрадан зор шыктануулук менен калемди колдоруна алышты..." деп, жазып келип, "...Анда басылган ырлардын мазмунун жана көркөмдүк жагына карап, баа бергенде жаңыдан жаза баштаган жолдоштордун чыгармачылык талаптары бар экендигин ачык эле сезүүгө болот. Алардын катарында Н.Жетикашкаева, К.Дүйшеев, С.Абдыкеримова, А.Адигенеев, Н.Байтемиров, К.Бообеков, С.Эралиев, Т.Байгабылов, А.Кылычев жана башка жолдоштор кирет..." деген, сыяктуу колдоруна калем алган жаш акын, жазуучулар тууралуу жекече пикирин таштайт. Биз бул макаладан керектүү гана жерлерин үзүндү-үзүндү кылып бердик. Ысымдары аталган ошондогу жаш таланттар элибизге аттын кашкасындай таанылып чыга келген акын-жазуучуларыбыз болуп калбадыбы.*

*Жогоруда К.Дүйшеев белгилүү акын, жазуучулар менен дагы тааныш болуп, алар менен бирге жүргөн күндөр да болгон деген сөздү айтып кеткен элек. Бул сөзүбүзгө кепил катары акын - К.Дүйшеев "Ленинчил Жаш" газетасында кызмат өтөп жүргөн жылдары ошол ысымдары аталган улуу жазуучуларыбыз ат тезегин кургатпай, күн сайын ушул редакцияга келишип, алардын кызматкерлери менен узун сабак кызыктуу кепке түшүшүп, же тамаша-калжың сөздөрдөн шыңгыл-шыңгыл таштай жүрүшкөндөрү дагы салттуу көрүнүш болгон. Ошол кездеги акын-жазуучуларыбыздын дагы максаттары бир – жаш совет өкмөтүнүн элинин чыңалуусуна, жакшы жашоо мүдөөлөрүнө өз салымдарын кошуп, социализм багытындагы ырларын,*

*поэмаларын, аңгемелерин, повесть, роман, пьеса, драмаларын, эссе, очерк, публистикаларын жазышып, совет мамлекетинин күч алышына өздөрүнүн жеке салымдарын кошуп келишкен. Ошолордун ичинде сиздин колуңуздагы китептин автору, акын – Калыйдулда Дүйшеевдин салымы да чоң болуп, жазган ар бир макаласы, чакан аңгемелери же ыр түрмөктөрү поэмалары менен өз жүзүн көрсөтүп келген...*

*Акындын кызы-Филаранын атасы-Калыйдулда Дүйшеев жөнүндө жазган эсекрүүсүн дагы бул жерде бере кетүүнү туура көрдүк. Ал төмөнкүчө: "Талант – атасынан, энесинен келген. Ата энеси билимдүү адамдардан болуп ыр жаза билишкен. "энеси Рапия экөө сүйлөшкөндө сөздөрү ырга айланып кетээр эле" – деп, атамды билген замандаштары, жакын санаалаштары эскеришээр эле. Журналист болуп жүрүп, көп чыгармалары жазылбай калса керек.*


*25,5 жашынын бир жылын майданда, эки жылдан ашык өмүрүн түрмөдө өткөрдү. Уюшкан кылмышкерлердин айыбын ачкан согуштун катышуучулары Б.Тайтаев, Исаковдорду жоопко тартканда алардын укугун коргойм деп, өзү төрт жылга эркиндигинен ажырады. Соттон адилеттик күттү. Сот адилет болбоду. Акыркы сөзүн ыр менен ачык айтып, күнөөлүү эместигин далилдесе да сот укпады. Жегичтерди актап, айыбын ачкандарды кесип жиберди. Өз укугун коргоп тиешелүү ар кайсы жерге он эки жолу кайрылса да эч жыйынтык болбоду. Эл үчүн каның, жанын аябай иштеген, өмүрдү, жашоону сүйгөн таланттуу адамдын өмүрү арасанатайлардын курмандыгы болуп берди. Мындайга чыдай албай, күнөөлүү эместигин далилдеш үчүн болгон күчүн жумшады. Ден-соолугу өтө начарлап, тура албай калган кезде түрмөдөн бошотту. Ал кезде атамдын иштөөгө дарманы калбай калган эле. Эмгеги менен элге кызмат кылгысы келген адам 1950-жылдын июнь айында кайтыш болду.*

*Сөзүбүздүн аягында, акын Калыйкулда Дүйшеева-нын кызы Филаранын:*

*"Жарк эткен чагылгандай жашап өттүң,*
*Үрөнүн жакшылыктын элге септиң.*
*Үлгүрбөй асыл максат ойлоруңа,*
*Чолпондой так төбөдөн батып кеттиң*

*– деп атасына арнаган бир куплет ыры менен аяктадык.*

**Жумабек Токтогазиев,**
**жазуучу**



*Расмий документ болгон справкада жазылып көрсөтүлгөндөй: «Ленинчил жаш» газетасынын жооптуу редакторунун орун басары Бектурсун Карабаевдин жазып берген аныктама - справкасы. К.Дүйшеев Кыргызстан ЛКСМ БКнын 28/09-46-жылдагы №194/2 бюросунун чечими боюнча ушул газетанын жооптуу редактору болуп да иштеген.*

## КАЛЫЙДУЛДА ДҮЙШЕЕВ

*1924-жылы 28-декабрда Жумгал районундагы Түгөл-Сай айылында орто чарба дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Дүйшө 1930-жылдары көп менен бирге кулакка тартылып, Омск түрмөсүнө камалат да, дайынсыз болуп кетет. Калыйдулда иниси Байдулда жана да эки карындашы Салыйка, Шарапат болуп, энеси Рапия менен Кочкор жергесиндеги Кара-Булуң айылында (азыркы комсомол) туруп калат. Ал Ворошилов мектебинде эң жакшы баалар менен окуп, райондук «Социалисттик мал чарба», «Ленинчил жаш» гезиттерине үзбөй макала жазып, газеталардын кабарчылары менен тыкыз байланышта болот. Эмгек жолун Ворошилов жети жылдык мектебинде кыргыз тил адабияты мугалими болуп иштеп жүргөндө 1943-жылы март айында Улуу Ата Мекендик согушка аттанат. Майдандан катуу ооруп калып, аны декабрь айында өз жерине жөнөтүшөт. 1944-жылдан тартып, «Социалисттик мал чарба» кезитинде жооптуу секретарь болуп иштейт. «Ленинчил жашта» Ысык-Көл, Нарын аймактары боюнча өз кабарчы болот. 1945-жылдан тартып, "Ленинчил жаш" кезитинде жооптуу секретарь, убактылуу редактор болуп иштеген. Ошол эле жылы өз демилгеси менен «Ленинчил жаш» кезитинин алдында адабият кружогун уюштуруу менен, ал 1947-жылга чейин иштеп, 1947-жылдын июнь айында ден-соолугуна байланыштуу «Ленинчил жаштан» бошоп, кайрадан Кочкор районуна келип, райондук «Социалисттик мал чарба» кезитинде кабарчы болот. Кочкор районунун Кара-Булуң колхозунда башкарма, парторг, кампачы, эсепчиси болуп биргелешип алып, малдан анан "жер айдадык" деп шылтоолоп, көп суммадагы мүлктү*

*жеп жоготушат. Бул чындыкты айткан ата-мекендик согуштун катышуучулары -Тайтаев, Исаков дегендерди камап коёт. Алардын жеп ичкенин ашкерелеп кезитке жазмак болгону үчүн, алар изин жашыруу максатында Калыйдулдага ак жеринен жалаа жаап, төрт жыл эркинен ажыратып, анын эски оорусу козголуп, ого бетер күчөп, эки жыл отуруп чыгат. Жогорудагылардын кесепетинен ал, ден-соолугунун запкысынан, 1950-жылдын июнь айларында жыйырма алты гана жашында кайтыш болот.*



*(Акындын кызы Филара Дүйшеева)*

***(Акындын өмүр баянын, чыгармаларын, кол жазмаларын архивдерден жыйнап, өз каражаты менен басмага даярдаган кызы-Филара Дүйшеева)***

* * *

Адамда кыял болот нечен-нечен,
Көрөсүң сонундарды болсоң эсен.
Арманым эт жүрөктө калбас эле,
Эмгегим элге жагып эркелесем...

## КОЛХОЗ ЖАЙЛООСУ

Гүлүнүн жыты бураган,
Булагы сырды сураган.
Жели согуп эркелеп,
Аймалап бетти сылаган.
Жарашып көркүн артылтып,
Жалбырак–чөбү буладан...

Торгою безеп сайраган,
Көпөлөк учуп жайнаган.
Эртели–кеч ышкырып,
Малчысы малын айдаган.
Эң сонун колхоз жайлоосу,
Элим эркин жайлаган.

*Июль,1940-жыл*
*«Көк-Булак» жайлоосу*

* * *

Бүр байлап, ар жыл сайын көркүн ачып,
Дарактын жашчылыгы кетпейт качып.
Бирок да, адамзатта андай эмес,
Өмүрү билинбестен өтөт шашып.

Көпкөндү көпкөн дебе шарты ошол,
Балалык бир учурдун арты ошол.
"Турмушу жакшы болсо, көпмөк бар" деп,
Айтылган–адамзаттын наркы ошол.

## ЖАШ КАЛЕМ

Үнүм чыкса созулуп,
Жүрөгүмө кошулуп
Сүйгөнүм жаш калемим,
Тынбай сыяң жошулуп.
Улам күчөп жорголоп,
Улам эргип ойдолоп.
Ак кагазга из салып,
Сөзгө кылып усталык.
Болгун кошо тилге -тилге,
Ушул сенин милдетиң.

Күндүр – түндүр ырдаткан,
Көмөкөйдү кургаткан.
Санааны санга бөлүнтүп,
Сүйлөсө жүрөк түйлаткан.
Мүдөөсү тегиз кыналып,
Эмгек менен сыналып.
Күндөй жүзү балкыган,
Көрсө көңүл чалкыган.
Кыздын сырын билдиргин,
Мен ошого дилгирмин...

*"Ленинчил жаш"*
*9-май, 1941 - жыл*

* * *

Пулемет оозу ачылып,
Тыт...ырр...лап октор атылып.
Денеден аккан ызыл кан,
Турса дагы чачылып.
Кайратынан жазбаган,
Ишеничти актаган.
Арыстандай жүрөктүү,
Жанган жалын илептүү.

Эрдин сырын билгизип,
Коркокту кордой күйгүзгүн!..

Сенсиң менин куралым,
Жоого да беттеп сунамын.
Жүрөгүмдү туйлатып,
Курчуй турган убагың.
Тагдырдын жолун сезе бил,
Табышмак сырды чече бил.
Мундуунун көөнүн ача бил,
Акыйкат ишти жаза бил!

Жеңишин макта туумдун,
Сен, досу мендей уулуңдун!..

## БАЙКА ЖАНЫМ!

Тагдырым бирге болсо деп,
Таалайга сени чектедим.
Ашкере туйлап эт жүрөк,
Акылдан күн – түн кетпедиң.
Кетпедиң,
Эстедим.
Сезбедиң...
Акының болуп сен сүйгөн,
Ашыктык сырын чечпедим.

Баргым келип үйүңө,
Эртели, кеч тынбаймын.
Олтурсам, турсам ойлоном,
Эмнеликтен мындаймын?
Мындаймын,
Ырдаймын.
Кыйбаймын...
Кадырга толук жетет деп.
Каалаймын сени – сыйлаймын,

Сүйгөндүктөн чыдабай,
Мүлдө муунум бошоду.
Коргошундай эридим,
Жеңилдигим ошобу?
Ошобу,
Кошобу.
Созобу?..
Бар тилегим сен үчүн,
Байка жаным ошону!..
Коргошундай эридим,
Жеңилдигим ошобу ?
Ошобу,
Кошобу.
Созобу ?
Бар тилегим сен үчүн,
Байка жаным ошону !...
Беш жылдыктын күнүндө,
Белсенип иштеп – тааныган !
Кусадар болсом кубанткан,
Кубаты сенсиң жанымдын !
Жанымдын,
Сагындым.
Чалындым!
Түйшүктү тартсаң бөлүшкөн,
Түбөлүк сенин жарыңмын!..

Нарын облустук
56054 сбо

## ШАЙЛАЙБЫЗ

Эл үчүн бөлүп көңүлүн,
Арнаган бардык өмүрүн.
Жетекчини шайлайбыз,
Жеңиштин баскан көрүгүн.

Бар шайманы жарашкан,
Бактысы артык Манастан.
Баатырларды шайлайбыз,
Бакыттын доорун талашкан!

Ар ишти иштей алышкан,
Атактуу жеңиш табышкан.
Даңкы чыгып таанылып,
Кремлге барышкан.

Колунан кеөрү төгүлгөн,
Алга карай теминген.
Билимдүүдөн шайлайбыз,
Биздин ишке берилген.

Эгин айдап тынбаган,
Эрте түшүм жыйнаган.
Колу ойносо, оозу ойноп,
Кор болбой жаны жыргаган.

Эринчээкке күтпөгөн,
Эмгек десе түтпөгөн.
Күжүрмөндөн шайлайбыз,
Күндө талбай иштеген !

Төрт түлүгү жайнаган,
Төр – төрлөрдү жайлаган.
Ак ниеттүүдөн шайлайбыз,
Тулпарды таптап байлаган!..

*"Кызыл Кыргызстан"*
*12-декабрь, 1939 – жыл*

## БИРИНЧИ МАЙ

Музыка күүсү тынбай чалынып,
Дүңгүр – дүңгүр барабандар кагылып.
Кызыл туулар көтөрүлүп желбиреп,
Кылкылдашат күн нуруна чагылып.
Элдин, толкун кайратынан кара жер,
Кете жаздайт токтоно албай жарылып.
Пайда болот көз алдыңа көрктөнүп,
Өлкөмдөгү сансыз далай жаңылык.
"-Үч- төрт жылда беш жылдыктын планын,
Орундайбыз, зерикпейбиз – чаалыгып."
Деп, сүйлөшүп күжүрмөндөр жылмайды,
Сыймыктанат эмгегинен таанылып.

Кубанычын, жыргалдын тең аралап,
Толкушат күткөн күнүн майрамдап.
Жайдары, көргүлөчү чоң аянтта,
Тигине... кыз – келиндер гүлдөй жайнап.
Толкундап май айынын көркүн жаздым,
Жаш досум – калемиңди бекем кармап.
Элимдин жолбашчысы Сталинге
Айтамын жүрөгүмдөн миң ракмат!..

*Кочкор райондук*
*"Социалисттик мал чарба"*
*газетасы 1940 – жыл*

## ЭСКЕРЕМ

Улуу жол орундатты тилегимди,
Арнаймын элим үчүн жүрөгүмдү.
Бактылуу баласымын кыргызымдын,
Эскерем түбөлүккө Ленинди !..

*"Ленинчил жаш" 20 – июнь,*
*1940 – жыл*

## БАСМА СӨЗ

Басма сөзүм,
Билгизесиң
Таалайымда сонунду.
Чынарымсың,
Куралымсың
Сага сунам колумду.
Мен чымчыгың,
Жаш ырчыңмын
Жүрөк сырын айтам чын.
Мактай берем,
Жактай берем
Большевиктик жолумду.

Чынды сүйлөп,
Намыска үндөп
Сен согушта дем бердиң.
Жоону кордоп,
Жолун торгоп
Сүрү болдуң элиңдин.
Жайды сурап,
Тылды чыңдап
Күчтү сынап – пландап
Дүйнө уккан,
Эркин чыккан
Үнү болдуң жергемдин.

Сени окусак,
Биз толкусак
Мелдешерди утабыз
Алга кетип,
Сырды чечип
Асмандайбыз, учабыз...
Шаттык курчап.
Көңүл бурсак,

Катар турсак – бет бурсак,
Карап турбай,
Токтоо кылбай
Тоскоолдорду бузабыз.

Улуу Ленин,
Ата Сталин
Сени менен сырдашкан.
Сенден чындык,
Кылам кулдук!
Сүйүп окуйм тынбастан.
Жалындуу сөз,
Эстен кетпес.
Ченем жетпес – тилектеш,
Эмгегиңди.
Айта берсем,
Айта берсем түгөнбөс!.

## БИЗДИН ЗАЕМ

Гүлдөй берсин,
Мизирленсин!
Кең СССР турагым.
Алтын элим,
Жашай бергин!
Таалай күткөн убагың.
Эл чарбасын
Кайра куруп,
Калыбына келтирип.
Шаттаналы,
Аткаралы –
Беш жылдыктын планын.

Колдон келген,
Биздин берген

Жүз миңдеген каражат.
Текке кетпейт,
Эл керектейт –
Эң жогору бааланат.
Нечен шаар,
Нечен гигант
Өз өлкөмдө салынып.
Дүйнө жүзү
Так ошондо,
Бизди карап таң калат.

Аэроплан,
Автобустар
Жерде, көктө жайнасын.
Багың бүрдөп.
Жерим гүлдөп,
Булбулдарым сайрасын.
Сайрай берсин,
Жайнай берсин!
Жарчысы ушул турмуштун.
Көңүл бөлсүн,
Элим көрсүн
Ар бир сомдун пайдасын.

Биздин заем,
Күчтүү заем –
Өлкөбүздүн кубаты.
Байлык болот,
Көңүл толот
Гүл турмуштун ырааты.
Шашылабыз,
Жазылабыз
Зор маанилүү заемго.
Алга кетсин
Элим өссүн –
Көккө жетсин кулачы!..

## УЛУУ ЗАКОН

Түбөлүк орноп кең закон,
Шанданып турган кез болду.
Самагандын барысы,
Камдалып турган кез болду.
Түгөнгүс ырыс ар кимге,
Арналып турган кез болду.

Кызыл желек колунда,
Сайрандашкан эл болду.
Жайнаган гүлгө оронуп,
Көркүнө келген жер болду.
Кыз – келинде эрк кенен,
Эрлер менен тең болду.

Өнөрлүү жаштар өсүштү,
Кызыл гүл сабак ачкандай.
Кызыктырып көргөндү,
Кызматы жанга жаккандай.
Аэроплан айдашты,
Асмандан учуп жазганбай.

Кандай сонун кең закон,
Шаттанып обон чыгарат.
Улуу Сталин атага,
Алкышын айтып ураалап.
Мен өндөнүп ыр ырдап,
Нечен жүрөк кубанат.

Кайгырганды күлдүргөн,
Жыргал өмүр сүрдүргөн.
Ааламга нуру таралган,
Адамдан артык жаралган,
Өлкөнү жаңы жасаган,
Айланам улуу атадан !.

*"Кызыл Кыргызстан"*
*5 - Декабрь, 1940-жыл*

## ЖЕҢИШ КҮНҮ

Ыр көркү – үлпөтү зор жыргалымдын,
Ыр үнү – жүрөктөгү сырларымдын.
Ыр менен күүгө кошсом, элим сүйөр,
Жеңишин, шаңдуу кызыл тууларымдын.

Ырдаймын улуу тойдун ыракатын,
Көрөйүн заманымдын шарапатын.
Кыялым асманга учуп, шаттык куруп,
Жеңиштин толкунунда баратамын ...

Айланам кандай сонун эң башкача,
Улуу той – улуу майрам, таң – тамаша.
Элимди алып келген бул жеңишке,
Сталин – улуу ата, узак жаша!..

*9-май, 1946 – жыл*

## АЛКЫШ АЙТАМ ЖҮРӨКТӨН

/ВКП/б/БКнин XVIII – конференциясына
карата ырдалган/

Кучагыма батпаган,
Кубанычтуу түр менен.
Комсомолдук духумда,
Назик чыккан үн менен.
Жаштарды шайыр ырдаткан,
Элди эркин жыргаткан.
Күндү - күндө тойлоткон,
Илгери үмүт ойлоткон.
Саясатты чыңаган,
Салтанатты улаган.
Булбул сынду сүйлөткөн,
Эстүүлүккө үйрөткөн.
Гүл турмушка бөлөнтүп,

Ак туйгундай түлөткөн.
Партия жолун куттуктап,
Алкыш айтам жүрөктөн! ...

*"Ленинчил жаш"*
*15 – февраль, 1946-жыл*

## ЛИРИКАЛАР

## БАРАТАМ

Өмүрдүк шерт байлаган жарды эстеп,
Эт жүрөк экиленип согуп тез – тез.
Мингеним күлүк поезд болсо дагы,
Чыдамсыз далбас уруп бараткан кез.

Күткөндүр жоокерлерин туулган элим,
Тургандыр мизирленип өскөн жерим.
Көрүүгө келбетиңди болуп кумар,
Тосуп ал, коңшулашым сөзмөр келин!

Жигиттик коңур гана үнүм менен,
Жол жүрүп, ар күн бою ырдап келем.
Мен кечкен чылпылдаган кызыл канга,
Чиркин ай, айта берсем жетпес ченем ...
Кучактап эркелетип уялашың,
Кубанаар кичи пейил, жашык эжем.
Алыстан жеңиш менен баратамын,
Барсыңбы аман – эсен карыган энем ?
"Кантти?", - деп кайран кайним сапарынан,
Жүргөндүр эстей – эстей шайыр жеңем.
Кабыл ал, мени эңсеген курбуларым,
Жаркырап бүгүн, эртең салам берем !.

*Сентябрь, 1945-жыл*

## ЭНЕМЕ

Жалынып өмүр тилеп күндө – күндө,
Кучактап улам кысып жүрөгүңө.
"Каралдым... Калыйдулда перзентим" - деп,
Алпештеп алдейледиң билем эне !

Ич! - десең – ууңду да ичем эне,
Түш! - десең дайраңа да түшөм эне.
Ант берем, эмгегиңди актай алам,
Өлбөсөм кызматыңа түтөм эне !

Мин! - дедиң, тулпарыңды миндим эне,
Кир! - дедиң, кан майданга кирдим эне,
Кес! - дедиң, жоонун башын кестим эне,
Кеч! - дедиң, аккан канды кечтим эне.

Жең! - дедиң, фашизмди жеңдим эне,
Кел! – дедиң, өз жериме келдим эне.
Бер! – дедиң, рапортту бердим эне,
Билбеймин, жарадымбы керегиңе?..



*Акын Калыйдулданын иниси Байдулда чоң энеси менен.*

## ИНИ

Ини кубат – жер таянтпас жөлөгүм,
Ини ырыс - сый – сыпатын көрөмүн.
"Ат токууруң, ушул сенин" - деп айткан,
Сөзү эсте мени тапкан эненин.

Сүйлөй алам – чечен кызыл тилим бар,
Ырдай алам – шаңдуу назик үнүм бар.
Бир боордош, бир эмчектен сүт эмген,
Мактана алам – жаш жеткинчек иним бар !

*30-май, 1946-жыл*

## КОШ ҮСТҮНДӨ КЫЗ-ЖИГИТ

Кыз:
- Айдай жигит, айдай бер!
Мейкин талаа гүлдөсүн.
Кайраты бар адамды,
Кантип жигит сүйбөсүн.

Мында жаным намыска,
Социалисттик жарышта,
"Бали азамат" - дедирип,
Башкалардан калышпа...

Жигит:
Жүрөктөгү сыр менен,
Жүлүнгө тийген ыр менен.
Толкуттуң ойду сулуу кыз,
Токтоно албай термелем.

Жайдарым, сенин ырларың,
Көрк берет жаздын шаңына.

Жарышта дайым утармын,
Жаркыным болсоң жанымда.

*«Ленинчил жаш»*
*21-март, 1946-жыл*

## КЫЯЛ

Бир эсе, шамалданып көктө жүрөм,
Бир эсе, кызыл гүлдү жыттап сүйөм.
Өзүмчө тиктей берип ак кагазды,
Бир эсе, сүртүп кетем каным менен.
Туруксуз жүрөктөгү күлүк санаа,
Бир эсе, тездигиңе жетпейт ченем.
Качырып кабыланча? кайраттанып,
Бир эсе, майданга да жалгыз кирем.
Ажалдан, азаптан да кайра тартпас,
Бир эсе, калемимди ок деп билем.
Кыялы кымкуут болгон акын чиркин !
Ушинтип өз доорумда өмүр сүрөм.

## МЕН

Эңкейгенге эңкейем –
Аны мактап ырдаймын .
Ардактаймын – сыйлаймын,
Какайганга какаям –
Аны менен арбашам.
Арыстанча кармашам.

## ТЕНТЕК КЫЯЛ АЙРӨКТӨЙТ

Акылым түрлүү козголуп,
Ар бир сап ырга токтолуп.
Тегеренет дүйнөнү,
Тентек кыял шоктонуп.
Талантым азбы?. билбедим,
Татыктуу эмгек жок болуп.
Күткөн максат карматпай,
Күйүп кетем чок болуп!..

Эбелек болуп эт жүрөк,
Ээлигип учат кыялым.
Толкун менен алышып,
Токтоно албай турамын.
Акылга көнбөйт туюк сыр,
Амалым канча чыдадым?!...



*(Оңдо: Жакын тууган иниси Саткынбай Батырканов. Ортодо: Калыйдулда, солдо: жээни Бейшенкул Сатаркулов. 1940-жыл 15-декабрда түшкөн сүрөт)*

## ОПААСЫЗ ЭКЕН ОЙЛОДУМ

Бооротоктоп сойлодум,
Боору таш, жоону койбодум.
Желдетин жеңип – багынтып,
Жемишин жедим – тойлодум.
Сурабастан эч кимден,
Суусун кечтим – бойлодум.
Не себептен ач көзмүн?
Неченди көрдүм тойбодум.
Ойрон болгон дүнүйө,
Опасыз экен, ойлодум...

*Март, 1945-жыл*

## СҮЙҮҮ

Сүйүү толкун – тез ойнотот каныңды,
Сүйүү назик – кытыгылайт жаныңды.
Сүйүү күчтүү - майтарылгыс магнит,
Сүйүү ысык – жаш жүрөктүн жалыны.

Сүйүү тентек – сырдашууга жарабайт,
Сүйүү таш боор – өрттөнгөнгө карабайт.
Сүйүү найза – сүйгөнүңө жетпесең.
Улам курчуп, жүрөгүңдү жаралайт.

## БИЛБЕС ЭЛЕҢ

Термелип узак жолдо поезд менен,
Баратсаң туркун кыял ойго келер.
Жүрөгүң таасирленер, жетпес чеңем,
Жанында сулуу болсо, сөзгө чебер.

Жашчылык оту болуп ар кебинде,
Башканын аңгемесин сүйбөс элең.
Көздөгөн станцияңа келгениңде,
Кандайча жеткениңди билбес элең...

*"Ленинчил жаш"*
*18 – июль, 1946 – жыл*

## ЖҮРӨК

Түшүнбөдүм, тынымы жок кагасың,
Чиркин жүрөк кандай ойго саласың.
Жашырбастан айтсаң боло тезирээк,
Туйлашыңды кантип менден танасың?

Чынында сен асыл жандын түйүнү,
Сен козгойсуң жалындаган сүйүүнү.
Өзүңө тең, бир жүрөккө сыр айтып,
Сен каалайсың шаттуу гана жүрүүнү.

Сүйгөнүмдү колтуктаймбы, күлөмбү,
Дайым бирге сыр чечишип жүрөмбү.
Же болбосо, айрылышып түбөлүк,
Амалсыздан отко түшүп күйөмбү?

Отко дагы сен түшөсүң билемин,
Сен "кир"! десең жалыныңа киремин.
Өмүр бою кытыгылап денемди,
Тагдырымды сен чечесиң жүрөгүм!

## ӨЛҮМ

Кан какшатып кары-жашка карабай,
Өлүм чиркин, мээге жеткен музсуң ээ!,
Арыз-арманды бир угууга жарабай.
Бул дүйнөдөн далайларды жуттуң ээ!..

## ЖАШТАР КҮЙГӨНҮ

Жайнаган гүлдөй жашчылык,
Жаанамды жазгырып.
Кайра келбес тилесең,
Каалаган ойду шат кылып.
Өрттөй жанган бир мүчөл,
Өтөр-кетер шаштырып.
Кырдаалы келди талпындым,
Кыялдын күчү мас кылып.

Ашыгып жүрөк берилип,
Алдыртан сүйүп демигип.
Түн уйкумду үч бөлдүң,
Түшүмдөн бир аз көрүнүп.
Түк кетпедиң санаамдан,
Түпсүз кыял бөлүнүп.
Түйшүктү тарттым түгөнгүс,
Түбү жок ойго чөмүлүп.

Кыянат кылып койбосо,
Кыялың сезип ойлоно.
Бөлүнөр сага убактым,
Бөйдө кырсык болбосо.
Түйшүктү тарткан бозоюң,
Түн жарымын бойлосо.
Жароокер жүрөк талпынар,
Жаштыктын оту колдосо...

Этек-жеңди кымтуулап,
Эртели – кеч бир убак.
Ээликкен жүрөк токтобой,
Эрке желден сыр сурап.
"Сүлдөрүң келсе мейли", - деп,
Сүйүүнүн күчү чымчылап.
Карбаластап талпынып,
Кайдан санаа тынчымак ?

Өпкүм келет оозуңан,
Өзүң билип тосуп ал!
Жүрөгүм жаным сеники,
Жүрөгүңө кошуп ал !
Кошуп ал!
Селки жан.
Өрттөбө асыл жанымды,
Өксүтпө жүрөк канымды!..

## АЙЛУУ ТҮН

Көк – жашыл саймаланган жайкы убак,
Атыр жел эркелетет беттен сылап.
Түн кирип, сан жылдыздар жымыңдашып,
Негедир тиктегенсийт көңүл улап.
Чогулуп. Ыр ырдашып шайыр жаштар,
Баштадык кызык – кызык оюн курап.
Аңгыча чыгыштагы уясынан,
Каалгып көтөрүлдү ай жаркырап.
Оюнду кызыткыла деген өңдүү,
Өзөндө агып жаткан суу шаркырап.

Айлуу түн, кандай сонун асман ачык!
Ай нуру жерге түшөт шоола чачып.
Кадалды жигиттердин жүрөгүнө,
Намыскөй кыз –келиндер жоодурашып.

Термелип гүл жаштыктын бешигинде,
Толкудуң шаттуу кыял ала качып.
Ушинтип, тамашада жүргөн кезде,
Бат эле калгансыды таң да атып.
Эскерип айлуу түндүн бир элесин,
Ыр менен блокнотко койдум жазып.

*Июль, 1940-жыл*

## С... ГА

Отуңа түштүм билбедиң,
"Оңбогур" – дедиң, жиндедиң.
Ойлогон ойду сезген соң.
Оштонуп неге күлбөдүң ?

Суроосун чечпей тилектин,
Суктанган жанды жүдөттүң.
Сумсайба "сулуу" жөнү жок,
Сууганы ошол жүрөктүн.

*Апрель, 1940-жыл*

## БОЛДУМ АШЫК

Буралып, сүйгөн сулуу басып келсең,
Бетинди "өзүң бил" деп тосуп берсең!
Толкундап гүл турмуштун кучагында,
Сүйүүнүн жүрөктөгү гүлүн берсем...

Келечек тагдырымды ойлоп шашып,
Жете албай, сен сулууга болдум ашык.
Кечигип өткөрбөгүн – өмүр сүргүн,
Бир кетет, кайра келбейт гүлгүн жаштык.

*Июнь, 1946-жыл*

## СҮЙГӨНҮМӨ

Кайрылып жооп бербеген,
Азапты тартсам көрбөгөн.
Лира күүсүн сайратып,
Ылаажы кылсам көнбөгөн.
Ич күйгүзгөн гүл элең,
Дабаачы болсом өнбөгөн.
Убаранды көп тартып,
Лакылдап жүрөк дегдеген.
Даанышман сулуу өзүңсүң,
Акырында сермеген.

Зилзала отун чачса да,
Ичиме жалын батса да.
Нур жүзүңдөн өбөрмүн,
Ажырашпай өлөрмүн!..

*Май, 1946-жыл*

## КУПЛЕТТЕР

Жигиттер!, кордук көрсөң жабыркаба,
Кордуктун жыргалын да бир көрөсүң.
Көпкөнгө, көңүл бөлүп таңыркаба,
Теңелсең андайларга бөйдө өлөсүң.

Алсызды шылдың кылып кордобогун,
Жетилет бир кезекте сөөлөт курат.
Баатырды "өлдү го" деп ойлобогун,
Атагы унутулбай эсте турат.

Болбогон бир кыялды ээрчип алсаң,
Шалкайып ооругандай басынарсың.
"Жеңем" деп ошол санааны оттой жансаң,
Жеңбессиң, жеңемин деп ашыгарсың.

Күнөөлүү кылмыштарды кылып койсоң,
Сырыңды досуңдан да жашырасың.
Олдоксон, тап билбеген көйрөң болсоң,
Колуңдан түлөк кушту качырарсың ...

Жол басып жан кыйналып чаалыкканда,
Кабыргаң кайышкансып камыкканда.
Жамбаштап таш үстүнөн орун алсаң,
Ал жумшак, ак пахталуу мамыктан да.

Сеткалуу кроваттан алдырсаң да,
Төшөктү калыңдатып салдырсаң да.
Көп жатсаң зеригерсиң тынчсызданып,
Аялуу бир бөлмөнү жай кылсаң да ...

## ӨСТҮ КЫРГЫЗСТАНЫМ

Таштан-ташка секирип,
Күүгө эргип ойногон.
Жылгаларда булагың,
Ак чардагы бойлогон.
Төшүндө улар сайраган,
Этегинде койкондоп.
Кекилик, чил жайнаган,
Жаныбардын мекени.
Издеп чыксаң кезиккен,
Кайберендин нечени.
Памир, Алай, Хантеңир,
Тянь – Шандай тоосунда.
Ырдасаң кошо үн салган,
Аскалуу бийик зоосунда.
Алган сайын көбөйгөн,
Түрдүү сонун кен өстү.
Көк шибери жайкалган,
Салкын жайлоо төр өстү.
Автомобиль зырылдап,

Жолу муздай бел өсту.
Пароход жүрүп чайпалткан,
Шарпылдаган көл өсту.
Сапаты көңүл көтөргөн,
Булайган ак кебездүү.
Эгин, чөбү жайкалган,
Жашыл сайма элестүү.

Малдар оттоп жайылган,
Аймагы кең жер өсту.
Балдары шайыр кубанган,
Кыздары сулуу буралаган.
Көздөгөнүн койбогон,
Таланты чоң эл өсту.
Айта берсе түгөнгүс,
Телегейи тең өсту.

Түрдүү гигант заводу,
Иштеп жатат күнү – түн.
Атагы чыгып кыргызым,
Дүңгүрөттү жер жүзүн.
Улуу Сталин жолунда,
Алга сүрөп бар ишин.
Чыңай берет артылтып,
Күндөн – күнгө зор күчүн.
Канат сермеп талпынды,
Коммунизм доору үчүн!..

*"Ленинчил жаш"*
*30-январь, 1941 - жыл*

*(Калыйдулданын кол жазмасын сактап жүргөн иниси Байдулда)*



## КАЛЫЙДУЛДАНЫН БЛОКНОТУНАН

Кээ адам достук менен колун берет,
Жүрөгүн тартуу кылып сөзгө келет,
Жолдоштук кадыр-баркты сезе билет,
Өлгөнчө ызатташып өмүр сүрөт.

Кээ адам кастык менен колун берет,
Жалынып жойпуланып сөзгө келет
Ичтеги сырларыңды тартып алып
Казылган бир оруна кетет салып.

Жигиттер!, досту күтсөң тандап күткүн,
Башыңа бөөдө мүшкүл түшпөс үчүн
Ишенбе!, арамзанын сөзү жалган
Өткөнгө "аттиңай!" деп, кылба арман.

Арзыбай өтө берер асыл жаның,
Күйгүзөр ичти өрттөп чагылганың.
Негедир жерге, сууга батпагансып,
Көзүңө тоодой болор жашырганың.

Жашчылык учурунда келгин куштай,
Таасири орун алар эстен чыкпай.
Алтын баш түбөлүккө көзду жумса,
Каларсың жер алдында сезбей, укпай.

Мээнетиң коргошундай салмактанса,
Көнөрсүң эриксизден ыйлай- сыктай.

Эл үчүн кызмат иштеп кете албассың,
Барга да, жокко дагы башың бышпай.

Ишенип бир-бирине эр бекишпес,
Антташып эзилишип сыр алышпай.
Балбандар бет алышса жыгылышпас,
Акыркы күчү бүтүп кол карышпай.

Курсагың ачка болбой турса тойуп,
Бир түркүн каада кыял пайда болуп
Ак нан да супсак болор даамы келбей,
Дөөлөткө мас болорсуң көңүл толуп.

Ботонун үнү жаңырган
Капчыгай ичи тар бекен?
Бото көздүү боз жигит
Кыз ойунда бар бекен?

Электен түшкөн ак ундай,
Себеленген кар бекен?
Эликтей ойноо боз жигит,
Эл ичинде бар бекен?
Короолуу койду токтоткон,
Коктунун учу жар бекен?
Комуз үндүү боз жигит,
Бул ойунда бар бекен?

Жайлоонун жели шыбырайт,
Жан-жаныбар кыбырайт,
Жалган айтпай жеңелер.
Жаштыктын жайын билип айт.

Таанысаңар курбулар,
Тамаша кылбай бирин айт.
Билбесеңер жигитттин,
Бир көрүнгөн түрүн айт.

Ойногон ойун токтолду,
Баардыгы келип топтолду.
Билген менен көргөндөр,
Айта албай жүрөк козголду.

Айтсакпы баарын ойлонот,
Бирине-бири ишенип.
Оозун ачпай мостойот.

* * *

Адамзат жыйырмадан ашкан кезде,
Балалык баштан өтүп качкан кезде.
Болбосо, жамандыгы жаштык калбас,
Эл көрүп, турмуш жолун баскан кезде.

Карабай кары-жаштын кылчаңына,
Шум ажал айдай берер тузагына.
Жакшыны жаманды да ылгабастан,
Кара жер тарта берер кучагына.

Наадaнга акыл айтсаң көңүл бурбас,
Көжөлүп өз ойунан кайтпас, жылбас.
Тар жолдо жардам сурап башың ийип,
Жалбарсаң жакшылыгын бир да кылбас.
Досторум!, Айра билгин жатты, өздү,
Акыл ук , акылмандан ачып көздү
Унутпа, "жакшылардын шарапаты,
жамандын кесепети" деген сөздү.

Чырмалып оору кетпей алтын баштан,
Алдастап санаа менен акылдашсаң.
Билинер ден-соолуктун кымбаттыгы,
Саргайып бир орунда онтоп жатсаң.

Ден-соолук болсо жатпай сайран куруп,
Көп менен бирдей жүрсөң ишке чыгып,
Биринчи байлык ошол өмүрүңдө,
Көшүлсөң булбулуңдун үнүн угуп.



*Директтүү сүрөттөн: Солдон оңго карай: Абдралиев, белгилүү журналисттер - Насырымбек Жаналиев, Бектурсун Карабаев, К.Дүйшеев: 7-ноябрь, 1946–жыл.*

## АКЫНДЫН КЫЯЛЫ

*(Согуштагы жүргөн кыялдан)*

Мен акынмын майдандамын,
Душман менен кармашкан.
Көптөн бери жоону кырып,
Өөрчүп жүрөм талбастан.

Кээде терең ойго батам,
Бөлүнгөнсүп элимен.
Кээде туруп жараланам,
Кара терге чөмүлөм.

Алга жылам, жоону кырам,
Азоо жүрөк ашыгат.
Жок, бир эсе окко учам,
Кызыл каным чачылат.

Ошол замат өкүнөмүн,
"Келбес сапар кеттим" деп.
Назик үндүү кайран өзүм,
Бул дүйнөдөн өттүм деп.
Кыялданам, "мейли өлсөм,
Бир чоң ишке жарадым.
Баатырча өлдүм, дүйнө жүзү!
Таңыркагын, карагын"...

Кээде туруп ойлой берип,
Эл жеримди сагынам.
Тизмектелген улам башка,
Жаңы ойго чалынам.

Шерденем да ырым менен,
Душманымды кордоймун.
Барчын болуп айланамын,
Бастатканга болбоймун.

Кээде туруп, жоону женем,
Жениш ырын ырдаймын.
Бакка коном булбул болом,
Сайраймын да, тынбаймын.

Назик кыял алоолончу!
Сени окко тенеймин.
Кайрат берчи жүрөгүмө,
Душманды тез женейин!..

*Октябрь, 1943-жыл*

## СҮЙГӨНҮМӨ

Кыялынды ойлоп оттой жанамын,
Сагынып мен саат сайын самадым.
Жалжылдаган сени менен бирге иштеп,
Орундайбы ойлоп жүргөн талабым.

Көз алдыма элесиниз көрүнөт,
Чиркин санаа сансыз көпкө бөлүнөт.
Сагынганда айлыныызга бир барып,
Ак бетиниз кайсы күнү өбүлөт?
Кызматымдан кол бошобойт жетпедим,
Жүрөк туйлап минут сайын эстедим.
Жароокер сиз түн уйкумду түгөтүп,
Деги койчу – түшүмдөн да кетпедин.

Учкул кыял албууттанып озунат,
Эки жүрөк качан бирге кошулат?
Сагынгандан жаным селки кат жазып,
Курч калемден сыя тынбай жошулат...

## ЧКАЛОВ

Команданын буйругун,
Ийгиликтүү аткарган.
Баш ийдирип көп жерди,
Көрүнгөн көркү асмандан
Шерден элең Чкалов!
Бороону катуу ачууга.
Моюн берип койбогон,
Самолеттун моторун.
Чимирилтип ойногон,
Эрден элең Чкалов!
Туман каптап түнөрүп,
Жол көрүнбөй турса да.
Бет алдыңдан дембе-дем,
Кар тынымсыз урса да.
Учкан элең Чкалов!
Болот канат шумкарды.
Алп кара куштай айлантып,
Дүйнө жүзүн чабыттап.
Элдин көңүлүн жайлантып,
Сызган элең Чкалов!

*Октябрь, 1939-жыл*

## ТОКТОГУЛГА

Сенде болчу Токтогул,
Акындыктын сыймыгы.
Үнү назик, сөзү бал,
Сен адамдын булбулу.

Азапты тартып кыйналып,
Айдоодо жүрдүң көп жылы.
Колуңа бекем чырмалган,
Падышанын чынжыры.

Сен болчусуң Токтогул,
Эл мүдөөсүн көздөгөн.

Залимдерге тийишкен,
Акыйкаттуу сөз менен.

Сенин атың түбөлүк,
Жүрөгүндө элиңдин.
Күнү – түнү көп окуп,
Ырларыңа берилдим.

*Октябрь, 1939-жыл*

## АЛГА ТЫНБАЙ ЖҮРӨЛҮ!

Бирге акыл ойлошуп,
Бир максатты болжошуп.
Кыргыздын уул – кыздары,
Үнүңөргө үн кошуп,
Съездиңди куттуктайм,
Кубангандан кол созуп!..

Кызыл кан суудай акканда,
Падыша коркуп шашканда.
Коммунисттен туулуп,
Дүйнөгө аты угулуп.
Комсомол чыккан жалындап,
Илгери карай адымдап.

Канат сермеп талпынып,
Даражасы артылып.
Колунан келип бардык иш,
Бөтөнчө таасир калтырып.
Коммунисттин артында,
Өсө берди комсомол.
Ашуусун ашып турмуштун,
Өтө берди комсомол.

Кырк биринчи жылында,
Адисинен ашынып.

Өлкөмө душман кол салды,
Өзүнөн – өзү катылып.
Намыстанып ошондо,
Жалтанбастан качырып,
Комсомолдор биринчи.
Жоону кырды жапырып.
Кыргызымдын жаштары,
Гүлдөшсүн каалап жеринен.
Катарына кошулуп,
Бүткүл совет элинин.
Окопто бирге түнөштү,
Тилекти бирге тилешти.
Күнү – түнү айыгышып,
Душманга каршы күрөштү,
Дайыр менен Анварбек,

Даңаза болуп шайланды.
Кыргыздан эрлер чыкты деп,
Дүйнө жүзү таң калды.
Фашисттик жырткыч желдеттер,
Сүрүнөн коркуп жалбарды.

Дүйшөнкул менен Чолпонбай,
Ажалга башын байлашты.
Берген антын акташып,
Намыска чыдап кармашты.
Жутунган нечен немецти,
Карпы-терши жайлашты.

Розы менен Ташмамат,
Майданда жүрсө тартынбай.
Долон менен Өлмөсхан,
Пахтаны терди калтырбай.
Керимбүбү, Алтынчач,
Кызылча берди – алтындай.

Миң сандаган кыз-жигит,
Жергемде тынбай иштеди...

## КАЛЫЙДУЛДАДАН

Кара кашың жалтылдап,
Калтардын сырткы жүнүндөй.
Күндөй бетиң жаркылдап,
Күлгөнүң булбул үнүндөй.
Оолжушуп тиктешип,
Ойноп жүрсөм билинбей.

Жарашыктуу кийинген,
Жанашсам деген сүйүнгөн.
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Суй салып селки тиктесе,
Суюлуп капа кетпейби?
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Жал-жал көздөр кошулса,
Жамандык түнду чектейби?
Болукшуткан кез менен,
Болбогон ишти эптейби?

Пикири туура келбесе,
Бирин-бири эстейби.
Эзилишкен кыялы,
Эртели күнду кечтейби?

* * *

Мына көрчү эңиштеп,
Лыжа тээп баратат.
Эки колдо таякча,
Дал боюна жарашат.
Аппак карда из калды,
Арт жагын биз карасак.

Көңүлдүү бул баланы,
Көргөн адам кубанат.

Учкан куштай жүрүшүн,
Жолдоштору сынамак
Кыймыл менен ушинтип,
Бут денеси чыңалат.

* * *

Шордуу жүрөк мынча толкуп нетесиң?
Көрүнгөнгө жана берет экенсиң.
Бирин тандап, экинчиге кат жазып,
Бирине да жетпей калар бекенсиң?..

## ЛЕНИН

Эмгекчиге эрк берген,
Улуу атабыз Ленин.
Ырыскы берип адамга,
Ысык тийген илебиң

"Дагы жашап келбей"-деп,
Санап-санап жүрөмүн.
Арадан өзүң кетсең да,
Артыңда миң сан тирегиң.

Жолбашчы ата Сталин,
Жолуңду туура улантты.
Гүлдөгөн биздин турмушта,
Элибизди чексиз кубантты.

*"Кызыл мал чарба"*
*21-январь, 1939-жыл*

## МЕКЕНИМ

Тагдырым сонун башкача,
Талпынганга жетемин.
Сый-сыпатту турмуштун,
Сырларын толук чечемин.
Өзгөрүлүп нур чачып,
Өстү гүлдөп мекеним.
Ырысыма кубанып,
Ырдай турган кезегим.
Жылдан жылга жаңы өмүр,
Толкундайт улам көңүлүм.

## ӨМҮРҮҢҮЗ БОЛСУН БЕК

*(И.В.Сталинге)*

Жер суунун көркүн чыгарып,
Калкты бүтүн кубанткан.
Өнөрлөрдү көбөйтүп,
Өлкөнүн күчүн чыңалткан.

Жүрөгү менен жазылган,
Закондон чыккан талап көп.
Акылман ата Сталин,
Өмүрүңүз болсун бек.

*"Кыргызстан Пионери"*
*12-декабрь,1940-жыл*

## УЛУУ КҮН

Октябрь таңы атканча,
Уу тырмакка жалдандың.
Убайым тартып эмгекчи эл,
Укуксуз болуп зарландың.

Октябрь таңы аткан соң,
Жазылды абдан черибиз.
Кыйкырып гудок үн салып,
Гиганттуу болду элибиз.

Толкундалып жайдары,
Кубанычта эл бүгүн.
Түрлүү сонун гүл менен,
Көркүнө келди жер бүгүн.

Уул-кызың куттуктайт,
Урматтуу улуу атасын!
Ушул күнгө жеткирген
Улуу Сталин жашасын.

*"Кызыл мал чарба"*
*7-Ноябрь, 1940-жыл*

## ЖОЛ ҮСТҮНДӨ КАТ

Алындым армиянын катарына,
Не көрөм?.. алган жокмун капарыма.
Ошол кез сентябрдын бири болчу,
Аттандым азаматтык сапарыма.

* * *

Баратам уч-кыйырсыз узун жолдо,
Мингеним, поезд деген жансыз "жорго".
Өзүмчө зоок кылып ак кагазды,
Чиймелейм калемимди алып колго.

* * *

Алтын баш кандай күндү көрөр экен?
Айланып же жерине келер бекен.
Ашыккан максатына жете албай,
Айлантып көздөн жашын төгөр бекен?
Бул суроо, жүрөгүмдү алдастатып,
Эриксиз чулгап алды бекем-бекем.

Чиркин ой!... отко, суута алып кирип,
Кыйналат-кыялданат эчен-эчен

* * *

Телмирип терең ойго бекем батып,
Термелип эшалондо бара жатып.
Эскерип ак сүтүң, жаным апа,
Бул катты токтоно албай жаздым шашып.

* * *

Көрөөрмүн Кочкорумду болсом эсен,
Барсыңбы, кичипейил жашык эжем.
Алыстан жеңиш менен мен келгиче,
Турса экен аман-эсен карган энем.
"Кетти деп, кайран кайним сапарына",
Жүргөндүр кейип-кепчип байкуш жеңем.
Кабыл ал, мени эстеген курбуларым.
Кат жазып, жол үстүнөн салам берем!

* * *

Көрөмбү, көрбөймүнбү кош бол элим,
Жакшы кал, мизирленген кайран жерим!
Жөнөөрдө кол алышпай кеттим эле,
Барсыңбы коңшулашым сөзмөр келин!

* * *

Ооз ачсам, куюлушуп ырлар келер,
Эт жүрөк туйлай-туйлай бир термелер.
Ал жерде аман-эсен турушабы?
"Жээним" деп мени билген тайжеңелер.

* * *

Ээ жаштык!, эркелетип кыялымды,
Кайрылып бир келүүгө жарабасың.
Өмүрүм, өзгөрүлүп калган кезде,
Өткөнгө назар салып карабасмын.
Кантейин! Эл, жериме салам айтып,
Кат менен алек болуп бара жаттым.

* * *

Ушинтип, кайран башым кете берди.
Убакыт желдей сызып өтө берди...

Эт жүрөк күндөн-күнгө өзгөрүлүп,
Ажалдын нокотторун сезе берди...

* * *

Жол жүрүп, күндүр-түндүр тыным албай,
Арадан өттү убакыт бир жарым ай.
Кошулдум фронтовый бригадага,
Не көрөм дагы нечен алда кандай?..

* * *

Өтөбү кайран жаным элди көрбөй,
Чаалыкты жаш жүрөгүм мөгдөй - мөгдөй.
Теңселип күндүр -түндүр кайгыландым,
Ырайсыз ажал үнү тынчтык бербей.

* * *

Ким айтпайт жүрөгүндө ички черди,
Көзүмдөн жалындуу от жана берди.
Кайгыны чиймелесем тизип-тизип,
Калемден кандуу сыя ага берди.
Акыры мен эстелик деген өңдүү,
Ак кагаз туталанып кала берди.
Чиркин ай! Жеңил белем ушунчалык?
Жүдөдүм бир көрсөм деп самап элди.

* * *

Госпиталь жайын сураба,
Көңүлүң балкыйт кубана.
Энеңдей багып сестра,
Эртели-кечке убара.

* * *

Көрбөгөн жерим калган жок,
Көңүлүм дегдейт - дарман жок.
Жашымдан сүйгөн максатка.
Жабыкпай жетсем арман жок.

* * *

Азап тартып жашымдан,
Арыдың го, асыл жан.
Дагы далай нечен күн,
Өтөр экен башымдан?!..

* * *

Шырт билгизбей сыртка чыкты Айсулуу,
Ал түшүнүп шектүү бир иш болорун.
Жакын барып ар бир аттын жанына,
Чечип алды оң үзөңгү боолорун.

Чет жагында топ толушкан көп аттын,
Алып кеди атасынын көк атын.
Боз жигитти аттандырып акырн,
Жөлөп сүйөп оорутпастан жаратын.

Кайрылып, өз бөлмөсүн барып ачты,
Боз жигит утурулап тосуп басты.
Айсулуу түшүндүрүп окуяны,
Өз оюн кеңеш кылып ачык айтты.

Кылк-кылк этип, тоо башынан күн да батты,
Айлана караңгылап күүгүм басты.
Шаар эли кечки тамак ичип бүтүп,
Уктоого кай бирөөлөр эрте жатты.

Атактуу, бай кадырман бүтүн шаарга,
Шакир бай анда болгон жалгыз бала.
Маш өсүп бардык ишке өзү сулуу,
Эң кылдат, эл ичинде сөзгө сара (чечен).

Мемиреп, уктап жатып түш көрдү ал,
Өңүндө кадимкидей жүргөн сымак .
Бак ичи, селкинчек тээп жигит, кыздар,
Жанында хандын кызы карап турат.

Жаңыдан колун сунуп жетер кезде,
Ортого башка адам тура калды.
Эки жаш бири-бирине жолугушпай,
Эсине жаш жигиттин кайгы салды.

Түн ортосу, айыл ичи көөдөй кара,
Боз жигит тынчсызданат жалгыз гана.
Көп ойлоп акырында чечти мындай,
Эх жаным, издейм, табам барам сага.

Уктабай санаа-санап атырды таң,
Эртелеп атасына барды басып,
Көп туруп акырында айтып берди,
Башына катып жүргөн сырын ачып.

Атаке, чын уулуңдай көрсөң мени,
Сүйүшүп өз теңиме үйлөнөйүн.
Кам көргүн, ата, буга эртелегин,
Кечтетип убакытты сүйрөбөгүн.

* * *

Мен баштап эзелкиден сөз козгодум,
Бай өткөн, жакыр өткөн муңга батып.
Мына азыр баш кошушуп пролетариат,
Жарк этти Октябрь нурун чачып.

Бир кезде жаштар жетпей сүйгөнүнө,
Сүйүүнүн оту жанып жүрөгүнө.
Ортодо айбан чалыш душман болуп,
Каргаша эки жаштын тилегине.

Боз жигит алоолонуп күйүп жанды,
Ал жалгыз, жакшы жолдош таба албады.
Сүйүүнүн күчүн көрчү жандан кечип,
Жаш эле, бирок экөө кыйды жанды.

## СЕНСИҢ

Уктасам түштөн кетпедиң,
Убара болуп эстедим.
Тагдырым бирге болот деп,
Таалайга сени чектедим.

Беш жылдыктын күнүндө,
Белсенип иштеп таанылгын.
Кусадар болсом кубанткан,
Кубаты сенсиң жанымдын.

*"Ленинчил жаш"*
*30 – май, 1946 – жыл*

## БЕШ ЖЫЛДЫКТА

Ай артынан ай кетет,
Айланып тентек жыл өтөт.
Агын суу жайпап кеңири,
Адырлуу чөлгө гүл өсөт.

Өнөргө өнөр уланат,
Өлкөмдүн күчү чыңалат.
Берекке болуп мындан да,
Бейпилдүү элим кубанат.

Тар капчыгай жол болот,
Таң-тамаша, той болот.
Илим менен толкуган,
Илгери үмүт, ой болот.

Мекеним дагы жаңырат,
Мектептер катар салынат.
Эңсегенге кол жетет,
Эмгекке баары багынат.

## ЛИРАСЫ ДЕДИҢ ЖООМАРТТЫН

Жалындап жүрөк умтулуп,
Жалгыздап сүйгөн жалжалым.
Кучакташып ойносом,
"Жароокер болсоң билгин" деп
Жазылган ырды арнадым.

Окуп көрдү кайталап,
Ойлонуп токтоп турбады.
Мындай деди акырын,
- Сөздүн да болот кырдаалы
Жоомарттын сүйүү ырлары...

Лирасына Жоомарттын,
Теңелбейт, деди ырыңыз.
Элеси маркум акындын,
Мезгилсиз ишке өкүнүп
Жүрөктүн башы этет тыз.

## ЭСКЕРЕМ

Өмүр бою акыйкатты жактаган,
Терең ойчул чебер элең адамдан.
Ар бир сөзүң, эл сезимин ойготуп,
Сенин атың бүт дүйнөгө тараган.

Сенин сөзүң, душмандарды күйгүзгөн,
Сенин үнүң-келечекти билгизген.
Сенин демиң, адабият ишине,
Нечен сонун күчтүү таасир киргизген.

Сенин ырың-таамай тийген ок болгон,
Сен жек көргөн тап душмандар жок болгон.
Прозанын түгөнбөгөн байлыгы,
Тизмектелип жүрөгүнө топтогон.

**Окуганда ээрчий берип артынан,**
**Чыгармандын кучагына тартылам.**
**Пролетардык көрүнүктүү жазуучу,**
**Сени эстейм, жүрөгүмө калтырам!..**

*"Ленинчил жаш"*
*20 - июнь, 1946 - жыл*

## АЛЫСТАН КАТ

**Кусадар жанга даанышман,**
**Кучактап моюн алышкан.**
**Кадыркечим сага арнап,**
**Кат жиберем алыстан.**

**Жүрөгүм туйлап кабынан,**
**Жароокер сени сагынам.**
**Жансыз да болсо бул катты,**
**Жанындай көрүп кабыл ал!**

**Кыргызымдын кызы деп,**
**Кылыктуу жарым ушу деп.**
**Сени сүйдү жүрөгүм,**
**Сен үчүн зарлап күйөмүн.**

**Олтуруп алтын жанында,**
**Ойной турган чагымда.**
**Өлөрман фашист сагалап,**
**Өлкөмдү каптап жабылды.**

**Эрикken куштай ээлигип,**
**Эт жүрөгүм желигип.**
**Көтөрдүм колго куралды,**
**Көнүлдөш сенден бөлүнүп.**

**Көп ойлоп эрте-кечинде,**
**Намысым кайнап сезимде.**

Уюлгуган күч менен,
Урушта жүргөн кезимде.

Табийгат чиркин тил албай,
Тагдырды чечип биле албай.
Чалыктым кургур ооруга,
Чаалыгам күндө, көнө албай.

Урматын эстеп айлымдын,
Убайым тартып кайгырдым,
Көңүлүмдү бөгөтүп,
Госпиталды жай кылдым.

II

Жай табалбай шашсам да,
Жалындуу чокко батсам да.
Жаратым кыйнап жанымды,
Жaлooрyп жалгыз жатсам да.

Ашык жар кандай турат деп,
Ар минут сайын эстедим.
Азапты салып санаага,
Акылдан күн-түн кетпедиң.

Ээрчишип бирге басканым,
Эзилип кумар жазганым.
Эртели-кеч сени ойлоп,
Элесиң эсте жаш жарым.

Кызыгын эстеп дүйнөнүн,
Кыз чагында сүйгөмүн,
Кылыгың жанды ээритип,
Кыймылсыз сырды билгеним.

Ашыгып кумар чеккеним,
Алкымдан жыттап өпкөнүм.

Алыс жол жүрсөм чыркырап,
Айлантып жашын төккөнүм...

Саамай чачың булайып,
Самаган жанга ылайык.
Саламат болсом барармын,
Сагынба курбум муңайып!

Жаңы кайрат күч менен,
Жарышып бирге иштеген.
Кыймылыңды элестеп,
Кызык-кызык түш көрөм.

Кадырым сактар ынагым,
Кайраттуу болчуу курагың.
Тыкандык менен иш кылып,
Тылдагы ишти чыңагын!

Айыксам кайра камданам,
Азамат эрче шанданам.
Айласы кеткен душманга,
Аёсуз катуу чаң салам.

*"Советтик Кыргызстан"*
*12-октябрь, 1943-жыл*

## КЕЛИНДИН КАТЫ

Тагдырым балкып чечилген,
Талпынып жүрөк жетилген.
Таалайымдын шериги,
Таң кетпейсиң эсимден.

Жүрөгүмдүн канысың,
Өмүрүмдүн жанысың.
Өзгөчө сүйүп каалаган,
Өчпөгөн ойдун шамысың!

Ашыгып чиркин көңүлүм,
Арналган сага өмүрүм.
Баскамын бекем энчиңе,
Жүрөгүмдүн бөлүгүн...

Көп ойлонуп жабыгып,
Көңүлдү бөлүп камыгып.
Курдашыңды элестеп,
Кусадар болбо сагынып.

Жалтанып артта калбагын,
Жапырып жоону жайлагын!
Тыкандык менен иш кылат
Тылдагы сенин жалжалың...

Фашистти Совет женди деп,
Бакыттын доору келди-деп.
Келериңди күтөмүн,
Кызыл туу колдо желбиреп.

*1943 - жыл*

## ЖАШ ЖУМУШЧУНУН ЫРЫ

Сталиндик доордо,
Ырысы артык жаштардын.
Ынтаалуу болуп киришип,
Станокту башкардым.
Ар бир айлык нормамды,
Ашыгы менен аткардым.

* * *

Чабал адам өңдөнүп,
Чаалыкканды сезбеймин.
Өлкөмө пайда келтирип,
Өз ишимди эстеймин.
Өрттөй жанган кез ушул.
Өндүрүштөн кетпеймин.

* * *

Жыргал менен толкундап,
Жылдан-жылга толомун.
Беш жылдыктын ичинде,
Алдыма максат коёмун:
Талыкпастан иштеген,
Такшалган адис боломун.

## ЖҮРӨКТӨ

Земнухов менен Тюленин
Нечен жоону жайлаган
Кошевой менен Шевцова,
Кайратынан талбаган.
Громова баатыр кыз,
Кызыл гүл эле жайнаган.
Намыстанып ушулар,
Эл үчүн жанын арнаган.

Кан төгүлгөн учурда,
Антташып бирге түнөшкөн.
Жашыруун уюм түзүшүп,
Эркиндик үчүн күрөшкөн.
Ар күн сайын душмандын,
Айла-амалын түгөткөн.
Краснодондук жаштардын,
Элеси кетпейт жүрөктөн.

Комсомолдук атакты,
Актагандар ошолор.
Темирдей катуу тартипти,
Сактагандар ошолор.
Акыйкатты түбөлүк,
Жактагандар ошолор.
Элим сүйүп унутпай,
Мактагандар ошолор...

## КАНАЛЧЫ ЭЖЕМЕ

Ысык нурун,
Күн жайылтып чачса да.
Куюлушуп,
Кара терлер басса да.
Оюң менен,
Болбоочудай көрүнүп.
Уч-кыйры жок,
Чоң мейкиндик жатса да.

Алпурушуп,
Катар тарткан эл менен.
Күчү тоодой,
Каткырыктуу дем менен.
Сөзү ширин,
Көзү оттой жайнаган.
Булчуңу чың,
Кайраты мол эр менен.

Албай тыным,
Кирдиң ишке камыкпай.
Керилип бек,
Кетмен чаба талыкпай.
Чын эжеке –
Антпей баатыр чыгабы?
Зор мелдеште,
Өзүн-өзү таанытпай.

Бул курулуш,
Ардактантат, мактантат.
Шайыр эже,
Дагы сени шаттантат
Эмгегиңди
Улуу тарых озунуп,
Өчкүс кылып,
Барагына каттaлтат.

Алтын эже!
Тааныткын сен өзүңдү
Дагы тез-тез
Артылт кайрат, күчүңдү
Куттуктайбыз,
Жарыялап, тынымсыз
Ушул-ушул
Сенин сонун ишиңди!..

*"Ленинчил жаш"*
*21 – апрель, 1941 – жыл*

## ЖАМБЫЛ АБАМА

Өткөрдүң жашап кылымды.
Өмүрлүк сүйөм ырыңды.
Акылга акыл кошконсуп,
Айтууга шашам сырымды.

Бир эсе терең ойлонуп,
Турмушуң менен таанышам.
Бир эсе, ырың талпынтып,
Кыялым менен жарышам.

Бир эсе, сенин домбыраң,
Шаңданып үнүн чыгарат.
Бир эсе, колуң ойноктоп,
Эңсеген көңүл кубанат.

Бир эсе, айткан болосуң:
"Экинчи жергем Кемин-деп,
Абалтан айлым бир конгон
Ак калпак кыргыз элим"-деп.

Кадырлап Аба ырыңды,
Казак эли мактанат.
Эч качан кетпей жүрөктөн,
Элесиң бекем сакталат.

(Кымбат баалап доорунда,
Кыялдын күүсү – акынды);
Урматтап кыргыз жаштары,
Унутпайт сенин атынды!..

## ОРТО-ТОКОЙ
*(поэма)*

Жолоочу түнгө калса соо калбастан.
Өзүнчө эл ичинде болуп дастан,
Жырткычтар мекен кылып өкүм сүрүп,
Бир кезде Орто-Токой мунга баткан.

Ал кездер эч убакта ойдон кетпес,
/Болгонду так айтууга тилим жетпес/.
Алиге көз алдымда – унутулбайт,
Капчыгай арасында болгон элес:

Кирген суу экиленип катуу агат,
Шарынан үйдөй таштар ала салат.
Жаз айы... Токон деген шордуу жигит,
Кочкордон Балыкчыга бара жатат.

Эртеден кечке чейин барды тынбай,
Арманын зоок кылып ырдай-ырдай.
Чарчады, курган жаны тили курган,
Негедир ашыкса да жол арбыбай.

Түн кирди. Түк көрүнбөйт бардык тарап,
Элеңдеп эки жагын шашат карап.
Тагдыры ошол болсо айла канча?
Колунда ишенгени четин таяк.

Аңгыча туш-туш жактан сабалашып,
/Бирине – бири жетип аралашып/.

Алдынан кесе чыкты топ карышкыр,
Шордууну капысынан камалашып.

Эт жүрөк "болк – болк" этип ошол замат,
Эки көз айласыздан оттой жанат.
Көңүлгө төтө болуп жакын жерде,
Болсочу конгон айыл атаганат!

Качырып бир карышкыр бурдап калды,
Керилип таяк менен Токон салды.
Жыгылды жол боюна бутун серпип,
Жошултуп чыкыйынан арам канды.

Экинчи дагы бирөө дагы жетти,
Жан коргоп шашканынан жерди сабап,
Таягы тең бөлүнүп ыргып кетти.
Айласыз, сапар жолу торголобу ?
Камыгып, карышкырга жем болобу ?
Болбосо аянычтуу абал менен,
Тез гана жаңы акыл ойлонобу?

"Энекем кабарымды укпай-сезбей,
Муңканып эртели-кеч, эстей-эстей.
Акыры тагдырына капа болуп,
Өмүрү өтүп кетер көксөй-көксөй"...

Ушинтип, кайран жигит туталанып,
Ыргыды кең өзөнгө чуркап барып.
Тентек суу таштан-ташка ургулады,
Шордууну кучагына тартып алып...

Убакыт өзгөрүлүп өтө берди,
Көсөмдөр бардык ишти чече берди.
Жаркырап октябрдын таңы атып,
Кайгы – зар эл ичинен кете берди.

Мекеним өзгөрүлүп жайы – кышы,
Жыл сайын бүтө берип, зор жумушу.

Планга киргизилип Орто – Токой,
Башталды кызуу түрдө курулушу...

Бир эсе, жаткан өңдүү жерлер көчүп,
Тасмадай сонун жолдо "зып-зып" этип,
Капчыгай ичиндеги шаарчага,
Тез эле учкан куштай бардык жетип.

Чубашып өтө берер айлар, жылдар,
Биздин күч, дагы нечен зор иш кылар.
Мактанам эркин гана ошол кезде,
Жүрөктө төмөнкүдөй айтар сыр бар.

"Баягы Орто – Токой такыр бөлөк,
Шаары бар, капчыгайды шаңга бөлөп.
Баягы жиндиленген агын сууну,
Нур элим эмгек менен койгон бөгөп.

Баягы карышкырлар өкүм сүргөн,
Капчыгай азыр жарык таасирленген.
Баягы, Токон майып болгон кысык,
Жогору көтөрүлгөн бетон менен.
Көлүмдөн кең - кесири пайдаланып ,
Дыйкандар сугарышат жерин кенен"...

*Сентябрь, 1946-ж.*

## ЧАЛГЫНЧЫ

*(поэма)*

Капа болуп, томсоргонсуйт кара жер,
Күчүн жыйнап, ызгаарданат соккон жел.
Кетип барат чалгын чалып Керимбек,
Кошо жүрөт жанында бир кызыл шер.
Ачууланат, ызырынат душманга,
Кыргызымдан эр төрөлгөн уулун көр!

Чалгынчылар байкап барат – сактанат,
Туман каптап, түнөргөнсүйт чар тарап.
Душман жаткан жерди билип кайтышып,
Штаб берген тапшырманы аткармак.
/Биздин эрлер бар кайратын көрсөтүп,
Улуу сында – сында өтмөк такшалмак/.

Эки баатыр арстандай сүр менен,
Баратканда эң шамдагай түр менен.
Капысынан калың душман кыйкырып,
Удаа-удаа ок чыгарды дембе-дем.
Керимбек да автоматын белендеп,
Мындай деп: "Жоодон коркчу мен белем"

- "Жолдош боец! Бол жөнөгүн ылдам кайт,
Эр азамат кезегинен кур калбайт.
Ок жаадырам, кайсай берем жалтанбай,
Сени кууп, бир да душман жете албайт.
Баш аламан шашып аткан октору,
Уча берет, жерге тийет – тытырлайт".

- "Сен келгиче күч жетишет мендеги,
Жолдошуңдун бир эрдигин көр – деди.
Атышамын, кармашамын тынымсыз,
Дароо жеткин кабарды тез бер – деди.
Жоокерлерди өзүң баштап ээрчитип,
Душман күчтүү, токтолбостон кел" – деди.

- "Эсть!" деди да, жолго түштү кызыл шер,
Ок чуулдап, куурулгансыйт кара жер.
Элин сүйгөн, жерин сүйгөн баатырга,
Ай – ааламдан кана кимдер тең келер?
Ылгай билген акыйкатчы адамдар,
Эр күчүнө толкунданар – термелер...

Душман бир топ, мөндүрдөй көп ок атат,
Баатыр жалгыз, бул да тынбай атат бат.

Сырын билген автоматы колунда,
Буйдалбайт түк, тез иштетет шапа – шап.
Ээн жерде жалгыздыгын билгизбей,
Ок чубуртуп көздөгөнүн сулатат.

Тентек октор кийимин тытып жулса да,
Бара – бара кыйсүбөөсү сынса да.
Тула бойдон кызыл кандар чубуруп,
Алсыз жанды алсыратып турса да.
Кайра күчөп, кайратынан жанган жок,
Канкор душман басымдуулук кылса да.

Кубандырып улам суутуп көксөөнү,
Мээлегени бир да жаза кетпеди.
Жарадар жан алсызданып турса да,
Керимбектен душман коркуп, сездеди.
Аткан октон нечендери мерт болуп,
Онтоп жатты... максатына жетпеди.

Фашисттерди улам -улам сулатып,
Эки саатча өттү арадан убакыт.
Экиленип уйгу – туйгу жел согуп,
Ички сырды кеткен болот сурашып.
Бири келип, бири кайра жоголуп,
Азоо кыял тынчсызданат чубашып

Кысталышта атууга ок калбаса,
Эр жигитке болот экен каргаша.
Атаганат! Жалгыз ок да чыкпады,
Эр Керимбек жанын чачып караса.
Кадимкидей жоо жарагы шай болсо,
Фашисттерге салбайт беле "тамаша"
Мындай нечен окуяга кезиккен,
Алоолонуп эрдик менен жетиккен.

Ок жаңылса жарылат деп кокустан,
Карагайдын түбүнө бек бекиткен.

Гранатаны алды колго токтолбой,
Бир ордунан тура берди козголбой.

Советтик эл кантип коркот калтырап,
Кагылышта кантип жоодон тартылат?
Эр Керимбек гранатаны ыргытып,
Паана кылат–карагайга жашынат.
Тийген жерде беш немецти жайлады,
Гранатанын сыныктары чачырап.

Жана дагы ыргытылды тууралап,
Токтобостон чачырады гранат.
Арыстандын эң акыркы күчтөнгөн.
Айбатына кантип душман чыдамак?
"Багынбаймын!" – деп кыйкырып Керимбек,
Жоонун баарын кайра сүрдү кубалап.

Шол учурда ээ–жаа бербей чыңырып,
Атылган ок тийди бутка жаңылып.
Кулап кетти бут шилтөөгө жарабай,
Көз чымырап, тили кургап, камыгып.
Баштагыдай басып кетер чама жок,
Баатыр жүрөк басаңдады жабыгып . . .

Ок чыгарбай, өлтүрбөй тез кармашып,
(Эки колун кыймылдатпай байлашып).
"Мына кыраан биздин колго түштү" деп,
"Офицерге" бааруу үчүн айдашып.
Жабалактап келе жатат немецтер,
Керимбекти туткундукка арнашып.

–"Советтердин уулуна жан тең келбес,
Тирүү болуп колго түшчү мен эмес.
Эстеп элим мендей баатыр балдарын,
Качан болсо жүрөгүнөн кем көрбөс.
Бойду бийлейт, чымыркантат–шаштырат.
Көз алдымда өлүм деген бир элес.

–"Тил кесилип, шылдыңдалып, кордолуп.
Мыкаачыга баш ийгиче кор болуп.
"Өлгөн жакшы" дейт Керимбек – ант кылат,
Тынч алалбай ала салып толгонуп.
Эң акыркы убактысын сезгендей...
Уга жүргөн шер өлүмүн ойнолуп.

Тапанчаны жүрөгүнө кармарда,
Шум өлүмгө жаш өмүрүн арнарда . . .
Эркин соккон эт жүрөктү көсөп ок,
Көз жумулуп, кетеринде, арманда . . .
Арман карап бир, шерденип, күч менен,
Эр Керимбек, беленденип калганда . . .

Шаша кеткен эр Кызыл шер баягы,
Эки саатта жетип берип кабарды.
Жиберген бир команда, көрүндү,
Алар эрлер жол татаал деп санайбы?
Шайдооттонуп тездик менен келишип,
Ок жаадырды – тоголотту далайды.

Тыным албай беш саатча атышып,
Кызыл шерлер канды суудай чачышып.
Калың жоого бир да теңдик берген жок,
Алар качты акылынан шашышып.
Түк кайтпаган көргөн–көнгөн салтынан.
Эр жоокерлер түштү жоонун артынан . . .

*Август, 1944–жыл.*

## ГҮЛАЙ
**(поэма)**

Автордон:
Созул обон, созулган!
Мекенимди арала.
Сайра комуз, сайрагын!
Таасир бергин санаама.

Талба калем талбагын!
Чындыкты жаз – ойдоло.
Жүрөктөгү кызыл кан,
Түгөнгүчө жорголо!..

Төгүл ырым төгүлгүн!
Гүлайжанды мактайын.
Перизаттын элесин,
Жүрөгүмө сактайын.

Өзү да сулуу, Гүлайдын,
Иши да сулуу, Гүлайдын.
Ошондуктан токтолбой,
Лиралуу обон чыгардым.
Патриоттук ишине,
Толкудум чексиз кубандым...

Окуй берди перизат,
Сабагы менен алышып,
Желдей сызып убакыт,
Өтүп жатты жарышып...

Класстан – класс атталып,
Сабактын баары жатталып.
Жети жылдык мектепти,
Бүтүрдү Гүлай макталып.

Тал чыбыктай буралып,
Таңданган кыял кубанып.
Айжамалы артылып,
Сулуунун көркүн чыгарып.

Сүйүүнүн күчүн ырбатып,
Жүрөктү козгоп туйлатып.
Келбети көңүл дегдетти,
Жигиттерди ырдатып.

Көрсө жүрөк кубанган,
Көңүлдүн сырын чыгарган.
Тоту куштай үндөнүп,
Толукшуган – буралган.
Сымбаты артык адамдан,
Айдай сулуу Гүлайжан.

Тагдырыңды чечет – деп,
Кимди сүйөр экен – деп.
Далай жигит сыздады,
“Сырды билер бекен” – деп,

Менменсинген жигитти,
Бирин да “барк” кылбады.
Жыл артынан жыл өтүп,
Неченди көрдү – сындады.
Акырында кандайдыр,
Таасири бар бала эле,
Таң калткандай кыйланы,
Асанды сүйүп Гүлайдын.
Жүрөгү тез – тез туйлады.

Жаш чагынан эрке өскөн,
Жаш өспүрүм жаш бала.
Адамдан назик кыялы,
Окшобогон башкага.
“Жигит” дешип мактаган,

Көргөн адам таңдана.
Жаңы турмуш нурунда,
Өсүп чыккан шаңдана.

Институтту бүтүрүп,
Мугалим болгон жаңыдан.
Ак ниет менен киришип,
Агартуу жолун тааныган.
Агай дешип жаш балдар,
Артык көргөн жанынан.

Жалындуу өрткө чөмүлүп,
Сүйдү Гүлай Асанды.
Учкул кыял алоолоп,
Бир нокотко такалды.
Жан шериги Асандан,
Мындай деген кат алды.

"Сүйдү сени туйлаган эт жүрөгүм,
/Орундайбы, билбейм чиркин тилегим?/.
Сүйбөсөң да, бул катымды окуп чык,
Үмүтүм чоң, үзүлбөйт түк күдөрүм.

Түпсүз кыял, чубалжыды - созулду,
Чиркин сүйүү, жүрөгүмө кошулду.
Жалындуу сөз, ак кагазга из салып,
Калемимден сыя тынбай жошулду.

Сезчи жаным! Жалындаган сөзүмдү,
Сүйүү оту көзгө элестеп, сезилди.
"Соккон жүрөк" көөдөнүмдү туйлатып,
Жалгыз сага жалооруду – чечилди.

Ашыксам да, убактылуу, жетпедим,
Жүрөк туйлап минут сайын эстедим.
Жароокер кыз түн уйкумду түгөтүп,
Деги койчу түшүмдөн да кетпедиң.

Жаным Гүлай жүрөккө так урдуңуз,
Көп ойлонтуп, мени убара кылдыңыз.
Өмүрлүккө турмушту бир курууга,
Талаптанат ашык болгон курбуңуз...”

Гүлайжан окуп бул катты,
Толкуп кетти жүрөгү.
Мындай деди, ичинен:
“Орундайт жаштын тилеги”...

Күн артынан күн өттү,
Эки жаш далай сыр чечти.
Ошол гүл, ошол булбулду,
Сүйүүнүн күчү бийлетти.

Сүйүү чиркин-тагдыр да,
Өкүмгө баш иймекпи!..
Чынында ал алоолоп,
Туйлата берет жүрөктү.

Кериле басып жанашып,
Гүлдөгөн колхоз айлында.
Эки жүрөк пар келип,
Эзилишкен чагында.

Турмушту бирге курушуп,
Максаты ишке ашарда.
Комиссардан бир күнү,
Повестка келди Асанга...

Жанаша басып ээрчишип,
Жашыган Гүлай түр менен.
“Кош!” деди Гүлай акырын,
Жалооруп назик үн менен.
Автобуска түшүрүп,
Кучактады, сыйлады.
Сыдырым согуп жайкы жел,

Аймалап бетти сылады.
Автобус кирип кыймылга,
Артынан чаңы бурады.
Ашык жар ылдам келгин деп,
Айжамалдуу Гулайжан.
Жоолугун тез – тез булгады!..

Жүргөн кезде Гулайжан,
Башынан кетпей эркелик.
Кандуу согуш башталып,
Кызматка чыкты белсенип.
Гулайды мактап үн кошуп,
Курбулар комуз чертелик.

Жайкы таң атат агарып,
Ошол аткан таң менен.
Гулайжан жөнөйт жумушка,
Жаңы кайрат, шаң менен.

Курбулардан калышпай,
Күжүрмөн болду ар иште.
Өндүрүштө сыналып,
Жетише берди жеңишке.

Болуп жаткан абалды,
Туюнтуп – жаш карыга.
Күндөлүк жаңы газеттен,
Окуп берет дайыма.
Аскерге жардам берилсе,
Душманды тез жеңерин.
Дүңгүрөгөн той болуп,
Балдары үйгө келерин.
Түшүндүрдү баарыга,
“Бер” деди жардам жабыла.

Колхозчу эр, аялдар,
Көңүлдөрүн бурушуп.

Гүлайдын айткан бул сөзүн,
Толкундашып үгүттү.

Армияга арнашып,
Күн – түн дебей камдашып.
Сапатына жараша,
Бир четинен тандашып.

Нечен жылуу кийимди,
Жөнөтүштү дембе – дем.
Болгон жок, бир да колхозчу,
Колунан жардам бербеген.

Күндөн – күнгө чыңалып,
Улуу сын да сыналып.
"Үгүтчү, жаш кыз" аталды,
Орден менен сыйланып.
Үндөн – үнгө кошулду,
Гүлайдын аты ырдалып.

Шанданган күүлөр чертилди,
Комуздун бети тырмалып.
Толкудум мен да дегенсийт,
Теректин башы ыргалып...

"Душманды тез жеңгин – деп,
Салтанат менен келгин – деп.
Күжүрмөн болду тим жатпай,
Гүлайынды көргүн" - деп.

Сайма менен кат жазып,
Жүрөгү туйлап бат жазып.
Ак шайыдан даярдап,
Жүрсүн, деп жаным – жүз арчып.

Көптү көрүп машыгып,
Көңүлү толкуп ашыгып.

Жиберди белек Асанга,
"Тийсе экен" деп шашылып.

Кыш кунүнө бардык жан,
Даярдык көргөн камынып.
Күн артынан күн өтүп,
Кыш да келди чамынып.

Айлана тегиз түнөрүп,
Кар бороонго айланган.
Гүлайжан ошол учурда,
Башчысы болуп фермаңын,
Көпчүлүктө шайланган.

Атка минип перизат,
Жылкыларды тейледи.
Абийир, атак тапсам – деп,
Көп ойлонуп дегдеди.

"Жоокерлерим минсин деп,
Жалтанбай жоого тийсин деп.
Кыз таптаган ат дешип,
Кызматымды билсин деп".

Согушуп жаткан эрлерге,
Салам айтып жүрөктөн.
Нечен – нечен эң сонун,
Азыйында үйрөткөн.
Аккуладай жулкунган,
Ат жиберди түлөткөн...
Согуштун катуу кезинде,
Турмуш дагы өзгөрдү.
Жүрсө да элде перизат,
Түрдүү шартка кез келди.
Кыйын – кыйын күндөрдү,
Башынан нечен өткөрдү.

Таасири башка мээримге,
Жайкы күндүн бириндe.
Бүдөмүк болуп чар тарап,
Кап карайган иңирде.

Салкын төрдө элирген,
Марчасын жалап кемирген.
Кулаңдай туйлап даң салып,
Жашаң чөп оттоп семирген.

Колхоздон чыккан туу чунак,
Субайлардын жанында.
Минген атын откоруп,
Тизгинин түрүп жаагына.

Жоолугун оңдоп Гүлайжан,
Камчысын кысып карыга.
Эс алып кел деп жиберип,
Жылкычысын айылга.

Эр жигиттей сурдана,
Жайлоодо жалгыз турганда.
Айлана улам күгүмдөп,
Чыкты жылдыз бириндеп.

Бир орунда турбаган,
Шымаланган бир кыраан.
Гүлайга даана көрүндү,
Жогорку жактан, жылгадан.

“Не кылып жүргөн адам”?-деп,
Бул көрүнүш жаман деп.
Атына минип камына,
Бастырып барды жанына.

“-Караңгыда уурданып,
Не кылып жүргөн адамсың.

Дайныңды айтчы билейин,
Кайсы айылга барасың?"-
Деди Гүлай тез гана,
Уу сепкендей сөз сала.

Ордунан бир аз козголуп,
Сүйлөй албай токтолуп.
"-Тим эле жүрөм "-деп ууру,
Мукактанады мостоюп.

Уйгу – туйгу тынымсыз,
Тентек жел союо баштады.
Кайра – кайра сөз сурап,
Негедир Гүлай шаппады.

Ал аңгыча болгон жок,
Бүргөдөй ыргып секирди.
Тизгинге келип жармашып,
-"Аттан түш!" деп жекирди.
Жакадан кармап муунтуп,
Гүлайдын шайын кетирди.

Каяша кылар ал барбы,
Кайдан күтөт жардамды?
Сурданган ууру кончунан,
Суурул чыкты канжарды.

Ачык күн дароо бүркөлдү,
Асманды булут чүмкөдү.
Тетири согуп тентек жел,
Түнөрө түштү кара жер...

Жаш баладай жайкы күн,
Бир калыпта турбастан.
Сүрүлүп булут бир паста,
Ачылды кирсиз кең асман.

Жымыңдады жылдыздар,
Түн көркү биз дегенсип.
Мемиреди айлана,
Кыялга таасир бергенсип.

Жылкычы жигит Мамырбай,
Айылдан чыгып аттанып.
Жай бастырып баратты,
Өзүнчө ырдап шаттанып.
Минген аты коишкуруп,
Токтой калды бир кезде.
Улам – улам жалт берип,
Баспай койду "чү!" десе.

-"Эмнеге үркөт?"- деп,
Эки жагын каранды.
Көрдү ошондо Мамырбай,
Кыймылсыз жаткан бир жанды.

Түшө калып байкаса,
Жараланып Гүлайжан.
Дарманы кетип кыйналып,
Жаткан экен араң жан.

Үйүнө келди өңөрүп,
Жараланган Гүлайды.
О, чиркин! Ата – эне...
Айласын таппай муңайды.

Айылда кыз, келиндер,
Кабагы карыш салынып.
Сакаяр бекен дегенсип,
Гүлайды тиктейт жабыгып.

Бир эсе санаа жүрөктө,
Чиймеленип – чырмалар.

Балким такыр айтылбай,
Бек сакталган сыр калар.

Шайыр мүнөз, назик ой,
Эрксизден жай болуп.
Кыйналгандан чыдабай,
Маанайы өтө пас болуп.

Жаратынан жай таппай,
Жаш кылгырып көзүнөн.
Тили курган талыкшып,
Суу кетпеди эсинен.

Балапандан куш кылган,
Бакытты көздөп туш кылган.
Салмагы тоонун ташындай,
Санаадан кеткис иш кылган.

Ардагым апа ыйлаба,
Алсыз жанды кыйнаба.
Тирүү турган кызыңа,
Телмирип бекер муңайба.

Гүл бактын ойноп жанында,
Гүлдөй турган чагымда.
Жаралуу болуп жабыктым,
Жай табалбай камыктым.

Кантсем көңүл ачамын,
Кантсем эркин жатамын.
Өмүр чиркин жаш чакта,
Өтөбү деп капамын.

Азапка бекем чалындым,
Акылдан танып зарылдым.
Чоочубай апа чоочубай,
Аманын тиле жанымдын...

Муну айтып, Гүлай тиштенип,
Араң – араң козголду.
Эки көзү тунарып,
Сүйлөй албай токтолду...

-“Оңбосун ууру оңбосун!
Гүлайыма асылган.
Жаңы ачылган гүлүмдү,
Жаралуу кылды жашынан”...

Туулгандан жалгыз кыз,
Перзентимсиң садага.
Керсары болуп алсырап,
Кейишти салдың санаага.

О, чырагым телмирбе,
Жаратка даба табармын.
Тагдыр чиркин тил алса,
Айыктырып алармын.

Аянычтуу жалооруп,
Кейитпечи апаңды.
Карыган кезде настатып,
Жашытпачы атаңды.

Деп карт эне Калыйпа,
Жашын төгүп жиберди.
Кара чырак үлпүлдөп,
Үйдүн ичи түнөрдү...

Дастанымдын баатыры,
Эмгек кызы Гүлайжан.
Ошол түнү таң сүрө,
Больницадан жай алган.

Керсары болду ушинтип,
Керимдин айдай баласы.

Кесепеттүү уурунун,
Кылган ишин карачы.
Өлүмдү сезе – элестейт,
Гүлайдын учкул саанасы,

Көкүрөккө так салып,
Ырбап кеткен жарадан.
Сакайып таза айыга албай,
Көп күн өттү арадан.

Күндөрдүн бири ... чак түштө,
Эшикти ачып шашыла.
Мындай деди сестра,
Гүлайдын келип кашына:

-"Сени сайган кан ичер,
Жүргөн экен сактанып.
Кечээ күнү кечинде,
Түшүптүр колго калтаарып.
Шум Саты" – деп милиция,
Түрмөгө салды алпарып.,

Он алтынчы жылында,
Падышаны жактаган.
Элден четтеп – жат болуп,
Кантер айла таппаган.

Кыргыздардан бөлүнүп,
Кытайды жердеп күн көргөн.
Басса-турса ой ойлоп,
Басмачы болуп үйрөнгөн.

Мамай деген манаптын,
Баласы экен кыянат.
Айласыз колго түшкөнгө,
Ант ичкендей кубарат.

Жалгыз-жарым адамды,
Көргөн жерде олжолоп.
Жүргөн экен бир топ күн,
Тоо таштарга корголоп.
Пайдаланып согуштан,
Келген экен атайын.
Чыккынчы шумду аёсуз,
Закон берсин сазайын...

Бул кабарды укканда,
Шердене түштү перизат.
"Көкшүнүм эми сууду"-деп,
Ичтеги сырын айтты бат.

Эки көзү жалжылдап,
Күйгөн шамы балбылдап.
Араң – араң жөтөлүп,
Башын өйдө көтөрүп.
Кроваттан козголду.
Эрдин тиштеп кекенип.

Гүлайжаным жай гана,
Калем алды колуна.
Ак кагазга кат жазды,
Асаны түшүп оюна.

"Канды кечип жоо кырып,
/Кадырлашым Асаным!
Кайгырсам көңүл ачарым/,
Жүрөсүңбү саламат –
Жүрөктүн жарпын жазарым!..

Алсаңыз менден кабарды,
Айламды таппай зеригип.
Жөнүгө албай жараттан,
Докторлорго көрүнүп.

Жалооруп жатам айласыз,
Жаным!, сенден бөлүнүп.

Согушка барбай, жоо кырбай,
Же, колхозумда соо турбай.
Жаралуу болгон убагым,
Айлам барбы чыдадым.
Сакаямбы ким билет?
Орто жолдо турамын.
Жеңиш менен айлыңа,
Аман кел, ашык ынагым!

Жаш да болсом жармашып,
Жанымды кыйнап арбашып.
Теңдешсиз жарат ырбады,
Телмирдим ойду муң басып.

Жаным кейип чайналып,
Жата албадым жайланып.
Сары оору болдум тим эле,
Санаам санга айланып.
Эсимде жок кечегим,
Эмнелерди сеземин.
Керилген өмүр он сегиз,
Келбейтко кайра кезегиң!/
Жаным, Асан сен десем,
Жалындуу чокту кечемин.
Томсоромун антпесем,
Токтоно албай кетемин.

Кайгырып өткөн жашынан,
Кыз Жибекке тетемин.
Өзүң менен кошулуп,
Өзгөртүп жаштык кезегин.
Сүйүүнүн бек түйүлгөн.
Сырларын качан чечемин?

Көңүлү жарык чайыттан,
Көп жылы иштеп каныккан.
Мен жаткан ооруукананын,
Доктуру жакшы табыптан.
Ажалы жоктун баарысы,
Аз гана күндө айыккан.
Асеке! Капа болбогун,
Айыгып жаным камыккан.

Көөдөнгө так калтырып,
Көкүрөк толгон дартым бар.
Кошулар жүрөк өлбөсө,
Кош, Асаке сүйгөн жар!.."

Ашыгына жазылган,
Гүлайдын ушул саламы.
...Алыста жүргөн согушуп,
Асандан кабар алалы...

* * *

Күн бүркөлүп карарып,
Жамгыр карга айланып.
Долу шамал күч алып,
Уруп турду бурганак.
Эрксизден теңселип,
Калың токой ыргалат.

Душмандын колу жутунат,
Боортоктоп, тырмалап.
Атылган октор озондоп,
Ажалдын үнү ырдалат.
Тынчы кетип айлана,
Жан-жаныбар муңданат.
Кек сактап ичке баатырлар,
Ачууланат, сурданат...

Кулак мээни тундуруп,
Замбиректер атылат.

Тийген жери бурк этип,
Мейкин талаа казылат.

Батальонду башкарып,
Жоо көзүнө көрүнбөй.
Команда берип майданда,
Тартипти сактап темирдей.

Душман менен кармашып,
Ажал менен арбашып.
Асан да жүрдү бел чечпей,
Эл таалайын талашып.

Бомбалар түшүп, тынымсыз,
Бузулуп жатты темир жол.
Айыгышып турду ок атып,
Ызырынган эки кол.
Больницада баягы,
Гүлайжан жазаган салам кат.
Тийди ошол учурда,
Алды Асан шашып бат.

Катты окуп Гүлайын,
Элестетти көзүнө.
Төмөнкүдөй ой ойлоп,
Кайрат берди өзүнө.

"Канкор душман кол сунуп,
Кандуу согуш болбосо.
Жат буту тепсеп жеримди,
Сезимге намыс толбосо.

Кадырлашып, сыр чечип,
Гүлайжандын жанында.
Кадимкидей жайдары,
Жүрбөйт белем айлымда.

Анда кыздар мал багып,
Чыкпайт эле талаага.
Айдай бетин сумсайтып,
Батпайт эле санаага.

Каныма – каны барабар.
Жан шеригим Гүлайжан.
Болбойт эле жарадар.

Окту аралап жүрсөм да,
Чыкпас жаным эсимден,
Душманга такыр убал жок,
Тынччылыкты кетирген...”

Жакын кирип келишкен,
Душмандын колу көрүндү.
Ажалдын оту алоолоп,
Ок мөндүрдөй төгүлдү...

Атакага өтүүгө,
Кызылдарды чакырып.
Каарданып алдына,
Өзү кирди качырып.

Алга...алга...алга! – деп,
Бириң артта калба! – деп.
Команда берди, эр Асан,
Жеткенинди жайла – деп.

Ызырынган эки кол,
Аралашты майданда.
Кездешкен мындай учурда,
Баатырлар калбас арманда...

Курч болоттон жасалган,
“Найзалар” менен урулуп.
Кан кусуп жатты калың жоо,
Катарлашып жыгылып.

Улам күчөп эр Асан,
Мылтыгын бекем кармады.
Кара ниет душманды,
Каршы-терши жайлады.

Кармашта чыдап тура албай,
Кара жандан түңүлүп.
Калчылдаган көп немец,
Качып берди сүрүлүп...

Командирлик ишинде,
Туруктуу иштеп ар дайым.
Алкыш угуп күнүгө,
Жарык кылып маңдайын.

Жүрөгү оттой жалындап,
Душманды согуп кыйратып.
Тирүүлөй колго түшүрүп,
Баш кесерди ыйлатып.

Муңдууларды күлдүрүп,
Шаттандырып ырдатып.
Күндө шаар бошотуп,
Кыйналганды жыргатып.

Кызылдар менен бирдикте,
Улам алга баш коюп.
Жүрө турсун эр Асан,
Баатырлык даңкка баш коюп...
* * *
Арадан туура жыл өтүп,
Айланып кайра жай келген.
Гүлайжан таза сакайып,
Атка минип шерденген...

Чөп чабылып жаткан кез,
Бардык эл ишке шашкан кез.

Өрүштүү колхоз айылын,
Эмгектин шаңы баскан кез.

Эркин өскөн жашаң чөп,
Сокон желге термелет.
Чиркин кыял тынымсыз,
Күнгө да барып сермелет.

Тоюткор арбын камдалса,
Санаа тынчып каларын.
Кыштан аман асырап,
Малдарын семиз багарын.
Ийгиликке жетишип,
Байгени арбын аларын.
Айтып, ар бир малчыга,
Эмгек менен алышып.
Керели кечке Гүлайжан,
Талаанын чө ан ооруй баштады.

Күйүтү күчөп ашынап.
Уктай албай түн бою,
Улутунду Гүлайжан.
Кызыл чокко түшкөндөй,
Кыйналды го кайран жан!

Күңгүрөнүп өзүнчө,
Күйүттүн минип кемесин.
Бир азырак шер байлап,
Чакырып алды жеңесин.

Атасынын иниси.
Күрүчбектин аялы,
Адамдан сындуу Сабийра.
Артык болчу жамалы,
Кыз кезинде ал дагы,
Кыйлага бөлгөн санааны.

Күндөй балкып Гүлайжан,
Күн – түн кетпей кашынан.
"Сыначы жеңе кандай?" деп,
Сырын айткан жашынан.

Акылы терең, сөзгө бай,
Таасири жүрөк дегдеткен.
Аңгеме айтса Сабийра,
Эритип жанды терметкен.

"Кайын сиңдим, Гүлай" деп,
Кадырын билгин башынан.
Капа болсо кокустан,
Кайгырып кошо жашыган.

Келиндердин баарынан,
Жакын болчу абыдан.
"Асыл жеңем, Сабыш" деп,
Артык көрчү жанынан.

Куш жүнүн салган жаздыкка,
Чыканактап толгонуп.
Сөз баштады Гүлайжан,
Чыдай албай ойлонуп.

"Сыр билги жеңем Сабийра,
Келчи жакын жаныма.
Минут сайын басаңдап,
Кыйналып барам камыга.

Азиз жандан айрылып,
Ажалды бассам тайгылып.
Өркөнү күчтүү кайран чак,
Өкүнсөм келбес кайрылып.

Айланайын жеңеке!
Мен бир кыргыз кызымын.

Асан менен кошулуп,
Сүрбөдүм жаштык кызыгын.
Жалындаган жүрөктүн,
Таратпадым ысыгын!

Ичим түтөп, өрт болуп,
Уктай албай жөөлүдүм.
Жаш чагымда дүйнөдөн.
Өтөбү кырчын өмүрүм?
Түнкү оюмду үч бөлгөн,
Түрү суук түш көрөм.
Башка келген илдеттин,
Ал, мастаныго шайкелең.

"Айланам аска калдырап,
Азат боюм шалдырап.
Туурумдан адашып,
Тургансыймын жалдырап.
Жомоктон уккан кадимки,
Жез кемпирлер салбырап.
Жабыла мени беттешип,
Жалоортуп эстен тандырат.

Жанымды кыйнап болгон соң,
Жошулган канга тойгон соң.
Эт жүрөгүм болк этип,
Чоочуп кетип ойгонсом.
Төшөгүмдө жатамын,
Түйшүктү тартып капамын.
Айланайын жеңеке!
Бул эмне болучу?
Бул түшүмдү жоручу!".

"Жез кемпир келип мыкчыса,
Куйүтүңдү алганы.
Калдыраса айланаң,
Көңүлдүн кетип арманы.

Аман жүрүп Асаның,
Жоосун торой чалганы.
Аска – зоо болсо көргөнүң,
Заңкайган ак үй салганы.
Сүрдөнүп киши кире албай,
Гүлдөйт экен аймагы...”

Ушундайча Сабийра,
Гүлайдын түшүн жоруду.
...Тынчсызданып перизат,
Сары оору болуп солуду...

* * *

Коңур күз... көңүл көтөрүп,
Сыдырым салкын жел согот.
Жол үстүндө бир жигит,
Өтө терең ойлонот.
Кыялданып бир эсе,
Кызыгын эстеп дүйнөнүн.
Көп жыл бою көрбөгөн,
Сагынгандыр сүйгөнүн.

“Улам-улам элестейм,
Сөөлөтүн кутман элимдин.
Кумар болдум көрүүгө,
Келбетин сөзмөр келиндин”.

Ушундай ырлар кайталап,
Айтылгансыйт ичинен.
Туулуп, өскөн мекени,
Кетпегенсийт түшүнөн.

Аскердин таза кийими,
Дал боюна жарашкан.
Бул жигит Асан кадимки,
Айлына кайтып бараткан.

Күн кылкылдап батарда,
Поезд келип токтоду.

Кучакташып, көрүшүп,
Тосуп алды достору.

Колунан жыттап Сабийра:
-"Келдиңби" деди саламат.
Эки көздөн ысык жаш,
Агып кетти салаалап.

Белгисиз мындай абалды,
Билбей көңүл тынабы?
Кайын сиңдиң кайда деп,
Кайталап Асан сурады.

"Өлдү деп сени майданда,
Жалган кабар угулуп.
Өмүрлүк сүйгөн жарыңдын,
Саргайып өңү кубулуп.
Күйүттөн ооруп нечен күн,
Кусадар болуп муңайган.
Айласыздан ошентип,
Айрылганбыз Гүлайдан!

Кайран теңиң керилген,
Бөлүнгөн бейпил элиңден.
Түбөлүк уктап мемиреп,
Жай алган асыл жеримден".

Айтып муну Сабийра,
Улутунду жабыгып.
Таш баткандай жанына,
Тагдырына таарынып.

Көңүлү чөгүп, Асандын,
Көзүнөн мөлт-мөлт жаш тамды.
"Айрылдык" деген суук сөз,
Азапка салды жаш жанды...

Кайрат кылчы дегендей,
Азоо жүрөк туйлады.
Өзгөрүлдү Асан да,
Бир калыпта турбады.
Коңур гана үн менен.
Төмөнкү ырды ырдады.
"Жаш тамчылап,
Эриксиз чыдап.
Орундалбай тилегим,
Гүлай үчүн.
Кетип күчүм,
Жараланды жүрөгүм.
Шашпа сенин,
Бүтсүн кениң.
Илим берсин жазанды,
Туздан ачуу.
Ырайымсыз шум өлүм!

Жоону жеңдим,
Үйдү көрдүм.
Багбан болуп жүрөйүн,
Сырды билип.
Назик жүрүп,
Жаштык доорун сүрөйүн.
Бир кездеги,
Жүрөктөгү.
Гүлайжандын кетпеген,
Өртүн эстеп.
Ойлоноюн,
Кадыр – баркын билемин.
Чебер кармап,
Гүлайга арнап.
Өзүм тандап атайлап,
Кайран кыздын.

Мүрзөсүнө,
Гүл айлантып тигейин.

Кулак салгын,
Сыр айтайын!
Гүлайжаным уккун – деп,
Шашпай туруп.
Жоону кырып,
Бир кумардан чыктым – деп.
Булбул болуп,
Бакка конуп,
Назик сайрап кубултуп.
Шаттанайын,
Мактанайын.
Душманымды жыктым – деп.
Сүйгөн жарың,
Чачып жалын.
Маңдайыңа келди деп,
Ошентсе да.
Сени көрбөй,
Мүрзөңүздү көрдүм деп.
Дабыш салып,
Аныкталып.
Үндү бийик созойун,
Сезбей, укпай.
Гөрдөн чыкпай,
Гүлайжаным.
Уктаса да мемирип...

## ЭПИЛОГ

"Жаңы тилек" колхозу,
Көзгө сүйкүм көрүндү.
Бул айылга келгенде,
Көңүлүм көпкө бөлүндү.


Кылт эте түштү жүрөккө,
Гүлайдын назик элеси.
Алдымдан чыкты суу жыгып,
Сабийра атту жеңеси.

Учураштым кол берип,
Сүйлөдү ачып кабагын.
“Мугалим болуп иштейт” деп,
Асандын айтты кабарын.

Гүл айланта тигилген,
Мүрзө турат алыста.
Анда бир сыр барчылап,
Ашыга бердим барышка.

Кара таштын бетине,
Гүлайдын аты жазылган.
Өнүп чыгып бир түрлүү,
Гүлдөр тегиз ачылган...

*Фрунзе, 1946-жыл*



*К.Дүйшеевдин жазуучулар союзунун мүчөлүгүн аныктаган күбөлүгү (удостоверение)*

*Ошол жылдары Аалы Токомбаев союздун төрагасы болчу. Күбөлүктө А. Токомбаевдин колу коюлуп, мөөрү басылган.*

## ДУБАЛ ГАЗЕТАБЫЗДЫ САПАТТУУ ЧЫГАРУУ ҮЧҮН

Биздин мектептин алдында баштапкы комсомол комитети менен окуучулар комитетинин органы болуп чыгуучу "Жаш талант" аттуу дубал газетабыз чыгат. Анда мен редколлегия мүчөсү болуп иштейм.

Дубал газетабыз айына үч жолу үзгүлтүксүз чыгып турат. Окуу жылынын башталышынан тартып, ушул бүгүнкү күндө 20 жолу чыкты.

Газет, жаш кабарчыларды айланасына тартып, аларды тарбиялоодо, окуудан "жаман" деген баа алуучуларга аёсуз катуу күрөштү. Мисалы: 1939-40-окуу жылынын башталышында 15 гана кабарчыбыз болсо, азыр 75ке жетти. Алардын ичинен Калганов, Карагозуев, Ниязалиев сыяктуу бир нече кабарчыларыбыз окуудан "жаман" деген баа алуучуларга жана мектептин ичиндеги тартипсиздерди жоюуга зор көмөкчү болушту. Мисалы: 5-класстын окуучусу жолдош Карагуловдун тартипсиздиги жөнүндө эки сапар дубал газетага чыккан болчу. Ошонун натыйжасында жолдош Карагулов азыр тартипсиздигин жойуп, алдыңкы окуучулардын катарына теңелди.

Мен мындан ары дубал газетаны өз убагында сапаттуу чыгарып турамын.

Дүйшеев Калыйдулда,
Ак кудук, Ворошилов атындагы толук эмес орто мектебинин алдындагы "Жаш талант" дубал газетасынын редколлегия мүчөсү.

"Кызыл мал чарба" 1940-жыл, 5-май, №26 (227)

# БАСМА СӨЗДҮН ЖАРДАМЫ ЧОҢ

Мен 1939-жылдан тартып райондук "Кызыл мал чарба" газетасына кабар жаза баштагам. Бардык газеталарга чыккан кабарлар менен күн сайын таанышып турдум. Ошонун натыйжасында менин күндөлүк сезимим көтөрүлө баштады.

Ошондон тартып мен колхозчуларга, мектеп окуучуларга күндөлүк эл аралык абалдардан окуп берип, түшүндүрүп турдум жана басма сөздүн жардамы чоң экенин көпчүлүк массага түшүндүрүү менен колхозчуларды, окуучуларды газеталарга жаздырдым. Натыйжада быйылкы жыл үчүн 57 окуучуну "Кыргызстан пионери" газетасына, 22 комсомолецти "Ленинчил жаш" газетасына, 43 комсомолецти райондук "Кызыл мал чарба" газетасына жана 5 комсомолецти, "Тянь-Шань правдасы" газетасына, 4 мугалим, комсомолецтер "Кызыл Кыргызстан" газетасына жазылып, алар газеталарын убагында алып окуп турушат.

Мен а деп кабар жаза баштаганымдан тартып, газет бетине чындыкты жазуу менен, кандай материалдарды жазуу керек экендиги жөнүндө редакциянын кызматчыларынан кеңеш алгам. Ошону менен бирге республикалык, областтык жана райондук газеттерге көңүл коюп окуу менен иштеген Стахановчу, ак ниеттүү адамдардын тажрыйбасын жана айрым колхоздордун кемчиликтерин көрсөтүп ишинин оңолушуна жардамчы болдум.

Жеке гана кабар жазуу менен чектелбестен мектептин ичиндеги көпчүлүк жумуштарына да активдүү катышып, мектептин алдындагы баштапкы комсомол комитетинин жана окуучулар комитетинин тили болуп чыгуучу "Жаш талант" аттуу дубал газетанын редколлегия мүчөсү болуп иштейм.

Дубал газетти айына үч жолу үзгүлтүксүз чыгарып турам.

Газеттин технический сапаты эң жакшы.

Мен “Басма сөз-партиянын керектүү тилде жумушчу табы менен күн сайын, саат сайын сүйлөшүп тура турган бирден-бир куралы” деген жолдош Сталиндин сөзүн көңүлүмө туйуу (түйүү) менен бирге, мындан ары газет бетине чындыкты жана айрым стахановчулардын тажрыйбасын жазууга тырышамын.

К. Дүйшеев,

Ворошилов атындагы толук эмес орто мектептин “отличник” окуучусу.

“Кызыл мал чарба” 1940-жыл, 5-май. № 26 (277)




*1945-жылдын 6-июнунда К.Дүйшеевге СССР Жогорку Советинин Президиумунун указы менен 1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы берилген.*

*Бул медаль ага 1946-жылдын 26-мартында тапшырылган.*

## ТЯНЬ–ШАНЬДАН КАТ

### ЭКӨӨ ТЕҢ ЖАЛКОО ЭКЕН

Кыргызстан ЛКСМ Чолпон райкомунун өкүлү жолдош Ильяс Жунусов экөөбүз эл орунга текши отурган кезде "Дөң–Алыш" колхозунун кыштагына келдик. Жумушубуздун ыңгайына карап, баштапкы комсомолдук уюмдун секретарынын үйүнө түшүүнү дурус деп таптык.

Төрдө олтурган жапалдаш бойлуу жигитке учураштык. Ал жигит биз издеп келген баштапкы комсомолдук уюмдун секретары Кубатбек Наматов эле. Бир аз отуруп, жайланышкандан кийин:

– Колхоздун эсепчиси ким? – деп сурап калдык эле:

– Менин аялым – деп жооп берди.

– Колхоздун председателинин орунбасары ким?

– Мен.

– Кампачы ким?

– Мен.

– Кыскасы сиз колхоздун бир белсемдүү активи экенсиз да, деди жолдош Жунусов.

– Ооба, колхоздун анча–мынча жумушу менин күчүм менен эле бүтүп калат, деп ал көөдөнүн көтөрүп да койду.

Узун бойлуу, толмоч келин анын аялы Нурзия Алыяскарова деген эле. Биз, анда жазгы кош айдоого даярдык көрүү жөнүндө колхозчулар тарабынан түзүлгөн пландын текстин сурадык. Колхоздун конторасы үйүнүн жанында болгондуктан, ал улам бир кагазды алып келе берди. Бирок, алардын баардыгы тең ар кимдин жазган арыздары болуп жатат. Нурзия менен Кубатбек экөө анда–санда шыбырашып калышат да, эшикке бир чыгып, үйгө бир кирип, айтоор жандары тынышпады. Эшиктин улам ачылып, жабыла беришинен фонары жок кара чы-

рак тез–тез өчүп турду. Комсомолецтердин милдеттенмеси жазылган кагаз да, колхозчулардын милдеттенмеси жазылган кагаз да табылбады. Ал түгүл, комсомолецтердин иштеп тапкан эмгек күндөрүн жазып жүргөн табельди да таба алышпады. Биз ушул жерден өз ишин так алып жүрө албаган эсепчини "илээнди ишмер экенсиз" деп тамашаладык.

– Комсомолдук уюмда болгон бардык делолоруңузду алып келиңизчи таанышалы, – деп колхоздун конторасына барсак, жолдош Наматов эки барак кагазды көтөрүп келди да: "бардык болгон тасмыябыз ушул" – деп мурчуюп бизди карады.

Колхоздо бардыгы канча комсомол мүчөсү бар, алардын канчасы өндүрүштө, канчасы мал чарбачылыгында иштеп жатат деген суроого аялы да, өзү да жооп бере алышпай мукактанышты. Бул экөө тең ВЛКСМдин мүчөсү, колхоздо эсепчиликти, кампачылык жана баштапкы уюмда секретарьлыкты да ушул экөө талашып алышып, бирок ал ишти аткара алышпай жүрүшсө, унчукпай коё турган жорукпу? "Дөң–Алыш" колхозунда жазгы кош айдоо кампаниясына карата даярдыктын начар авалда жүрүп жатышы жөнүндө да бул экөө жооп берүүгө тийиш.

Наматов менен Алыяскарова колхозду эсеп ишин тактоо менен баштапкы уюмда комсомолдук документтерди тартипке келтирип, өндүрүштө комсомолдук уюмдун ролун көтөрүп, мындан ары өз иштерин жакшыртышар бекен дейбиз.

**Д. Калыйдулда**
**"Ленинчил жаш"**

## ӨКҮНГӨН КЫЗ

Сүйөркул 23 жашына чейин бойдок болуп жүрүшүнө катуу ызаланды. Ал эл катары өмүр сүрүп, турмуш курууну зарыл деп тапты. Бирок, кимди сүйүп, ким менен өмүрлүк турмуш куруу керек? Бул жагы ал үчүн чечүүсүз табышмак эле. Анткени, анын күн мурунтан өзүнө ылайыктап чектеп жүргөн кызы да жок эле.

Күндөрдүн биринде Бактыгүл деген кызды сүйдү. Бойдоктуктан жадап кеттиби, же Сүйөркулдун жүрөгү ошондойбу, айтор биринчи күндөн баштап эле кыздын кыялына мас боло баштады. Бара-бара Бактыгүл да Сүйөркулдун «магнитине» тартылып, сүйүүнүн сулуу жибине чалына берди.

Чиркин сүйүү кандай күчтүү? Адамдын көңүлүн бөлүп, жүрөгүн туйлатып, жел кыялдын кайгына мингизип, түн уйкудан алып, алагды кылат эмеспи. Сүйөркул Бактыгүлдү олтурса да, турса да, жадаганда кызматка барса да ойлой берип, жүдөп да кетти.

Эки жүрөктүн ортосунда нечен жолу сырлар айтылып, нечен түрлүү кездешүүлөр болуп өттү. Нечен түнү бак арасында колтукташып басып жүрүшүп, таңды атырган учурлары да көп болду. Негедир экөөнүн турмуш куруу жөнүндөгү максаттары гана чукул аранын ичинде орундалбай кечиге берди.

* * *

Кечки саат 9 чамасы. Сүйөркул менен Бактыгүл бактын арасынан жолугушту. Колтукташып ары-бери басып жүрүшүп, экөө тең өз пикирлерин айтып өтүштү. Асмандагы сансыз жылдыздар «силердин талабыңар түбөлүк орундайбы, жокпу?» дегенсип жымыңдашат. Алыста чалкалаган ак кардуу тоонун

чокулары элес-булас көрүнүп, көк деңизинде сүзүп бара жаткан айдын нуруна чагылышкансыйт...

-Экөөбүз сүйүү дооруна өттүк. Эми турмуш гана куруубуз калды. Кана Бакиш, турмуш куруу жөнүндө сенин талабың кандай? -деди, Сүйөркул, жаратылыштын адаттагы законун кубаттагандай болуп.

«Ойноп сүйлөсө да, оюндагысын айтат» деген чын сөз экен. Бактыгүл Сүйөркулдун суроосуна жооп беремин деп өзүнүн оюндагысын айтты:

-Ырас жаным! Турмуш куруу деген биздин алдыбыздагы эң жогорку максат. Бирок, ал максатка жетүү үчүн бир топ шарт керек: Биринчи- экөөбүз боло турган тойдо эмнелерге чыгым боло тургандыгыңды эске алгын; Экинчи- алган аялыңа эң кур дегенде бир сыйра кийим- кече камдашың керек; Үчүнчү-үй оокаты үчүн ар түрдүү нерселер сатып алуу талап кылынат. Мына ушулар болмоюнча турмуш куруу супсагыраак болор-деди, Бактыгүл.

-Тойдогу боло турган чыгымымды ага- туугандарым камдайт; Үй- оокатыбыз үчүн керек болуучу нерселер деле акырындык менен табыла берет. Мен азыр бир гана нерсеге-сенин кийим-кечеңе тыйын табышым керек. Кана Бакиш, эмне кийим алуу керек?-деп Сүйөркул Бактыгүлдү бооруна кысты.

-Эгер колуңан келсе биринчи кезекте пальто, тойдо кийе турган жибек көйнөк, туфли, жоолук, желет, байпак, шакек жана башка күзгү, тарак, упабет май сыяктууларды алуу зарыл. Буларды алуу үчүн эң кеминде 7-8 миң акчага чыгым болосуң го жаным, деп-Бактыгүл ылдый карап жер тиктеди.

Сүйөркул тереӊ ойго чөмүлүп, акырын гана ичинен улутунуп тим болду...

* * *

Бойдок киши айына 600 сом иштеп акча тапса, коротпой сактап жүрүү кыйын го. Сүйөркул канча-

лык аракет кылса да 7-8 миң акчаны таба албады. Ала турган аялыма кийим – кече алат элем, тыйын-тыпыр таап бергиле деп айтыштан ага-тууган-дарынан уялды.

Күн артынан күндөр өтө берди. Ушул мезгилде Сүйөркул Фрунзедеги кызматынан бошоп, Нарын шаарына- областык прокуратуранын карамагына жиберилди. «Менин талабымдагыдай шарт болбосо, турмушка чыкпаймын» деп, Бактыгүл ушул Фрунзе шаарында иштеп жүрөт.

Мен ушул окуяны кыздын өз оозунан уктум.

Айтылган сырдан кийин ушинтип максатыбыз орундалбай, экөөбүз эки жерде жүрүп жатабыз. «Аял алсаң отун ал» дегендей пикиримди Сүйөркулга бекер айткан экемин, - деп ал кыз өкүнгөн түрдө сөзүн кыскартты.



*Дүйшө кызы Шарапат Калыйдулданын карындашы уулу - Капар Токтошев менен К.Токтошев бүгүнкү күндө «Кыргыз тили» газетасында иштейт.*

*1960-жылдын башында түшкөн сүрөт.*

## ТЯНЬ–ШАНЬДАН КАТ

### "АРСАР КОНОК АЧ КАЛАТ"

Эки үзөңгүнү чирене теминип тору жоргону алка–шалка терге түшүрүп; өйдө-төмөн сабап жүргөн жигитти көчөнүн так орто жерине келгенде, кыйкырып жатып арандан зорго токтоттук. Жанаша бастырып жайынча аңгемени уланттык. Кызмат жөнүндө сөз козголгондо көп суроолор да бериштик.

– Сиз качантан бери секретарьсыз?

– 1945–жылдын 1–январынан.

– Уюмдун иши кандай?

– Ээ Жоке, кандайын сурайсыз, баш аламан.

– Колхоздо эмне болуп иштейсиз?

– Уй фермасынын башчысы болуп.

– Ал иште ийилигиңиз кандай?

– Начар.

– Эмне үчүн начар?

– Быйыл 65 тубар уйдан 26 музоону гана аман сактап калдык. Жыл аягында 400 килограмм сары майды колхозчулар менин мойнума салды, деп – жооп берди.

"Арсар конок ач калат" деген ушул. Же комсомолдук уюмдун ишин жандандырбай, же уй фермасынын ишине контрольдук кылбай, "бекердин чолоосу жок" болуп жүрө берип, эки жоопту милдеттен тең көзгө көрүнөрлүк натыйжа бере албады.

Ал 1932–жылдан бери ВЛКСМдын мүчөсү. Быйыл туура 35 жашта. 13 жыл бою комсомолец болуп жүрүп өзүнөн сабатсыздыгын жоюп албаган адамды, секретарь болуп баштапкы комсомолдук уюмдун ишин жакшыртат деп, ишенгендер да бар экен.

Баштапкы комсомолдук уюмдун эсебинде бардыгы 13 комсомолец бар. Бирок, алардын көпчүлүгү устав боюнча алып караганда, ВЛКСМдын мүчөлүгүнөн эчак чыгып калган адамдар. Дүйшөналиев жана Жолдубаев сыяктуу комсомолецтер 1943–жылда эле билеттерин жоготуп жиберишкен.

Бирок, ушул күнгө чейин алардын билеттеринин жоголушу жөнүндө баштапкы уюмда да, райкомдук бюросунда да маселе каралган эмес.

Баштапкы комсомолдук уюмда тартип жок. "Ишенген кожоң суугаа кса, алды–алдыңдан тал карма" дегендей, иштеген секретарыбыз өзүнүн жөнүн таппай жүргөн соң комсомолецтер эмне болмокчу? Алар комсомолдук жыйналыш, саясы кружок жана башкалар менен иши жок гана жүрө беришет.

Тору жорго го чыкыя минип, чоң камчыны колуна илип, кара көрпө тебетейди кийип, кур кыйкырыкка таянган "Кара–Булуң" колхозунун алдыңдагы комсомолдук уюмдун секретары бул, Өмүралиев Назарбекке Кыргызстан ЛКСМ Чолпон райкому кеңеш берер дейбиз.

**Д. Калыйдулда**
**"Ленинчил жаш"**



*Дүйшө уулу Байдулда Калыйдулданын бир тууган иниси оңдо. Көп жылдар бою мектептерде кыргыз тили, адабиятынан сабак берген. 1996-жылдары кайтыш болгон.*

*Солдо: Жакын жолдошу - кесиптеши Абылабек менен.*

# ЫРЫСТУУ ЭНЕ

Ичи - сырты акталып, асты – үстү тактайланган чоң үйдүн ичиндеги электр жаркырап жанып турат. Бул үй Калыйпа эненин улуу баласы. Апымдыкы эле.

Үйдүн ичи эң сонун жасалгаланган. Бир жак капшытында тукабадан жасалган туш кийиз тартылып, төр жагында шырдак жана килем салынган.

Кичинекей баланы алып отурган Калыйпа эне скатерт жабылган чоң столдун тартмасынан кант алып, кант чагып дасторконго салды да, самовардагы чайдан куюп, биздин алдыбызга койду. "Карыганда жаш балдарга тамак беремин" – деп кыйналбай эле койсоңуз боло, – дедик.

Калыйпа эне бизди жалт карап:

– "Мен азыр кайра жашардым, үйдөгү белен тамакты алып берүүдөн кантип эринейин, кагылайындар" – деп чайын куюп берип отурду. Биз ал кишинин өткөн турмушунан жана азыркы турмушунан сурап отурдук.

– Өткөн падыша заманда – дейт Калыйпа эне, – мен бир алсыз кедейдин кызы болчумун. Ата–энемдин оокаты жетишпегендиктен, Чүйдөгү Акмат деген бир байга малай жүрүштү. Атам малын бакса, энем үй кызматын кылып, суусун алып, мен тезегин терип, күлүн чыгарып эптеп күн өткөрүүчү болдук. Жылдан жыл өттү. Мен 13–14 жашка келдим. Бир күнү Кочкордогу Жумабай деген бай келип, кожоюнубуз менен сүйлөшүп мени алып кетмекчи болду.

– Ата–энем мени ал чалга бербейбиз деди. Бирок, Акмат болбостон мени Жумабайга кармата берди.

Жумабайга барып төрт ай боло электе эле кыйнала баштадым. Башымдан камчынын тагы арылбады. Акыры ушул чалдын колунда турганча тентип жүрүп өлөйүн деп качууну ойлодум. Бирок, Жумабайдын кишилери мени жибербеди. Мурдагыдан да көп азапка түштүм. Боорума туз куюп калың койлорго жалатышты. Койлордун туягы сый–сый баскан этимден кан суудай аккан күндөр да болду.

Арабызда отурган ак жуумал жигит ага кайрылып:
– “Энеке, адамдын бүткөн боюн дүркүрөтүп, өткөн ырайымсыз турмушту көп козгобоңузчу. Андан көрө азыркы турмушуңузду айтыңызчы”, – деди.

Калыйпа эне отурган баласын алып эркелетип:
– Өткөн турмушту айтпасам айтпай эле коёюнчу. Ал турмуш курусун. Ал ырайымсыз турмуш эле. Азыркы турмуштай турмуш кайдан болсун. Эми жашоо өтө көңүлдүү, жыргалдуу. Бул жашка келип азыркыдай турмушта жашаганыма кантип кубанбайын, кантип көңүлүм жибибесин, балдарым. Азыр эки кызым, үч уулум, бар.

Эки кызымдын бирөө Каракол шаарында врач, бирөө ушул жерде мугалим болуп иштейт.

Улуу уулум – Ашым колхозчу. Анын үйү ушул. Бул мен алып отурган бала айтып отурган улуу уулумдун баласы.

Ал эми ортончу уулум – Кадыр Москвада окууда, эң кичүү уулум Кубат болсо эки жылдан бери Ленинградда кызыл аскерлик милдетин аткарып жүрөт.

Мен жаш чагымда азап, кордукту көп тартсам да, азыркы заманда ырыстуу кемпир болдум.

Бул турмушка жеткен ырыстуу энеге алкыш айтып, дагы көпкө өмүр сүрүүсүн тиледик.

**“Ленинчил Жаш”,**
**6–март, 1941–жыл**


KYBØLYK QAT
УДОСТОВЕРЕНИЕ №

*К.Дүйшеевдин «Ленинчил жаш» газетасында иштеп жүргөндөгү күбөлүгү (удостоверение).*

КАЛЫЙДУЛДА Д.

# САРЫ КОРОЗ

*(Аңгеме)*

Жакшылык мектептен келе жатып, үйүнүн жанына жеткенде тооктун чыйпылдап жүгүрүп жүргөн жөжөсүн көрдү. Ал жөжө энесин таппай ары-бери көп чуркай бергендиктен чарчаган сыяктанат. Оозун ачып, кээде соолуп, араң эле дем алат.

- Чиркин, эне деген кандай кубат! Энеси болсо ушул жөжө мынчалык жан талашып, чыйпылдап, мындай авалда болбос эле-деп, Жакшылык китептерин жерге коюп жөжөнү акырын кармап алып, үйүнө алып барды. Тоокторун түгөлдөдү. Алты жөжөлүү сары мекияны жок. Тамдын тегерегинен, андардан издеди. Табылбады, акырында ошол мекиянын беш жөжөсү менен ит жеп кетип, таап алган жөжөсү гана аман калгандыгын билди.

Жакшылык жөжөнү өлтүрбөй багуу үчүн печьтин түбүнө уя жасап жаткырып койду да, уянын четине кичинекей челекке суу куюп, буудайды ташка талкалап берип жүрдү.

Күндөрдүн биринде эрте туруп, балапанын уясынан чыгарып жиберип, Жакшылык бети-колун жууннууга кирипти. Арадан көп убакыт өткөн жок, короонун сырт жагынан какылыктаган тоокторду үнү угулду. Жакшылык дароо үйүнөн жүгүрүп чыгып, короонун сырт жагына чуркап барды. Ошол замат эле ал бир карала иттин жетим балапанды басып калганын көрдү. Капыстан чыга калып, таш менен уруп жибергенде кара ит балапанын таштай качты.

Байкуш балапан оозун кайра-кайра ачып коёт да, араң гана кыймылдайт. Дирилдеп, бир убакта эс ала баштады. Жакшылык абдан сүйүндү. Челекке суу куюп, кичине-кичинеден жем чачты...

* * *

1945-жылдын июнь айы. Асманда бир да булут жок. Күн абдан ысык. Боз үйүнүн жанындагы аянт-

чадагы көйкөлгөн көк шибердин үстүндө Жакшылык адабият китептерин окуп олтурат.

Баягы жетим балапан болсо, чоң сары короз болгон. Үйгө жакын жерде тооктор менен жем терип жеп жүрөт. Көбүнчө Жакшылыктын колунан жем жеп чоңойгондуктан, кээде Жакшылыктын жанына келет да, кайра кетет. Ошол учурда суунун боюнан бир узун кара чаар жылан чыкты да, тике эле Жакшылыкты карай жөнөдү. Анын түрүнө караганда уусу ошончолук күчтүү, коркунучтуу сыяктанат. Сойлоп бара жаткан жерлериндеги чөптөр жапырылат. Анда-санда токтой калып башын өйдө көтөрөт. Ошентип отуруп Жакшылыкка жетерине эшик менен төрдөй гана аралык калды. Бирок, Жакшылык аны такыр сезбеди. Башын көтөрбөстөн китепти окуп жатты.

Сары короздун какылыктаган үнүнөн чочуп кетип, өйдө турса, кара чаар жылан тилин сунуп жиберип, Жакшылыкты көздөй окторулуп калыптыр. Сары короз аны көрүп жүгүрүп келген экен.

Жакшылык абдан чочуду. Урайын десе жакын арада таш жок. Ошентип турганда сары короз качырып барып жыланды чокуду. Жылан башын көтөрүп бир жолу кыш-ш!.. деп, сары короздү көздөй бардык күчү менен атырылды. Короз "Кук" этип секирип кетти. Сары короз андан коркуп калган жок, кайра бир нече жолу чокуп өттү эле жылан куйругу менен жер сабап жансыз жыла албай жатып калды. Ошентип, Жакшылыктын чоңойткон сары корозу сүрдүү жыланды өлтүрдү. Ал "мени сен бир кезде ажалдан сактадың эле,эми мен да ошол мээнетиңди актап, сени чакканы келе жаткан жыландан куткардым" - дегенсип, кош канатын каккылап, үч жолу кыйкырды да, тооктorго аралашып кете берди. Жакшылык да сары корозунун кыраакылыгына жана баатырдыгына кубанып, ичинен "менин баккан баатыр корозум" – деди.

# ТААЛАЙЛУУ АСИРА

-"Кээ бир мен-менсинген жигиттер чабан болуудан баш тартып жүрүшсө, Асиранын аял башы менен чабан болуп алышын кара. Эч болбосо күйөөсү Төлөмүштү чабан кылып, өзү жардамчы болуп алса деле оңой болбос эле" дешип, оозуна алы жетпегендер Асира эжемди адеп чабан болоордо айтып жүрүштү. Асира эжем мындай сөздү оюна да алган жок. Чабандык милдетин ак ниеттик менен аткарып, баккан койлорун бир дагы чыгымга учуратпай, ийгиликтерге жетишти.

Түн . . . Ай караңгы. Анда-санда гана арсылдап үргөн иттердин үнү болбосо, айлана тынчтыкта. Чар тарапты түнөргөн түн кучагына алып, кең асман калдайган кара булуттар менен чүмкөлдү. Арсак-терсек асканын түбүндөгү "Арсы" кыштоосунда Асира эже ичигин желбегей жамынып, короонун четинде турат.

Калдайган кара булут тим турчу беле. Түндүктөн соккон шамалга аралашып, бурганактаган суук борошо "Арсы" тоосунун бетине уруна баштады.

Асира эже ичигинин эки жеңин кийди да, акырын басып, койлорду имирип эки жакка көз чапты-рып карап турду. Бир кезде короонун арткы четиндеги койлор катуу үркту. Тумандан борошолуу түндө эчтемени билип болбойт.

-Бул карышкыр болбосун-деп ал дароо короонун тиги четине жүгүрүп чыкты. Ал эки карышкырдын бир койду сүйрөп бара жатканын көрдү.

Асира эже колуна чоң таякты алды да, аларды көздөй катуу жүгүрдү. Ал улам жакындаган сайын карышкырлар ырылдап сез кылышты.

Асира кайраттанып:

"Бул жырткычтарга бир койду алдырып жиберишим абдан уят го" деди ичинен.

Кайраттанган бойдон карышкырларга жете барды. Алар койду таштай качышты. 1938-жыл, июнь айы. Сүйкүмдүү күн жайкы мээримдүү ысык нурун чачыратып, көк жашыл өңдүү көйкөлгөн көк шибердүү талааны алда нече түскө салып кубулжутат...

Жүздөрү күлүңдөгөн кемпир-чалдар, тал чыбыктай солкулдаган кыз-келиндер, булчуң денелүү кужурмөн жигиттер колдоруна кызыл тууну кармашып, туш-туштан убап-чубап келип жатышты.

Бир заматтын ичинде эле жайнаган эл чогулду, жыйналыш ачылды. Элдин ортосунда кызыл тоголок, чарчы бойлуу жигит тура калып, колун көтөрүп президиумдан уруксат сурап сөз алды.

-Мен, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаттыгынын кандидаттыгына Асира эжемди көрсөтөмүн. Ал 1932-жылдан бери "Кочкор" кой өстүрүү совхозунун чабаны. Ал дайыма ак ниеттүү иштейт. Азыр да совхоздогу чабандардын алдыңкысы. Койлордун төлүнөн жыл сайын милдеттенмелерин ашыгы менен аткарып келе жатат. Ошону менен сунушумду кабыл алууңарды сураймын.

Отургандардын баардыгы кызуу кол чабышып, сунушту бир добуштан кубатташты. Совхоздо тымызын иштеп, чабандардын, жумушчулардын арасына тетири пикир тараткан кара ниет Кадырбек Султанов тим жаткан жок. Ал Асираны депутаттыкка шайлоодон мурда, жоготуу жагына киришти.

Күндөрдүн бири. Түнкү саат он эки. Райком партиянын бюросу бүтөрү менен эле "оторумдагы койлорума эртерээк жетейин" деп, Асира токойду аралап, совхозду көздөй шашылды.

Так ушул убакта Кадырбек эки миздүү чоң канжарды өтүгүнүн кончуна сойлотуп, канын ичине тартып, жолдун жээгинде Асираны тосуп жатты. Улам илгерилеген сайын Асиранын жүрөгү утур опколжуп турду. Көңгөн жолу менен калың токойду аралап бара жатып: терең ойго батып жүрүп, отурду. Бир оокумда калың токойдун арасынан бирөө чыга ка-

лып, үн жок, сөз жок эле келип Асиранын жакасынан муунта кармады. Ай-буйга келбеди. Токойдун түп жагын көздөй сүйрөп жөнөдү. Канкор Кадырбек кончунан эки миздүү чоң канжарын сууруду.

Асира эженин көз алдына өлүм элестеди. Ал "жатып өлгүчө, атып өл", деген макалды эсине түшүрүп кайраттанды. Канжарды сууруп чыккан колду кармай калып, катуу алышты. Анын артында келе жаткан адамдар кыйкырык-чууну угушуп, кармашып жаткан экөөнүн үстүнөн чыгышты. Бандит Кадырбек Султановду кармашат.

Камакка алышып, кийин аны атууга өкүм кылышат.

Мээримдүү соккон жыпар желге термелген чийлер, сеңселген чөптөр таң азандан турган Асира эженин боюн балкытып, көңүлүн кубандырды. Кызыл тукаба пальтосун кийип, жайдары мүнөзү менен бир короо койду санап бүтүп, экинчи короодогу койлорду саноого кирипти. Асира кайниси Бейшенбайга карап күлүп:

-Кой түгөл экен, оттуу жакшы жерлерге жайгын-деди.

## 1947-ЖЫЛ. 4-5-СЕНТЯБРДАГЫ СОТТУН ЗАСЕДАНИЯСЫНДАГЫ СҮЙЛӨГӨН АКЫРКЫ СӨЗҮМ:

Аябай жеген кутулду,
айыбын айткан тутулду,
Айланайын судья,
акыйкаттык ушулбу?
Азиз жаным жүдөдү,
алдыңа койдум күнөөнү.
Жеңиштүү ушул заманда,
жегенди айткан күнөөбү?
Обкомдон келген кишилер.
орду менен текшербей,
Адамдын баалап барктуусун,
арты кийин эскербей.
Айылга чыга барышып,
астыртан пара алышып.
Айтылбасын булар деп,
айгактарга жабышып.
Кара ниетти жакташып,
каран күн мага сакташып.
Айланып кете бериштн,
амалын таап акташып.
Кангелдиев, Матанов,
канча бир ишти бийлешкен.
Жегичке кайра болушуп,
жек көрүп бизди тилдешкен.
Обкомдон келген кишилер.
ойлору менен басышкан.
"Биз текшердик, калп" деген,
бир катар жооп жазышкан.
Бир өгүз эки ирикке,
билгизбей сатып кара атты.
Баарысын өзү жок кылып,
баштаган жаман адатты.

Балбаевге болушуп,
Балтабаев каматты.
Костюмчан коюп үшүтүп,
кара жан сыздап таң атты.
Уйпалап сурап бөтөнчө,
убара кылып жадатты.
Балтабаев ошондо,
баш аламан тергеди.
Эскертип сөзду айтууга,
эч мүмкүнчүлүк бербеди.
Балбаевдин күнөөсүн,
баштан аяк жашырган.
Актысын жазып, кол шилтеп,
акыры сотко ашырган.
Оройлонуп судья,
оттой ичти күйгүзгөн.
Кандай чыйрак неме деп,
конторго айдап киргизген.
Үстөмдүк кылып өзүнчө,
үшкүртүп сурак жүргүзгөн.
Туюкталып кесилип,
турмушубуз кысылган.
Оңунан чыгып ишибиз,
обулсуддан бузулган.
Бөксөнү бөртүп жайлаган,
адырды артып айланган.
Аскерден качып алактап,
аңдуу жер болсо байыр алган.
Чүй менен Жумгал арасын,
мекен кылып күн көргөн.
Алкын бузуп ашкере,
арамза болуп үйрөнгөн.
Ыпылдап сүйлөп астыртан,
райком менен таанышкан.
Баштатан максат ушул деп,
башкалар мага жабышкан.

Колхоздун бир сур атын,
конок үчүн сойдурган.
Ортолук малга кол сунуп,
отсуз катуу жойдурган.
Уялбастан жутунуп,
уйдан жеген сегизди.
Өзү билип жок кылып,
өстүрбөгөн эгизди.
От майын алган күрөң ат,
олжосуна басылган.
Кириш кылбай колхозго,
кийинчерээк жашырган.
Ыйкы-тыйкы сөз болсо,
районго чаптырган.
Кур калбай ала жүргүн деп,
аны кудасына бактырган.
Кырк жетинчи жылында,
кызыган ишке барбаган.
Кырк гектар жерди кем айдап,
кол коюп калем кармаган.
Өзгөртүп берип сводка,
өз ишин боёп алдаган.
Кырк гектар жерге себилмек,
кызылды өзү жоготкон.
"Ат жеми" деп суздуруп,
артканын чачып короткон.
Арагын берип мас кылып,
акылын буруп азгырып.
"Айдалды толук" дедиртип,
актини дароо жаздырып.
Актинин бир нускасын,
акырын берип колуна.
Жер ченөөгө келгенди,
түшүргөн алдап жолуна.
Бир айда нечен которгон,
бригадирди кезексиз.

Эптеп таап амалын,
эгинден жеген эсепсиз.
Алкы бузук Балбаев,
ак ниеттүү адамбы?
Түрмөдө жатып зарыгып,
түшүнө албай чамамды.
Акылга тайкы наадан мен,
армандуу болуп каламбы,
Сандаган калың жоокердин,
сабында бирге турушуп.
Канча күнү бел чечпей,
канкорлор менен урушуп.
Жалтанып артта калбаган,
жарадар болсо талбаган.
Жаркылдап кайра шерденип,
жаракты колго кармаган.
Дуулдап нечен эр менен,
душманды бирге жеңишип.
Эңсеп жүргөн беш жылы,
элине кайтып келишип.
Тайтаев менен Исаков,
талыкпай иштей беришип.
Чыгарар деп натыйжа,
чындыкты айтып көрүшүп.
Андыган чоңдор экөөнү,
айыпкер кылып камады.
Аныгын жазып билдирген,
алардын иши карабы?
Ойлонуп терең текшерип,
орундайбы талабы?
Параны берген астыртан,
Балбаев эсен калабы?
Ушинтип чынды айткандан,
үч адам түштү камакка.
Партия жолу эрк бербес,
багыты жок адатка.

Жегичтин бети ачылып,
жетебиз акыр талапка.
Ар ишти чындык жеңер деп,
адилет адам келер деп.
Алдынан тосуп сулууга,
арызды жазып белендеп.
Советтик закон жар болуп,
текшерер деймин тереңдеп.
Эскертип сизге ыр менен,
эрегишип сыр менен.
Көңүл бурар ушул кез,
коммунисттик сын менен.
Кызымтал болгон эсепчи,
кызыл уй менен алышып.
Жатарда келген үйүнө,
жалгыз колу карышып.
"Көрсөтпөй союп жеймин" деп,
көтөрүп жерге чабышып.
Атайын каскан чуңкурча,
акырын канын агызып.
Парторг акем шашылып,
баштаган деми басылып.
Биринчи туруп кезекке,
бир жилик этти ашырып.
Оозунуп алып бөлүгүн,
оң колун сунду качырып.
Каранеттин жегенин,
кетели деди жашырып.
Эң артында кампачы,
бузулгансып пейили.
Начарыраак эт алып,
наарazы болуп кейиди.
Бекер сөз деп ушуну,
беттешкенде танабы?
Тыянагын чыгарып,
тынчытып биздин санааны.

Ажырата далилдеп,
агы менен караны.
Көңүл буруп текшерип,
көрсөңөр экен чараны.
Парага сойгон кызыл уй,
бакырсак да козголбойт.
Кампачы, парторг, эсепчи
кай себептен соттолбойт?
Калыстык жок иш болсо,
кантkенде ичиң чок болбойт.
Эригип турам өзүнчө,
эки көзүм чачырап.
Эми тергегендер жөнүндө,
айткым келет азыраак.
Сурап бүтпөй ишимди,
сотко неге ашырат?
Калкка маалым чындыкты,
кандайча кылып жашырат.
Сонунбекова эжеке,
сотто кылдың келеке.
Калыстыгың жок болду,
кай жеринде береке.
Жазыксыз бизди күнөөлөп,
жарадыңбы "керекке?"
Бирдиктүү совет элинин,
бир уулу деп санабай.
Уйпалап ишти бүтүрүп,
убалга такыр карабай.
Камай бериш болобу,
калыстыкка жарабай.
Өрттөй жанган мүчөлүм,
өз колундан ыктады.
Ашкере кыйшык ишинди,
адилет чоңдор укпады.
Мырзанын берген парасы,
же, мурдуңду тешип чыкпады.

Басынды жатып түмөдө,
балалык өткүр курагым.
Багыты жок өңдөнүп,
баш аламан сурадың.
Толкун менен алышып,
токтоно албай турамын.
Болушса совет закону,
бошонуп чыгар убагым.
Адилетсиз болушуп,
ак караны билбеди.
Караниетке жан тартып,
кайрадан мага жиндеди.
Эригип жатып камакта,
эт жүрөгүм зилдеди.
Өзүнөн-өзү кан качып,
өңүмдүн калды сүлдөрү.
Ак жеринен азапка,
асылжан араң чыдады.
Басынтмакка көңүлдү,
башкача болгон планы.
Кыянатчы бирөөнүн,
кылган иши бул дагы.
Зеригип турган жаштардын,
эми сезилээр бекен убалы?
Учкулмун десе шумкарга,
жайып койгон тор болот.
Күлүкмүн десе тулпарга,
казып койгон ор болот.
Өткүрмүн десе адамга,
өкүмдүк кылган шор болот.
Баркын билбес жаманга,
басынып бөөдө кор болот.
Колунда болсо дүнүйө,
корсондоп бирөө зор болот.
Кызыл тилим күнүгө,
кыйланы айтат жорголоп.

Өбөктөтүп мээнетим,
өз көзүмө чоң болот.
Калыстык кылбай тергеген,
канткенде ишим оң болот?!.
Айткан сайын бир эсе,
акылдан ырлар куралды.
Азамат чакта алтын баш,
айыпкер болуп суралды.
Калыстык болбой кокустан,
камалган бойдон турамбы.
Адамдын алыс жакыны,
азаптуу жайда сыналды.
Жалооруп сүйлөйм алдында,
жакшыраак өкүм угамбы?
Адилдик кылып адамзат,
акталып бошоп чыгамбы?
Алдастаган күбөлөр,
азгырган сөзгө берилип.
Өзгөртүп айтып чындыкты,
өзүнөн-өзү жеңилип.
Тосмологон суроого,
токтолушту теригип.
Ашкере сүйлөп жатканы,
айкындалды көрүнүп.
Акыйкат кылар кезегиң,
эми адилет сот дедирип.
Ар бир иштин жагдайы,
ачылды го ойлосом.
Кара ниет жооп берер кез,
калыстык кылбай койбосоң.
Алдында турган Балбаев,
арамза болду арбайып.
Көргөзбөй жеп далайды,
бул көөп кетти дардайып.
Билдирип болгон чындыкты,
мына биз турабыз саргайып.

Адилдик кылсаң судья,
аныктама жазарсыз.
Жеткире факты көрсөтүп,
жегичтин бетин ачарсыз.
Жалпыга мисал келтирип,
жарпыбызды жасарсыз.
“Паракеч баары” десеңиз,
баяндап ишти айтарсыз.
Парторгду баш кылып,
баарысын жоопко тартаарсыз.
Ынанымдуу көрүнүп,
районго кайтарсыз.
Өтүнүп турам алдында,
өзүңүз ишти чечерсиз.
Калыстыгың жок болсо,
кайтадан бизди кесерсиз.
Сыздап турган жаштардын,
сырларын кийин сезерсиз.

* * *

Эл, жер үчүн согушка,
баргандыкты эске алып.
Курал жарак колума,
алгандыкты эске алып.
Нечен кыйын шарттарда,
калгандыкты эске алып.
Ардактуу ыйык милдетти,
актаганды эске алып.
Көп менен бирге Мекенди,
сактаганды эске алып.
Күнөөсү жок жалынга,
күйгөндүктү эске алып.
Саламаттык начарлап,
жүргөндүктү эске алып.
Өпкөм чирип, бел сынып,
ооруганды эске алып.
Толгон «актив» каралап,
тооруганды эске алып.

Күн көрүп өз доорумда,
жашаарымды эске алып.
Жаштар менен алдыга,
басаарымды эске алып.
Куткаруунду суранам,
адилдик кылсаң кубанам.

* * *

Элим окуп түшүнөр,
эстелик жазып арнасам.
Камыкпай кантип турамын,
каалаган жакка барбасам.
Түрмөдөн бошоп кетемби,
түйшүктү тартып зарласам.
Сөөлөткө кайра жетемби,
сөз жакшысын тандасам.
Телмирип көңүл тынчыбай,
терең сыр менен арбашам.
Туюктан чыкпай турчудай,
тунжурайт тентек далбасам.
Кагазга сырдуу из калар,
калемди колго кармасам.
Наараздлы болуп өтөрмүн,
намысымды албасам.
Абалтан берки нуска сөз:
«Ар ишти байкай жүр деген.
Аңдып кокус жоо келсе,
айылдан алыс сүр - деген.
Шааниси болсо турмушуң,
шапар тээп күл - деген.
Күндүк калса өмүрүң,
күлүктөн тандап мин деген.
Черди жазат сүйлөсө,
чечен кызыл тил деген.
Замандар кандай өткөнүн,
санжырадан бил», деген.
Көңүл буруп бул сөзгө,

көп чындыкты үйрөнөм.
Өрттөй жанган нечендер,
өткөн экен дүйнөдөн.
Алдымдагы турмуштун,
агымын көздөй сүйрөлөм.
Башыма көп иш кездешер,
баштатан сезип билбеген.
Таалайга бүткөн азапты,
тартынсам да бир көрөм.
Тагдырымдан тышкары,
талпынсам кандай күн көрөм?
Кара жандын тынчтыгын,
кандай адам сүйбөгөн.
Күнөөсүз туруп камалып,
күл болуп кетем күйбөгөн.
Буруп-буруп, бир кезде,
булбул куштай үндөнөм.
Акырандайт прокурор,
айласыздан ийменем.
Бош тондуктун укугу,
боздосом колго тийбеген.
Отуна түштүм кыйноонун,
ойлонуп түшкө кирбеген.
Мундуулар болду жолдошум,
мурунтан бирге жүрбөгөн.
Замандаш кээ бир жигиттен,
сабыркап жүрөк сүрдөгөн.
Антсе да үмүт үзүлбөй,
арт жагын жазып тирденем.
Болушса совет закону,
бошонор кезим түрмөдөн.
Азапты тарткан ушул баш,
алчактап эркин жүрбөдү.
Өрттөй жанган мүчөлүм,
өзүнөн өзү сүрдөдү.
Эсимден кетпейт эч качан,

Эгемдин өткөн күндөрү.
Багытсыз жалгыз мен эмес,
пайгамбар көргөн түрмөнү.
Кабаттап шорго малынып,
калкымдан нечен жаралган.
Кадыресе мен түгүл,
канчасы түшкөн адамдан.
Кадимки Ыйса пайгамбар,
караңгы тамга камалган.
Кудайдын досу Мукамбет,
куугунтук жеген жашынан.
Даанышман ошол адамдын,
далай иш өткөн башынан.
Кыйноодон бошоп кетсем деп,
кыялданып ашыгам.

* * *

Мурунку бабам Үрүстөм,
мусулман динин улаган.
Каршы алдына бет алып,
кандай адам чыдаган.
Көралбай кыйыр иниси,
көп жигитти кураган.
Ор каздырып жолуна,
оозун калпыс шыбаган.
Ойлонбой келип Үрүстөм,
ошол орго кулаган.
Төшөлгөн болот кескилеп,
төгүлүп каны сулаган.
Мисал кылып аларды,
бир катар ырды чыгарам.
Алтын баш көрөр неченди,
Алладан өмүр суранам.
Табигий кырсык жабышып,
таалайымды ачпаган.
Айыпталып мезгилсиз,
аягымдан аксагам.

Алдыма татаал жол түшүп,
ата-бабам баспаган.
Өкүм айдап камалып,
өтө албай турам аскадан.
«Сабырдын түбү алтын» - дейт,
санаага жетер шашпаган.
Көңүлдү үмүт толкутуп,
көбүнчө дегдеп какшанам.
Жазууда, сөздө болбос калп,
жалгандан өткөн нечен алп.
Акыл жетет, көз жетет,
ар улутта башка салт.
Туурасын айтсак турмушта,
туулмак ак, өлмөк ак.
Кылымдап заман өтсө да,
кызык экен жашоо чак.
Эң биринчи олжо ошол,
элиңде жүрсөң дениң сак.
Буулукккан сырды айта албай,
бул кезде болдум ичим тап.
Телмирип жатып неченди,
тегеретип ойлосом.
Натыйжалуу сөз чыгар,
наадандык кылып койбосом.

* * *

Көркөмдүү жайлоо бир кызык,
көк чөбүн жыттап сойлосоң.
Арзыбай жүрөк сокпойбу,
азапты тартып шордосоң.
Өзүңдөн начар бирөөнү,
өжөрлүк менен зордосоң.
Кесири жанга тийбейби,
кейитип бекер кордосоң.
Адамга төптүк пайда экен,
акылга салып болжосом.
Арыбаган ат болбойт,
ар дайым бейкут чак болбойт.

Короодон койун алдырбай,
койчу кургур сак болбойт.
Мүнүшкөрү жарашпай,
кармалган кушта тап болбойт.
Өткөн сайын кылымдар,
өзгөрбөгөн зат болбойт.
Чылалуу жерде жатса да,
чыныгы алтын дат болбойт.
Далайдан уктум насыят,
даарыбай кыдыр бак конбойт.
Торгойдой сайрап турсаң да,
толкубай көңүл шат болбойт.
Арадан чыкпай нааразы,
адамга адам жат болбойт.



*Калыйдулда Дүйшеев (1924-1950)*

# КАЛЫЙДУЛДАНЫН АТАСЫ-
# ДҮЙШӨ ШОҢКОР УУЛУ
# (1900-1933)

Дүйшө Шоңкор уулу 1900-жылы Жумгал районундагы Түгөл-Сай айлында оокаттуу, колунда бар адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Ал беш бир тууган болуп, балдарынын улуусу эле. Эки эжеси-Тажира, Калыйман, анан Дүйшө, Сөлпү, Калдарбек деген инилери болгон. Дүйшөнүн колу ачык, колунда жок, кыйналып жашап жаткандарга жардам кылып, бере берген адам болгон экен. Ал бой тартып, эр жетип үйлөнөөр учурунда көпкө кыз жактырбай жүрүп, көп жерди кыдырып, болочок жубайын издеп жүрүп Кочкордогу Койлу ажынын жалгыз кызы Рапияны жактырып калат. Андан төрт балалуу болот. 1929-30-жылдары "кулак" деп куугун башталат. 1931-жылы көп менен бирге Омскидеги түрмөгө айдалат. 1932-жылы кат келип, анан кабарсыз болуп кетет. Иниси Сөлпү болсо Кочкордо чарбанын койун багып жүргөндө согуш башталып, 1942-жылы согуш майданына аттанат. Сөлпүдөн жети айга чейин кат келип туруп, кийин кабарсыз болуп калат. Эң кичүү иниси Калдарбек Кочкор совхозунда зоотехник болуп иштейт. Эмгектин ударниги, болуп, депутат да болот. 1941-жылы март айында каза табат. Калыйман аттуу карындашы Чүй бооруна турмушка чыгып, оорудан көз жумат. Дүйшөнүн энеси жалгыз кызы менен неберелеринин колунда 1976-жылдары 100 жаштын тегерегинде о дүйнө салган. Дүйшө кулакка тартылып кеткенде анын үй-бүлөсү Кочкорго келип туруп калат.

Дүйшө жыйырма жашка келип калса да үйлөнбөй жүрө берет. Анын ата-энеси тынчсызданып, үйлөн деп шаштырышат. Бирок, Дүйшөгө кыз жакпайт.

Күндөрдүн биринде ал аттын күлүгүн минип, кийимдин жакшысын кийип, жанына жигиттерин алып, кыз издеп чыгат. Көп жерди кыдырат. Издеген кызы табылбайт. Кочкор жергесине келип, ал жерден Койлу ажынын жалгыз кызы Рапияны көрүп калат.

Рапия өңдүү-түстүү, акыл-эстүү, элдик ырларды, уламыштарды жакшы билген, арабча окуп, жаза алган кыз болот. Экөөнүн көңүлү табышып, жолугуп турушат. Дүйшө аны менен тынбай кат жазышып турган экен. Рапия ошол каттарды чогултуп, сактап катып жүрүп, ошол каттар бүгүнкү-биздин колго жетип отурат.

## ДҮЙШӨНҮН РАПИЯГА ЖАЗГАН КАТТАРЫ

Көзүң айнек чачырап,
Күмүштөй чачың жалтырап.
Күйгөнүмдөн мен сени,
Көп караймын жалдырап.
Сөз айтамын азыраак,
Чолпондой көзүң чачырап.
Сен эсиме түшкөндө,
Басалбаймын алсырап.
Кызарып жүзүң карагат,
Бүлүктү салдың ааламат.
Айлында бирге жүрсөм деп,
Абдан кылам далалат.
Сурмалуу көз ак маңдай,
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Зер учурган жашчылык.
Сергек болгун шалкайбай.
Көбү билер күн болсо,
Өмүрүң өтсүн картайбай.
Салам айтат зарланып,
Санааны билген курдашка.

Капа болдуң кантейин,
Кадырлуу секет жан бирге.
Акырын сүйлөп күлүшүң,
Алымды билбей жүршүң.
Айтсам сөздүн жүйөөсүн,
Азаматтын күнүсүң.
Эркелеп сүйлөп күлүшүң,
Эсимден кетпейт жүрүшүң.
Ээлигип өзүм кеп айтсам,
Эптейсиң сөздүн жүйөөсүн.
Эрикkенден азамат,
Эркелеп бир кетчүсүң.
Эскерме жазбай койду деп,
Эр жигиттин көзү өзүң.
Жаныңдан кетсем дегдеймин,
Жалгандан жалгыз сен деймин.
Кеп айтсам сүйгөн жарыма,
Жан бурадар кулак сал.
Жаштыктын айткан зарына,
Жамалың көрүп билейин.
Жайыңды көрүп жүрөйүн,
Жазуусун көрүп тагдырдын.
Амандыгын тилеймин,
Ойнуң менен күлкүңө.
Отурбадым мен каныш,
Оозуман чыгат кептерим.
Ок менен куусам жетпедим.
Оюң таттуу жан курбум,
Оюмдан асты кетпедиң.
Сабалап учкан кептерим,
Закым болуп жетпедим.
Тамашаң таттуу жан курбум,
Санаамдан асты кетпедиң.
Агала суудай мунарым,
Ак жибектей тубарым.
Айлыңды таап бербеген,
Атаңа жетсин убалым.

Аңгырап кантип ырдайын
Акылсыз жаман нааданды.
Муздатып жааган карын айт,
Мункаңып ырым жалындайт.
Бурулуп мага зарыңды айт,
Мурунтан сизге кошпогон.
Буйрук, жазуу багымды айт,
Адамдан артык борумуң.
Ашыктык салган жоругуң,
Армандуу дүйнө кантейин.
Ак алма жыттуу жоолугуң,
Санасам көңүл чыдабай.
Сагынтасың ынак ай,
Чолпондой көзүң жаркырап.
Жанып турган чырак ай,
Болукшуйсуң нурданып.
Күндүзгү жарык жумадай,
Күндө көрүп жүрүүгө.
Айлыңдын окчун ыраагы ай,
Кадырың эске түшкөндө.
Кантеримди биле албай,
Түбөлүк сизге кошподу.
Кантели, кудай кылганы ай,
Башка кылар айла жок.
Башка жазган пармандан
Таң сүргөндө суюлуп,
Зикир кылам азанда.
Шайыктар эски мазарда,
Кантели, арман ашыктык.
Кагазга жаздым казалды,
Түшүмдө көрүп бир болуп.
Сулуулугуң байкасам,
Сулайман алган перидей.
Турмушуңду көргөндө,
Турамын кантип эрибей.
Атым акын молдолук,
Азабың кыйып жан курбум.

Асыл сөзүм угар деп,
Айткан сөзгө болбодуң.
Калем алып отуруп,
Казал кылып ойлодум.
Капарыңа сен албай,
Какшатып мени койбогун.
Какшасам да мен сага,
Кат бергеним койбодум.
Кадырлашың чын болсо,
Каттагы сөздү ойлогун.
Асылың күмүш алтындай,
Айтамын сизге дартымды ай.
Айтпасам арман арылбайт,
Адамдан артык баркың ай.
Азабың тартып арманда.
Айлыңа түндө барганда.
Эсимден кетпей эч качан,
Узата чыгып калганда.
Агарып атып таң сүрүп,
Арманда калдым мен.
Ажырашып кетерде,
Айлыңдан чыгып, кеч туруп.
"Кечикпей келип жүргүн",-деп,
Улутунуп үшкүрүп.
Армандуу калды жүрөгүм,
Ашкере сулуу жоругуң.
Ажырашып калганда,
Артыкча сага күйөмүн.
Айлыңдан келбейт узагым,
Айла жоктон жүрөмүн.
Айнектей сүйкүм жамалың,
Айланды кантип табамын.
Айда көрсөм кубанып,
Айдай бетиң тунарып.
Айдалып кетсем сен үчүн,
Алматты соттон суралып.
Кара-Балта, Сокулук,

Кат жазамын ойлонуп.
Алдымдан чыгар күн барбы,
Ак жибектей созулуп.
Күндө көрсөм кубарып,
Күндөй бетиң нур чагып.
Айдалып кетсем сен үчүн,
Алматы соттон сурануп
Кара-Коонун базары,
Капаны ырдан ачалы
Кадимкидей ажарың.
Адамдын сынар назары.
Көк ала чыбык талдайым,
Көк канаттуу балдайым.
Бетиң аппак кардайым,
Акырын сүйлөп күлүшүң.
Алымды билбей жүрүшүң,
Эркелеп сүйлөп күлүшүң.
Эсимден кетпейт жүрүшүң,
Ээлигип өзүм кеп айтсам
Эптейсиң сөздүн жүйөөсүн.
Ойноп сүйлөп күлүшүң,
Оюмдан кетпес күнү-түн.
Оолугуп өзүм кеп айтсам,
Ойлосоң сөздүн жүйөөсүн.
Сумсайып сүйлөп күлүшүң,
Суруңду салып жүрүшүң.
Суктанып өзүм кеп айтсам,
Сурапсың сөздүн жүйөөсүн.
Жаркылдап сүйлөп күлүшүң,
Бар сырымды билесиң.
Барып өзүм кеп айтсам,
Байкайсың сөздүн жүйөөсүн.
Сурмалуу көз, ак маңдай,
Өмүрүң өтсүн картайбай.
Жаныңдан кетсем дегдеймин,
Жалганда жалгыз сен деймин.
Түшүмдө көрүп бир болуп,

Түн уйкудан тааныган.
Мисирдин каны Жусуптай,
Көрсөтчү деп талыган.
Жусупту сүйүп Зулайка,
Кыркка жетпей карыган.
Куйгөндөн Жусуп чыдабай,
Кулап түшкөн тагынан.
Эрте жеткен кеч жеткен,
Эр жигиттин багынан.
Кошулган экен экөө тең,
Ниетинин агынан.
Эзилишип отуруп.
Эп көрдүм келип кандайсың.
Тишиң барда таш чайна,
Тиштен кийин аш кайда.
Өлүп кетсең жалгандан,
Каларсың бир күн убада.
Барагой деп турган соң
Башка салган көрүнүп.
Болбосо карган деп айтып,
Моюнга асты жүк артып.
Ушунчалык болдуңбу?
Ушак угуп койдуңбу?
Керегеге бек ныктап,
Кекеттиң кысып колумду.
Күнгө колду тилдирип,
Көрсөттүң кыйла сокунду.
Кубалаттың сен мени,
Чынынбы же ойнуңбу?
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Боздотуп мени койдуңбу?
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Келбей жүргөн менденби?
Келиндерге сырыңды,
Айтып койгон сенденби?
Барбай жүргөн менденби?
Башына пикир сактаган,

Балалык айып сенденби?
Айттырдың дубай саламды,
Акылга салдың ааламды.
Акыры бир күн келишпей,
Кусадар кылдың адамды.
Асыл секет деп жүрүп,
Ара жерде каламбы?
Айткан сөзүң аргендей,
Алган жарың бар мендей.
Алышып кумар жазууга,
Алла таала мал бербей.
Сүйлөгөн сөзүң аргендей,
Сүйүп кудай мал бербей.
Айлындын чети бир белес,
Айлыңдан көрдүм бир элес.
Айкалып бирге жүрүүгө,
Айылың жакын бирге эмес.
Ак-Суу менен Турпанды,
Агарып туман курчады.
Айлыңа барсам жакындап,
Алдымдан тосуп турбадың.
Ак бетиңден өбө албай,
Абдан тамак кургады.
Кеп айтканың калыстай,
Келбетиң күлүк чалыштай.
Сылыктыгың кантейин,
Сыр алышкан тааныштай.
Эриккенден жазганың,
Эрегишкен намыстай.
Жүрөгүмдү дегдетип,
Жүрөлү дейсиң калыс ай.
Чолпондой көзүң жаркырап,
Жанып турган чырак ай.
Санасам көңүл чыдабай,
Сагынтасың ынак ай.
Күндө көрүп жүрүүгө,

Айлыңдын окчун ыраагы ай.
Кадырың эске түшкөндө,
Кантээримди биле албай.
Түбөлүк сизге кошподу,
Кантели кудай кылганы ай.

## ЭСКЕРМЕ

Жазылат колдо каламым,
Жарашыктуу көрүнүп.
Көп акылды ойлоймун,
Көңүлүм сансыз бөлүнүп.

Жаздым ушул дептерге,
Жараткандын кылганын.
Акылдуулар ушунун
Ашепкесин оңдогун.

Топтоп муну жазууга,
Толгон сыя түгөндү.
Ар түрдүүнү ойлонуп,
Акылым көпкө бөлүндү.

Баштап муну жазууга,
Бардык акыл токтолду.
Эрмектеп жазып олтуруп,
Эки күндө топтолду.

Толуп башка жыйылып,
Топтолгон кези санаанын.
Шыбыргактап баратат,
Шырылдап колдо каламым.

Окугандар ушуну,
Ойлоп жакшы карагын.

Түгөнөр күнү болобу,
Түбү жок ичте санаанын.

Жаздым топтоп көчүрүп,
Жаратып муну дептерге.
Ойлосоңор ушул ыр,
Оолуккан ушул эскерме.

Кагаздын ачкан барагы,
Каламдан чыккан армандан.
Көп кайгырып ушинтип,
Көп эле пенде зарланган.

Эл үчүн жазган эскерме,
Эми ушинтип токтолот.
Дүйшөнүн айткан арманы
Дептерге эми козголот.

*Дүйшө Шоңкор уулунун 1932-жылы жаныбар айында түрмөгө түшкөндө зайыбы Рапияга жазган катынан.*

**Дүйшө Шоңкор уулуна ак жеринен жалаа жабылып, жолдо айдалгандагы жана камакта жатып жазган арманы**

Мен бир качып барамын,
Менде бар колдо каламым.
Жаза турган кеп болсо,
Жалпы элге эп болсо:

Казал кылып жазамын,
Капалуу көңүл басамын.
Башка түрдүү иш түшүп,
Баштап турат назарым.

Калк журтум сындап көргүлө,
Карыптын жазган казалын.
Кантип айтпай коёмун,
Камакта тарткан азабым.

Калем алып колума,
Кааладым казал жазмакка.
Кайгыргандан чыдабай,
Капалуу көңүл ачмакка.
... ... ...

Боломун капа абыдан,
Башка келген ишиме.
Калети болсо алып сал,
Казал жаздым кичине.

Баштадым түрмө камактан,
Башыма болдум Жараткан.
Жаздым казал жамактап,
Чыгараар бекен Жараткан.

Калем алып жазамын,
Капалуу болуп кайгырып.

Азыр жатам камакта,
Агайинден айрылып.

Жалаага куйүп кармалып,
Жалдырап жүрөм айдалып.
Бул жерде бир жатабыз,
Бир далай адам кармалып.

Эчен адам бул жерде,
Эркинен такыр айрылган.
Жайдары басып кете албай,
Жалдырап жатат нечен жан.

Буга да тобо кылалык,
Булардын баары Алладан.
Эриксиз болуп бул кезде,
Эчен адам зарладык.

Жараткан сенден суранам,
Жардам кыл менин ишиме.
Жалгандан жалаа жапкандар,
Бизге окшоп, жалдыраар бекен кичине.

Топтолгон жериң «Багышаң»,
Токтом бердиң аябай.
Калп жерден жалаа жапканың,
Калар бекен жарабай.

Жетимиш киши кармалып,
Жүрөбүз абдан сандалып.
Ошол жерде он күнчө,
Олтурдук абдан зарланып.

Айдатып келип каматтың,
Ак-караны ылгабай.
Таш Көмүрдүн үстүндө,
Тарттык азап бир далай.

Ошол жерде зарланып,
Отурдук соко үстүнө.
Кежилдеген кара орус,
Кекетип кетет күнүгө.

Машинанын үстүнө,
Минип нечен жай кылдык.
Алыбыз начар болгон соң,
Абыдан катуу кайгырдык.

Агаин, аял, баладан,
Ал сапарда айрылдык.
Айдалып келип совхоздо,
Аяктай тамды жай кылдык.

Токтоно албай баратат,
Турмушта жаман кысылган.
Убайым тартып кайгырып,
Уктабай жатат нечен жан.

Бир маал дайым чыгарып,
Баратка менен бастырат.
Эркиңе койбой шол кезде,
Эриксизден шаштырат.

Алла башка салган соң,
Айта албайт экен адамзат.
Көтөрдүк Алла салганын,
Көрдүк дүйнө жалганын.
Алла башка салган соң,
Артыла берет арманым.

Кадырлуу биздин калкыбыз,
Каралаган окшоду.
Жазып берди токтомду,
Жарабайт деген жок болду.

Кеңеш өкмөт текшерсе,
Көрөбүз бир күн жардамын.
Жакшы эмес го агалар,
Жалган жалаа жапканың.

Кармап бердиң агалар,
Калкыбыздан жогот деп.
Айлыбызга тургузбай,
Айдабасаң болбойт деп.

Айвинский НКВД,
Айдаймын деп ат жыйнап.
Аллам өзү азапты,
Айласыздан тарттырат.

Айвинский НКВД,
Ар колхозго чаптырды.
Ар колхоздон чогултуп,
Атты толук таптырды.
Ат чогултуп бериште,
Айдарын шондо билиште.
Кубалап чыгып эшикке,
Катарлап төрттөн мингизди.

Алтынчы январь айында,
Айдап бизди жөнөдү.
Алла башка салган соң,
Ар түрлүү иште көрөлү.

Сап-сап катар бастырып,
Совхоздон чыккан көп карып.
Айдалып жүрөт байкуштар,
Акылынан адашып.

Айдоодо калып кармалып,
Арты кийнин чаң басып.

Алла өзүң куткар деп,
Арманын айтат жанашып.

Аркабызда милийса,
Айдап жүрөт балдырап.
Агайинден ажырап,
Айдоодо калдык алсырап.

Тобурчак минген адамдар,
Томуктай тайга жабышкан.
Топтотуп бизди кууганда,
Тоголонду нечен жан.

Кээ бирөөнүн атында
Жүгөнү жок башында.
"Кармагыла, балдар!" деп,
Тырмышат ыйык жалына.

Карыптык башка түшкөндө,
Кайран жан болду аманат.
Карайлап тура калсаңыз,
Кара орус келип бир салат.

Төртөөн катар бастыртып,
Текирең менен айдады.
Кеңештен актив тууганда,
Көрбөй калдык пайданы.

Кызарттан бери эңкейип,
Келдик «Кырк кыз» жанына
Кейип жүргөн адамдын,
Ким карасын алына.

НКВД га кармалып,
Өрттөнүп ичим жалынга
Кезиккен жолдо адамдар,
Келип койбойт жаныңа.

Андан келди берилеп,
“Ак Учуктун” сазына.
Кеңеш өкмөт кылган соң,
Келди санаа башыма.

Кармап шылуун чакканда,
Калыппыз темир капканда.
Алла өзүң жар болгун,
Арманда болдук жалганда.

Андан айдап жөнөдү,
Алдына салып топтотуп,
Турмушка кылбай каталык,
Туюктанган окшодук.

Аты баспай көбүнүн,
Араң келди сандалып.
Амалы жок келбеске,
Аркансыз колу байланып.

Күндөп- түндөп айдалып,
Келдик Каракоого камакка[1].
Жараткан Алла жар болуп,
Жеткизе көр талапка.

Ак жеринен карматып,
Актив жапты жалааны.
Алла талаа бир кудай,
Алагды кылба санааны.

Кеңештеш туутан эл журттан,
Көрүнбөй калды караанды,
Бул иштерге эр-жигит,
Оттой күйүп жанабы.

---

[1] Кара-Коо - Кочкордун мудагы аты

Уяты жок Жумгалдан,
Ушинтип чыгат ар бир жан.
Курманкожо, Кулжыгач,
Күндө айдалып сандалган.

Бирден киши урушса,
«басмачы» чыкты деп айтат.
Илгертен бери келетат,
Ушул өңдүү сыр адат.

Кочкор, Жумгал ичинде,
Канча бир айыл эл деген.
Алардан болуп бузуктук,
Андан кандай келбеген.
Кадырлуу Жумгал ичине,
Кандай шордуу жердеген.

Алты жүз киши бекитип,
Артыбыздан келиптир.
Каралоочу камынып,
Кочкор, Жумгал жердеген,
Калдык абдан сагынып.

Баштаган сурак жаңыдан,
Онунчу январь айында.
Баталашып жүрдүң дейт,
Басмачы болуп жайында.

Калп жеринен каралап,
Токтосун күбө жанында.
"Кой союп бата" кылдың дейт,
Көчөрбайдын айлында.

Турушту күбө болушуп,
Таажы менен Токтосун.
Тескери жалаа жапкандын,
Тилеги кабыл болбосун.

Ак жерин айтып какшасаң,
Албайт аны оюна.
Болбойт колуң байланган,
Бош эркинде болууга.

Айта берсең түгөнүп,
Арманың ичтен тарабайт.
Облустук НКВД,
Ойлоп ишти каралайт.

Алла талаа жар болуп,
Ал жагын ойлоп тилеймин.
Кандай болот турмуш деп,
Карыптык тартып жүдөймүн.

“Басмачы болдук деп айт” деп,
Бир далай адам кыйнаган.
Айдоодо башың турганда,
Айта берген туурадан.
Билалбай куурап сөз айтмак,
Болот экен оп-оңой.
Тике ар кимге бет болот,
Таажы деген сологой.

Айдаган күнү кечинде,
Жылдыз толгон кезинде.
Келдик эрксиз айдалып,
Көндүк эрксиз кармалып.

Тогуз күн турдук камалып,
Таң атса он күн болордо.
Качып кетип калыптыр,
Бадайылда ошондо.

Каары келип шаштырып,
Калганды катуу кармады.

Өкмөттөр сүйлөшүп,
Өйдө көздой айдады.

Абыдан тарттык бир күнү,
Анын качкан азабын.
Татып калдык киргизбей,
Тамактын да начарын.

Кармалды мындан иниси,
"Качса агасы качсын" деп.
НКВД лар кармады,
Агасынын ордуна
Иниси мейли жатсын деп.

Жаман жерден башында,
Этегибиз жыртылган.
"Басмачы болгон" деп айтып,
Токтом берген сыртындан.
Айдоодо жүргөн кордукта,
Арадан чыкты бет болуп.
Өмүраалы, Кожобай,
Ар ким менен кез болуп.

Айтам деп бекер калп сөздү,
Ак жүрөк болуп жүрөбү.
Акмак болуп өздөрү,
Агынан алды күнөөнү.

Кайрылып эсен барармын,
Кабарлаш курбум эсен бол.
Алладан жардам болбосо,
Арылбады биздин шор.

Катуу айтып кишиге,
Каршылык иш кылбадым.

Арман менен кетеби,
Абалкы көргөн жыргалым.

Кара Кочкор, кең Жумгал,
Канатташ бирге жерлерим.
Аман-эсен болгула,
Ардактуу теңтуш, эл жерим.

Сурагын кылып бүтүрүп,
Рыбачье калаадан.
Автомобиль алдырып,
Алтымыш беш кишиден.
Он жети киши чакырып,
Кечинде келип калыптыр,
Автомобиль бакырып.
Отургузуп жайлады,
Облуска айдады.
Шол убакта калгандар,

Билбей калдык биз анда,
Бизди качан айдарын.
Бул жерде жатып сурайбыз,
Ал жактын кандай кабарын.

Ак иштен жатам камалып,
Айтуучга болуп арманым.
Акты кара кылсаңар,
Айдагын элдин калганын.

Кеңеш өкмөт текшерсе,
Көрөрбүз бир күн жардамын.
Бул кезекте ойлосоң,
Буйругун көрдүм Алланын.

Капилет жүргөн күнүмдө,
Кайдан таптың акылды.

Калп жеринен карматып,
Какшатып далай бакырды.[1]
Билди бекен обулус,
Биздин иштин жалганын.
Арыз бергиле токтобой,
Айдалып анда барганың.

Акыйкат улук текшерсе,
Аябас бизден жардамын.
Акталып мындан кутулуп,
Арылар бекен арманым.

Жектеп бизди демитип,
Душмандар кылды кастыкты.
Бир туурасын айткан жок,
Басмачыдан актыкты[2].

Шыпырылып калп айтып,
Шылуундар жапты жалааны.
Жоготор бекен Жараткан,
Жүрөктөгү санааны.

Эриксиз келип жатабыз,
Эркин өскөн кең жайдан.
Кудайдан биз тилейбиз,
Куткарар бекен кемпайдан.

Көрсөм деймин мен дагы,
Кеңештин чапкан жыргалын.
Билбеймин кеңеш ынанса,
Бай-манаптын убалын.

[1] Бакыр-жарды, байкуш деген мааниде
[2] Дүйшөнү "басмачы болгомун деп айт" деп, суракта уруп-согуп кыйнаган

Казал кылып жаратып,
Калам алып колума.
Токтоно албайм мен чыдап,
Түрдүү ой түшүп оюма.

Санаадар болуп жатабыз,
Советтин салган торунда.
Түрдүү жагын ойлонуп,
Түрдүү ой азыр оюмда.

Калам алып жаздым мен,
Капалык түшүп ичиме.
Каршылык бизде жок эле,
Кастык кылган кишиге.

Бул кездерде чогулуп,
Башка түштү жамандык.
Бир Алладан тилеймин,
Биргелеш жана амандык.

Баштатан бери биз ойлоп,
Билбедик мындай болорду,
Ушул кезде ушинтип,
Ушундай кайгы болорбу.

Көп эле башта толукшуп,
Көрдүк кыйла сонунду.
Түн киргенде жаталбай,
Талаштык жатар орунду.

Жетер бекен Аллага,
Жеткилең биздин зарыбыз.
Кыялым жетпейт артына,
Кандай болот алыбыз.
Азаттыкты тилейбиз,
Айдоодо жаткан баарыбыз.

Капалуу болуп бул кезде,
Камакта жатам муңкүрөп.
Автомобиль айкырып,
Келет экен күркүрөп.
Салып кетип калат деп,
Санаа, ой нечен дүркүрөп.

Алты ай жаттык бул жерде,
Аз да болсо суралып.
Ар жакта жүрөт душмандар,
Айдаттык деп кубанып.
Ажеп эмес кутулсак,
Ак текшерип суралып.

Амандыгын тилеймин,
Арт жагымда калгандын.
Бул заманда ойлосом,
Буйругун көрдүм Жалгандын.

Катышпай калды бул кезде,
Калк журтумдан агаин.
Кантип угуп турабыз,
Калк, журттун аман кабарын.

Аман бол, Жумгал, кайгырдым,
Айдоодо жүрүп зар кылдым.
Азабын тартып жүрөрмүн,
Ага-тууган айлымдын.
Кандайын билет бул жерде,
Ичимде болгон кайгымдын.

Кадырдан кантип чыгарам,
Кадырлаш болгон элимди.
Көңүлдөн кантип унутам,
Киндик кескен жеримди.

Чыгармын бир күн камактан,
Чын акыйкат актасаң.

Жанды бир аман коё көр,
Жараткан кудай сактасаң.

Жараткан Алла бир Кудай,
Жеткире көр талапка.
Кандайын билбейм ишимдин,
Кайгырып жатам камакта.

Ырайым кылса акыйкат,
Салар ишти оңуна.
Өкүм кылып табийгат,
Өкмөттүн түштүм торуна.

Кат жазам ага-тууганга,
Капа болуп кайгырып.
Агаин, катын, баладан,
Турабыз азыр айрылып.

Канча күн болду жатам мен,
Камактын ичин жай кылып.
Арманда болуп бул башым,
Ак жеринен тайдырып.

Чындап коркунуч ойлоном,
Чыгарбайт деп жигимди.
Жакын, ыраак агаин,
Ушул жерде билинди.

Бирөөнүн душмандыгынан,
Тартып жатам бул күндү.
Агаин болом дегендер,
Азыр бизден түңүлдү.

Аллам өзүң кылган соң,
Айла барбы чыдадым.
Тоорулуп душман чаккан соң,

Түрмө болду турагым.
Агаинден айрылып,
Армандуу болгон убагым.

Текшергиле агаин,
Түрмөнүн тарттым азабын.
Чындыгы болуп зыянкеч,
Чыккан эмес атагым.

Текшергиле агаин,
Дүйшөнүн жазган казалын.
Чынын айткын жазганбай,
Чыкты беле чатагым.

Капалуу кылган жалгансың,
Кайрат кылат калганым.
Карыган эне, жаш балдар,
Кайгыда калды алганым.

Жаратпаска чара жок,
Жаратгандын кылганын.
Айласыздан бул кезде,
Аргам барбы, чыдадым.

Түгөнөр күнү болобу,
Түйүлгөн ичте армандын.
Ак жеринен жалаага,
Армандуу болуп, кармалдым.

Сыдык менен Акылбек,
Абыл аке дагы бар.
Жакын көргөн тууганым,
Тууганды гың чын болсо.
Карашкын катын, балага,
Капа болбой тура бер
Калыйдулда садага.

Азыр ушул жалаадан,
Айдоодо жүргөн милдетим.
Адамзаттын баласы,
Азаптуу болуп жүрбөсүн.
“Ак кагаздын бетине,
Арманын жазган ким десин?”
Адам, заттын баласы,
Азаптуу болуп күйбөсүн.
Айласыздан бул кезде,
Айдалып келип камалдым.
Амандыгын тилеймин,
Артымда Сыдык агамдын.

Аныгын айтсам кагазда,
Айдарбек эле урааным.
Андан башка жок эле,
Артымдан келер тууганым.
Аман болсоң катышып,
Амандыгын сурагын.
Агаинден ажырап,
Армандуу болуп турамын.

Жалаа жапкан иш үчүн,
Капа болуп кетемин.
Калкым бир тынч болсочу,
Кадырлуу тууган кам жебегин.

Калкымды эстеп чыдабай,
Камакта тарттым капаны.
Алыска кетсем агаин,
Айтып тур жакшы батаны.

Көп ойлонуп акылды,
Көңүлүм жашып жалбарды.
Аман турсаң апаке,
Багып тур жакшы балдарды.

Жаным кейип бул кезде,
Жалдырап жатам капканда.
Жараткан өзү жеткирер,
Жалган жалаа жапканга.
Кандай болду бул кезде,
Камактан менин чыгарым.
Кабарсыз болду бул кезде,
Кабарым алып сураарым.

Акыйкаттуу кеңештин,
Билбеймин кандай кыларын.
Бабырган, Сыдык тууганым,
Кабарым алып сураарым.

Айлыма кетер күн барбы?
Арманым баштан арылып.
Аял менен баланы,
Абыдан турам сагынып.
Кандайын билбейм оюмдун,
Камакта жатам камыгып.

Эч болбосо инилер,
Эл ичинде турсаңчы.
Элдикиндей кашыма,
Келип кайрат кылсаңчы.
Капа болбой мен карып,
Кайгысынан тынсамчы.

Капа болгон туралуу,
Казал кылып ырдадым.
Капа болгон агаин,
Казалым окуп сындагын.
Карап көргөн азамат,
Катасын алып ылгагын.
Агаин, кубат кыламын,
Амандыгың угулса.
Азырынча иш экен,
Ак жерден жалаа кылынса.

Бир күнү ойноп күлөрбүз,
Бир санаабыз тынчыса.
Кеңештин мындай торуна,
Ким дегендер кирбеген.
Азап экен адамга,
Ак жеринен кирдеген.
Ак менен жана караны,
Акыйкат кеңеш иргеген.

Экирендеп кара орус,
Эшикке бир пас чыгарбайт.
Эшикте элди көрсөм деп,
Эт жүрөгүм тына албайт.

Турмуш жайын айтпасам,
Туура келбейт арманым.
Текшерип жатат өкүмөт,
Теңдик берсин жардамын.

Сагындым анда калганды,
Сагынып көзүм чачырап.
Чындык бизге жар болуп,
Чыгарабы батыраак.

Инилер үйдө тынч болсо,
Сурабайт беле алымды.
Кайда болсо инилер,
Кудайым аман кылсын жаныңды.

Тууралап билбейм ойлонуп,
Турмуштун азыр кырдаалын.
Аман-эсен көрөмбү,
Азаттыктын жыргалын.

Тарыхымды мен айтсам,
Орто дыйкан кесибим.
Кантип айтпай коемун,

Урукчулдун кесибин.
Жалынамын бир кудай,
Жалаага мен куйөмбү.
Чын текшерип акыйкат,
Чырпыктарым сүйөмбү.

Биз да бир урук эл элек,
Бириндеп калдык бөлүнүп.
Бир жерге оюм токтобой,
Пикир турду бөлүнүп.

Баарын айттым токтобой,
Башка келген залалды.
Акыйкат кылар өкүмөт,
Арман менен адалды.

Айткан ишим эп болбой,
Айдалып мындан кетемби.
Азаттык берип бир кудай,
Акылыма жетемби?

Көп тилеймин Алладан,
Көрөрбүз кудай салганын.
Балдарыңды багып тур,
Акыреттик алганым.

Жаман айтпай жакшы жок,
Жазгым келди көңүл жок.
Табийгат өзү билбесе,
Турган жерим кызыл чок.

Эч кызасыз дүнүйө,
Бир убакта кез келип.
Жыргатасың адамды,
Кез келбесең ырдатып
Таптырбайсың амалды.

Ар кезде санаа ойлонуп,
Актан куйуп чырмалдым.
Актыгыма чыдабай,
Акын болуп ырдадым.

Эптеп кыйкым табыпсың,
Ээ большевик жолдошум.
Эч жазыгым жок эле.
Кас санадың, оңбоссуң.

Кол кармашып бир далай,
Кадырлаш болдук бир кезде.
Бир кудайдын жазуусу,
Көрдүм кордук бул кезде.

Ушундан мен кутулсам,
Уялып калар бекенсиң.
Кое бербей кармаса,
Кубанып калар бекенсиң.

Бир азыраак ыр кылдым,
Башка келген залалды.
Түпкүлүгү агаин,
Таарыныч кылсам жаманбы?!
Карматып ийдиң Жумгалдан,
Корккон жоксуң убалдан.
Ажыраттың бул азыр,
Ал жерде калган үй-жайдан.

Таалайга келсе көрөрбүз,
Тагдырда болсо өлөрбүз.
Оомал-төкмөл бир кезек,
Башыңа келсе көрөсүз.

Жалган жалаа жок иштин,
Жабыркап тарттым каламды.

Жазуу да болсо арга жок,
Жазганым менин жаманбы?..

Актыгыма ишенип,
Аллам урбай көөнүм ток.
Керилип жүргөн бопттондук,
Кечээ көрсөм бүгүн жок.

Далай адам текшерди,
«сөөк» менен «тамырды».
Тагдырда болсо ушул кеп,
Тартпаган ким жабырды.

Сураса адам эшиктен,
Сүйүнгөн менде күн болду.
Дүнүйөң болсо өкүмөт.
Алган бойдон тим болду.

Бир-бириңдин намысын,
Бирлик менен талашып.
Боштондуктун жыргал күн,
Калдың кайда адашып.

Боштондуктун кадырын,
Камалбаса ким билет.
Закон менен тыйбаса,
Кимди көзгө ким илет.

Баары жакын ойлосом,
Болду оопасыз бул жалган.
Жаман жакшы аралаш,
Өлбөй адам ким калган.

Шум дүйнөнү ойлосоң,
Шамалга учкан камгактай.
Өлүм менен азаптан,
Кутулган барбы карматпай.

Баары жогун ойлосом,
Байланат экен Жалганда.
Жаман жакшы аралаш,
Жалдырап өтөт арманда.

Өкүндүрүп дүнүйө,
Өлбөй адам калган жок.
Тартып жатат кара жер,
Тартып, тартып тойгон жок.

Жайдары болду бул заман,
Жалпылашты малыбыз.
Тегиздикке жетпесе,
Тынбайт биздин жаныбыз.

Акыйкатка жетсек деп,
Тилек кылдык баарыбыз.
Артын кудай билбесе,
Кандай болот алыбыз.

Актан күйүп ыйладык,
Угулабы зарыбыз.
Жаздым болсок ушундан,
Качты бизден алыбыз.

Баамдасак көрөсүң,
Бул замандын болжолун.
Жоготууга башыңды,
Малыңдын душман болгонун.

Активдер биздин айылда,
Адилдиктен жаңылган.
Тегизчилдик бул заман,
Бактыбызга табылган.
Көпчүлүк кедей биригип,
Көп илимди сагынган.

Илим-билим жетишсе,
Урукчул кайдан табылат.
Калпычы менен бузуктар,
Кайда барып жашынат.

Ак караны таануучу,
Аспап кайдан табылат.
Ак болсок да түшүнбөй,
Аламан кыргыз жабылат.

"Ак текшер" деп сурануп,
Арзын айтып зарыгат.
Адилдигим таанылып,
Качан шорум арылат.

Бул убакта жол жобо,
Социалга коюшту.
Ар жердеги айылдар,
Колхоз болуп уюшту.

Ой ойлосоң заманың,
Бир Алладан тилеймин.
Жалгыз жандын аманын,
Кудай билет акыры...
Ким кетип, кимдин каларын.

Алланын кылган тагдыры,
Ажал жетсе өлөбүз.
Айтылган ушул залалды,
Активдерден көрөбүз.

Ак кагазды колго алып,
Далай балдар муңайды.
Азыр ушул биз түгүл,
Ким көрбөгөн бу жайды.

Мындан мурда көп адам,
Биз өңдөнүп зарланган.

Ак карасы ылганыш,
Арасынан тандалган.
Акыйкат кылса өкүмөт,
Кутуларбыз жаңжалдан.

Таалайга Алла жазбаса,
Тартат белек жабырды.
Күдөр үзбөй Алладан,
Күтөлүчү сабырды.

# КАЛЫЙДУЛДАНЫН АПАСЫ-КОЙЛУ КЫЗЫ РАПИЯ (1906-1957)

## ӨЗ ТУРМУШУ ЖӨНҮНДӨ ЖАЗГАН АРМАНЫ

Койлу кызы Рапия болжол менен 1906-жылдары Кочкордо төрөлгөн. Жалгыз кыз болгондуктан атасы аны жанына алып жүрүп, билим берет. Акылман, сөзмөр адамдардын арасына аралаштырып, эл башкаруу иштерин үйрөтөт. Рапия Дүйшөгө баш кошкондон кийин, кайын атасы Шоңкор аны эркине коюп, кызы сыяктуу асырайт. Дүйшө камалып кеткенден кийин, Кочкорго төркүндөрүнө келип балдарын багууну көздөйт. Эптеп күн көрүп турушканда сексенден ашкан атасы Койлу ажыны молдо болгон деп айдап кетип, Кой-Таштта атып салган дешет. Рапия, Абды, Аман деген бир тууганарынан ажырайт. Салыйка деген кызы 1949-жылы каза болот. Уулу Калыйдулда 1947-жылы колхоздун малын жеп ичкендердин бетин ачып кезитке жазмак болгону үчүн, ага жалаа жаап, төрт жылга кесилип, эки жыл түрмөдө олтуруп чыгат. Ошондо өпкө оорусу күчөп, 1950-жылдын июнь айында каза болот. Ал эми апасы Рапия болсо, санаадан сары оору болуп, тулку боюн сары суу каптап, 1957- жылы кайтыш болгон.

Балдарын багып, Дүйшөнү өмүрүнүн аягына чейин күтөт, санаага алдырат. 1932-жылы Омскидеги түрмөдө жаткан.

Дүйшөдөн: “Балдарды багып ал, акыреттик алганым” деп, Рапияга кайрылган кат келет. Рапия да өз турмушу жөнүндө жана да анын аман-эсен келерин кудайдан тиленип армандуу ырларын жазат.

Рапия Дүйшө экөө төрт балалуу болушат. Отузунчу жылдары Дүйшө атасы Шоңкор экөө “кулакка” тартылып көпчүлүк менен бирге айдалып кетет. Күтпөгөн

жерден бул окуянын болуп кетиши Рапияга оор тийет. Үй мүлкү бүт опуска кетет. Анын жакын туугандары да ар кайсы жерге орун которот. Рапия Кочкордогу төркүндөрүнө келип, баш калкалап туруп калат. Кочкорго келип жашоо Рапия үчүн тынч болбой:

«Бул кезди көрөр бекенсиң,
Балдарыңдын баарысын.
Багып жүрөм кайгырып,
Барлыгы сенин карызың»

деп, баардык жоопкерчиликти өз мойнуна алат. Ал өмүр бою өмүрлүк жарын күтүп, ыр жазып, күйүтүн жеңилдетет. Рапиянын ар бир жазган ыр саптарында Дүйшөнүн аты аталып, анын өмүрүн, аман-эсен келерин кудайдан тилек кылат. Рапиянын ошол кол жазмалары биздин күнгө жетип, сиздердин колуңарга тийип отурат.



*Койлу уулу Осмон Рапиянын агасы*



*Койлу кызы Рапия*

Ак кагаздын бетине,
Арман жаздым кичине.
Ар түрлүү сөздөр миң болуп,
Айтпасам батпас ичиме.

Кутулар пенде болобу,
Кудуреттин ишинен.
Чыдабастан муң болуп,
Чыкты сөзүм ичимен.

Армансыз адам болобу,
Алланын салган ишинен.
Айтылып кетти миң болуп,
Армандуу сөздөр ичимен.

Жайдары адам болобу,
Жараткан салган ишинен.
Жазылып кетти миң болуп,
Жалындуу сөздөр ичимен.

Жамандыкка санабайм,
Жаңылгансып түшүмөн.
Жалындуу арман сөзүмдү,
Жазганга эми күтүнөм.

Айдатып ийди активдер,
Арыздар түшүп үстүнөн.
Армандын баарын чогултуп,
Айтууга эми күтүнөм.

Армандуу ичте муңумду,
Ак кагазга жазганым.
Толгон кайгы капаны,
Төмөнкүчө баштадым.

Көптөн бери кабар жок,
Кейигенсип турамын.

Келбес жерби турганың,
Кейиште жашап куурадым.

Байлоого салып айдады,
Балдардын бил убалын.
Баргыс жер экен ойлосом.
Большевик кылган сурагын.

Кайсы жерде турганың,
Кантип угат кулагым.
Бошотуп сизди калууга,
Болбоду менин ылаажым.

Бул заманда арманым,
Буйругун көрдүм Алланын.
Аман-эсен колумда,
Артык көргөн балдарың.

Ушул кезде ойлонсом,
Ушундай болду арманым.
Ушул азыр колумда,
Урматтуу сенин балдарың.

Кантейин ушул кездерде,
Кайгысын көрдүм Алланын.
Колумда турат бул азыр,
Кымбаттуу сенин балдарың.

Жазылды менин арманым,
Жазуусун көрдүм Алланын.
Айдалып өзүң кеткенде,
Жаш калды эле балдарың.

Бул азыр да төртөөнү,
Баарысын багып мен келдим.
Кайгымды жазып олтурам,
Калем болду эрмегим.

Калыйдулда, Байдулда,
Калды эле сенден жашында.
Кадырыңды ойлонуп,
Кайгылуу иш бар башымда.

Сени билбей калды эле,
Салыйка менен Шарапат.[1]
Жалындуу ичте арманым,
Жарылып кетип баратат.

Бирге оокат кылбаган,
Бул дүнүйө жалганда.
Бир жүрүп өмүр өтпөдү,
Буга көп болот арманда.

Кайсы жерде турганың,
Кабарың билген киши жок.
"Бул эмине болду?" деп,
Биздин элдин иши жок.

Басылбайт санаам ойдогу,
Басылчы күнүм болбоду.
Эч кабарың угулбайт,
Беш жылдай болду болжолу.

Олтуруп алып бир кыйла,
Ой ойлодум теңселип.
Арманы толук ашынган,
Адамда бобос менчелик.

Кайгы түшүп башыма,
Калем алдым теңселип.
Калк журтту ойлоп олтурсам,
Капалуу болбос менчелик.

---

[1] Салыйка, Шарапат Дүйшө менен Рапиянын кыздары

Урматсыз дүйнө кантейин,
Ушундай болду алыбыз.
Турмушта оокат өткөрүп,
Турабыз аман баарыбыз.

Айтсам ошол кезимди,
Аябай кеткен саныбыз[2].
Калк журттан тегиз ажырап,
Калган эмес алыбыз.

Кандай көз эле ошол кез,
Калбаган ичте каныбыз.
Бул дүйнө турмуш жагынан,
Бар экен бизде багыбыз.

Бул кездери ойлосом,
Бактысыз калган сен болдуң.
Жылында отуз биринчи,
Жегичтерге жем болдуң.

Ал кездеги турмуштан,
Армандуу калган сен болдуң.
Армансыз болуп өтпөгөн,
Азаптуу адам мен болдум.

Кантейин ушул кездерде,
Караансыз кеткен сен болдуң.
Кабарыңды уга албай,
Кайгыга түшкөн мен болдум.

Мына бул жазган жазуулар,
Мээ, акылдан тарады.
Ачылып кетип баратат,
Ак кагаздын барагы.

[2] Тууганларын бириндетип, туш-тушка чилдей таратып жибергени тууарасында айтып жатат.

Арман кылып жазганың,
Акыл ойдон тарады.
Кайгылуу болуп баратат,
Кагаздын ачкан барагы.

Абайласа жазганым,
Армандуу жандын сабагы.
Ар ким окуп түшүнсө,
Ачар ичте санааны.

Жазган ушул арманым,
Жаңылышып кетпесин.
Акыл менен баа коюп,
Армандуулар чектесин.

Арман кылган ушуну,
Акылдулар ойлосун.
Ашипке болсо сөзүмдө,
Арасынан оңдолсун.

Ар түрлүүнү ойлонуп,
Акылым болду коргошун.
Кагаздагы сөзүмдүн,
Каталарын оңдосун.

Оюнда акыл, мээси бар,
Окуп көрүп ойлосун.
Оңдоп оку катасын,
Оюн, күлкү болбосун.

Ак кагазда сөзүмдү,
Акылдуулар карасын.
Акылы жок кишилер,
Абайлабайт чаласын.

Мисал үчүн кээ бирөө,
Муну окуса түшүнбөйт.

Армандуу болгон сөзүмдүн,
Аягы дагы үзүлбөйт.

Толгон кайгы капага,
Токтоп чыдап турбадым.
Ойдогумду мен жаздым,
Окугандар ылгагын.

Көнбөскө айла жогунан,
Көтөрдүм Кудай кылганын.
Калем алып колума,
Кагаздын бетин булгадым.

Айтып сөзүм ичимен,
Арман казал чыгардым.
Алланын кылган ишине,
Амал барбы чыдадым.

Ак кагаздын бетине,
Арман жаздым азыраак.
Ар түркүн сөздөр жазылды,
Акылымдан чачырап.

Кайгыны ичке миң кылып,
Кандай адам батырат.
Кагаздагы сөздөрүм,
Калемден чыкты чачырап.

Иргелген кайгы капалар,
Ичимен кантип басылат.
Көп кайгы кетип түгөнүп,
Көңүлүм качан ачылат.

Ар түркүндү ойлонуп,
Акылым көпкө бөлүндү.
Арылтып айтып сөз кылып,
Ачпасам болбойт көңүлдү.

Ак кагаздын бетине,
Армандуу сөздөр төгүлдү.
Азыркы ушул турмушта,
Алыс кыл кудай өлүмдү.

Айтылып тышка миң болуп,
Армандын баары төгүлдү.
Алла таала мендейге,
Алыс кылчы чегинди.

Ачылбай көңүл турган кез,
Азыркы эрктүү турмушта.
Армандуулар көп болор,
Айылдаш биздин кыргызда.

Айттым бирин калтырбай,
Ак кагазга сырымды.
Акылдуулар текшергин,
Армандуу менин ырымды.

Турмушта мендей күйгөн көп,
Тулку бою от болуп.
Туурасын жазып кагазга,
Турат калем токтолуп.

Турмушта өксүп далай бар,
Турган кези оштонуп.
Тузакталып турган кез,
Туткундун дарты козголуп.

Ушунун баарын ойлонуп,
Ушундай арман жазамын.
Арт жагы оңун Алладан,
Абыдан тилеп жатамын.

Токтоп чыдап тура албай,
Турмуштун таттым азабын.

Арман жазып ойлонуп,
Арт жагы оңун тилеймин.
Түбүнүн кандай болорун,
Түк бир чыны билбеймин.

Арманымдын далайын,
Айттым ойлоп азыраак.
Тиленемин Алладан,
Эки көзүм чачырап.

Калыйдулда, Байдулда,
Калган дагы баланды.
Түрлүү жагын ойлонуп,
Азыраак басам санаамды.

Алла таала жок болсо,
Адамзат кайдан жаралды.
Ушул эрктүү дүйнөдө,
Ушундай болуп каламбы?..

Өлбөй эсен кошулуп,
Өмүрдүн күнүн көрөмбү?
Же болбосо бул бойдон,
Жетишпей жүрүп өлөмбү?..

Барлык жагын ойлонуп,
Башыма келди далай иш.
Бул эриктүү турмушта,
Болдум го мен таалайсыз.

Кадырыңды ойлонуп,
Капалык бар бир менде.
Калганың бар, колумда,
Кубат кылам көргөндө.

Турмушта сизди келсе деп,
Тилеп дайым ойлоном.
Арманым көп турмушка,
Аралаш бирге койбогон.

Бул кезди көрөр бекенсиң,
Балдарыңдын баарысын.
Багып жүрөм сенделип,
Барлыгы сенин карысың.

Киймибиз жок сенделип,
Кейип начар жүрөбүз.
Кабарыңдын жогунан,
Капаланып күйөбүз.

Карып болуп турганда,
Капалык ашты башымдан.
Кадырыңды ойлонуп,
Карып жаным жашыган.

Кейип куурап турганда,
Келер күнүң болсочу.
Алла таала бар болсо,
Алды алдынан койсочу.

Опуска баарын алдырып,
Оокатсыз азыр турабыз.
Кабарсыз болуп калдыңыз,
Кантип кабар угабыз.

Өзүң менен бир кеткен,
Жездеңиз келди кутулуп.
Биздин алга жараша,
Калдыңыз го тутулуп.

Кас санаган большевик[3],
Калды эле кутуруп.
Кылган иши жакпастан,
Калды ал да тутулуп.

[3] Өзүн-өзү билген айрым большевиктер жөнүндө айтып жатат

Мында армансыз боломун,
Кеңеш адил экен деп.
Кутурган ошол эмени,
Куткзбайт кеңеш бекемдеп.

Ошол жезден келгенде,
Ойлонбодук тура албай.
Капаландык абыдан,
Кабарыңды уга албай.

Ушул эрктүү турмушта,
Арманым баштан ашынды.
Ушул айткан арманым,
Ак кагазга жазылды.

Ойлоп кагаз бетине,
Жаздым ичте дартымды.
Эч кабарың угулбайт,
Эсен-соо барсыңбы?

Жазамын арман талыкпай,
Ойлоп дайым олтуруп.
Жазып төмөн келетам,
Кагаздын бетин толтуруп.

Кат жазып үзбөй турууга,
Кабарыңды билбедик.
Түшүп турат жыйылып,
Түгөнгүс арман күндөлүк.

Ойлонуп зарлап турамын,
Оңдой көр кудай ишимди.
Белги кылып кармаймын,
Берчемдүү кээ бир түшүмдү.

Белгилүү түшүм түш болбой,
Бул кезде куурап турамын.

Айласыздан олтуруп,
Армандуу казал курадым.

Түбүн кудай оңдо деп,
Жараткандан сурадым.
Арман жазсам кагазга,
Айтсам дагы табылар.

Жалпы баарын ойлонсом,
Жарага жүрөк кабылаар.
Мында багып жүрөмүн,
Төртөө бирдей жаш балаң.

Айласыздан олтуруп,
Аллага абдан зарланам.
Ар кайсы сөздөн иргелип,
Айтылып кетти ичимден.

Сабыр кылып дагы эле,
Жараткандан күтүнөм.
Ушул жазган арманды,
Ушуну менен бүтүрөм.

Жеке бул эмес арманым,
Жазсам дагы табылат.
Карыганда атам айдалып,
Куурулуп заман тарылат.

Артынан барган киши жок,
Арманы баштан ашынат.
Кейитпей издеп барган жок,
Көңүлү күндө басынат.

Мында турган туугандар,
Өндүрүштөн чыга албайт.
Кейип мында калгандар,
Көздөн жашын тыя албайт.

Карыганда минтип калышың,
Капа салат дениме.
Карыганда эң кыйын,
Турбаганың элинде.

Издеп сизди баруута,
Баргандын ыгы келбеди.
Түрлүү жагын ойлонуп,
Ысык жел кетти демдеги.

Жазсам дагы табылат,
Жазарга арман жагынан.
Карганда калдың эриксиз,
Кайгы толду абыдан.

Эби келсе калкыма,
Өз билүүмчө сайрадым.
Көп узартып олтурбай,
Жазылып бүттү арманым.

Армансыз күнүм болобу,
Азыркы ушул заманда.
Кабарыңы угалбай,
Кайгылуу башым арманда.

Жумгал менен Түгөл- Сай,
Туруктуу турган жер эле.
Айтайын дагы калтырбай,
Айдарбек биздин эл эле.

«орус», «кулак» деген жок,
Ойдо жок жыргап турганда.
Кас санады көп бизге,
Кара ниет тууган да.

"Большевик", "совет", "ак байпак",
Булар келип кармады.

Кой, уй, жылкы, төө дебей,
Алдына салып айдады.

Оокат өтпөй калгансып,
Опус кылып алганы.
Бириндеп кетти баарысы,
Бир атанын балдары.

Он эки жууркан беш жаздык,
Опуска кеткен буюмуң.
Көнбөскө айла жок экен,
Көрдүм турмуш кыйынын.

Ала кийиз башкадан,
Ар түрлүүлөр алынды.
Армандуу болуп бул кезде,
Аллага айттым зарымды.

Он эки жууркан, туш кийиз,
Опуска кетти алынып.
Кайгылуу ичте сөзүмдү,
Кагазга жаздым зарыгып.

Мына ушундай иш түшсө,
Тарылат экен заманың.
Тургун кылды эрксизден,
Турмушка барбы амалың.

Эки килем, эки ичик,
Эки миң сомдук буюмдан.
Жаманчылык иш түшүп,
Заманабыз куурулган.

Топ, топ болгон кездеме,
Тобун бузбай алышты.
Аны менен бүтпөстөн,
Акча, чөп салык салышты.

Чөптөн өйдө "салык" деп,
Тарттырды бизге азапты.
Боолап чөпту санатып,
Большевик кылды чатакты.

"Жетимиш пут буудай төккүн" деп,
Жедирбей кууду наныңды.
Он жети уй, беш миң сом алып,
Оодарып салды алыңды.

Жети миң сом дагы алды,
Жеке чарба кулак деп.
Ойлонбодук биз мурун.
Большевик мындай кылат деп.

Кутулсам мындан деп ойлоп,
Качты андан чыдабай.
Айттым жазып жогору,
Аллага зарым бир далай.

Качып жүрүп кармалып,
Өкмөттүн түштүң торуна.
Бердиң жети миң сомду,
Бакан ooздун колуна.

Тынымсейит, Абдылда,
Тымызын алды акчаны.
Бакан ooздор бул иштен,
Бир жолу соттон актады.

Үйдө жүрдүң бир айча,
Мурункундай жаркылдап.
Айылдагы кутурган,
Активдер калды такымдап.

Кабарсыз туруп ал жерде,
Кайта дагы кармалдың.

Калаа ичине тургузбай,
Каракоого айдалдың.

Кантер айла кыла албай,
Кайгымды айтып зарландым.
Түгөнөр күнү болобу,
Түбү жок ичте армандын.

Азыр сенден кабар жок,
Арзымды айтып зарландым.
Ачылар күнү болобу,
Акылды баскан армандын.

Урматын көрдүң армансыз,
Ушу дүйнө жалгандын.
Ачылар күнү болобу,
Ажырап сенден калгандын.

Көнгүчө сенден ажырап,
Көзүмдүн жашы төгүлгөн.
Айдалып жүргөн курбумду,
Аман кыл кудай өлүмдөн.

Көчүп конгон жайлообуз,
Суусамыр менен Көлмөнүн.
Арман болуп түгөнбөс,
Ар кайсыны көргөнүм.

Сөөк менен Жолкара,
Кыштаган жерди айталы.
Жакшына Төр дагы бар,
Ийри-Суу менен Ак-Далы.

Алланын ишин карачы,
Армандуу болот ар жаны.
Айтарга эми түгөнду,
Акылымдын калганы.

Арман кылган сөзүмдү,
Ак кагаздан карагын.
Биле албай мындан аркысын,
Бүтүрүп койдум аягын.

## ЭСКЕРТҮҮ

Окуган киши ушуну,
Ойлоп жакшы карасын.
Кемтиги болсо сөзүмдүн,
Кечирип койсун чаласын.

Кармаган адам окуса,
Катасы болсо оңдосун.
Бул эскертүү ырыма,
Болот калем жойлосун.

Көңүлү келбес көпкөндөр,
Көрсө да, окуп карабас.
Окуй албай койгондун,
Оозуна кирсин кара таш.

Ар түркүндүн баарысын,
Акындык менен жазамын.
Бул жазууну билбеген,
Баласы эмес атанын.

Кудай кылса пенделик,
Жүрөт адам сенделип.
Карып болуп калган соң,
Кадырым сурайт ким келип.

Өттү баштан өмүрүм,
Бул турмуштун тушунда.
Байкасаңар абайлап,
Барлык арман ушунда.

Кейип турам бул азыр,
Кабарсыз болуп калгандан.
Азыр кабар жок болуп,
Армандуу болдум жалгандан.

Мен ушундай кейидим,
Мусаапыр болуп калганга.
Мына бул жазуу бүт арман,
Муңдуу болдум жалганда.

Бир чакырым жер болсо,
Буурулду миндим жашымда.
Бул кылганым кесирби,
Мусаапыр түштү башыма.

Калем менен кагазга,
Кайгымды жаздым жалбарып.
Казал кылдым чыдабай,
Кайгылуу болуп мен калып.

Арманым ичте көп эле,
Айласыз жүргөм жан багып.
Койбой жазып баратат,
Колума калем кармалып.

Көрбөдү мени кудурет,
Күйүттү айтсам зарланып.
Өлбөгөн тирүү оокатын,
Өткөрүп жүрөм жан багып.

Олтуруп алып кагазга,
Ойлоп жаздым кебимди.
Кесир кылып кудурет,
Кетирбе менин эбимди.

Армандуу күндө турганда,
Алыс кыл кудай чегинди.
Кудай өзүң жар болуп,
Кумсартпа менин өңүмдү.

Армандуу ичте сөздөрүм,
Ак кагазда төгүлдү.
Алла өзүң жар болгун,
Аздырбай менин өңүмдү.

Армандуу болуп жүргөндө,
Алыс чекте өлүмдү.
Кайгыны казал кылам деп,
Кабыргам бирден сөгүлдү.

Казал кылган кайгыны,
Кайнаган мээси толуктап.
Кагазга жазып олтуруп,
Капалар бир аз соолуккан.

Кагазга жазып койбосом,
Кайнаган ичим тынбады.
Куруп калсын болдучу,
Кудуреттин кылганы.

Арманымды мен жаздым,
Ак кагаздын жолуна.
Санаадагы иштерди,
Салгын кудай оңуна.

Кагазга жаздым арманды,
Калем кармап колума.
Айта берсем көп сөз бар,
Ар түрлүүлөр оюмда.

Айдалып жүрүп келбесең,
А дагы менин шорум да.
Эч кабарың угулбайт,
Өкмөттүн калдың торунда.

* * *

Кейип жаным зарланды,
Айтамын ичте арманды.
Не жараттың жараткан,
Армандуу кылып жалганда.

Айнытып менин көөнүмдү,
Аздырдың жаман өңүмдү.
Көрөбүзбү жараткан,
Өзүм өңдүү теңимди.

Ичке толгон капамды,
Тышка айтып жатамын.
Тилегим жеткиз кудайга,
Эң эле кыйын капамын.

Кагазга казал жазамын,
Кайгырып жаман капамын.
Кайрымжысы жок жалганда,
Кайгы менен жашадым.

Кыска эле колуңду,
Кыйланы көрдүм болжолу.
Калыс болчу жараткан,
Айтам арман окучу.

Уксачы кудай кулагың,
Зарланып колум сунамын.
Бул аманат жалганда,
Кайгылуу болуп турамын.

Мынчалык бердиң арманды,
Муңайып жашым зарланды.
Айланайын жараткан
Азапка салып жанымды.

Уксаңчы кудай зарымды,
Кетирбей кубат алымды.
Жаш кезимде жараткан,
Кайгыга салдың башымды.

Жашында болгон иш болсо,
Амалым барбы көрөмүн.
Алланын кылган ишине,
Айласыздан көнөмүн.

Апакай кагаз колумда,
Кайгы азыр менин мойнумда.
Кагылайын жараткан,
Ишимди салгын оңуна.

Алагды болбой жүрөгүм,
Ар дайым тилек тиледим.
Ар кайсы ишти көп ойлоп,
Арыктады билегим.

Онго бөлөм оюмду,
Ойнотомун колумду.
Айланайын жараткан,
Ачар бекен жолумду.

Карандаш алып колума,
Кагаздын бетин толтурам.
Капалуу болуп кайгырып,
Дал болгон бойдон олтурам.

Ичим толгон арманда,
Арманым көппү жалганда.
Бербесең укчу тилекти,
Жаштан өтүп карыганда.

Кур кайгыны көп ойлоп,
Кетти кубат дарманым.
Кудай таала жараткан,
Арылат качан арманым.

Көтөрдүм Алла салганын,
Дүйнөнүн билдим жалганын.
Кайсы бирин айтайын,
Көп да менин арманым.

* * *

Айланайын жараткан,
Айткан сөзүм негизде.

Жардам болсоң болбойбу,
Оң ийинимде периште.

Акылды бөлөм сегизге,
Бактым башка келишсе.
Акылдаш болсоң болбойбу,
Сол ийинимде периште.

Мен өңдөнгөн нечен жан,
Арманын айтып зарыгар,
Жардам болсоң болбойбу,
Жар Мукамбет пайгамбар.

* * *

Баштап жазып койгонду,
Азыр жазып ойлодум.
Азыр капа болгонду,
Аллам буйруп койгонбу.

Текшерген жок өкүмөт,
Жоготуп малды сойгонду.
Көтөрдүң башка амал жок,
Кудайым салып койгонду.
Амалың жок чыдайсың.

Эриксиз бутуң байланып.
Тузакка түшкөн сен карып,
Какшап ушул турмушта,
Казал жазган мен карып.

Армандуу болуп олтуруп,
Алдым калем колума.
Ак жеринен илиндиң,
Өкмөт жайган торуна.

Аман болсоң келерсиң,
Аман койсо бир кудай.
Асылым бизди сүйөрсүң,
Ким да болсо кудайдан,
Көп жашоону тиленсин.

# Мазмуну

Өмүрү өксүктө өткөн акын ........ 3
Калыйдулда Дүйшеев ........ 12
Колхоз жайлоосу ........ 14
Жаш калем ........ 15
Байка жаным! ........ 16
Шайлайбыз ........ 18
Биринчи Май ........ 19
Эскерем ........ 19
Басма сөз ........ 20
Биздин заем ........ 21
Улуу закон ........ 23
Жеңиш күнү ........ 24
Алкыш айтам жүрөктөн ........ 24
ЛИРИКАЛАР ........ 25
Баратам ........ 25
Энеме ........ 26
Ини ........ 27
Кош үстүндө кыз-жигит ........ 27
Кыял ........ 28
Мен ........ 28
Тентек кыял айрөктөйт ........ 28
Опаасыз экен ойлодум ........ 30
Сүйүү ........ 30
Билбес элең ........ 31
Жүрөк ........ 31
Өлүм ........ 32
Жаштар күйгөнү ........ 32
Айлуу түн ........ 33
С... га ........ 34
Болдум ашык ........ 34
Сүйгөнүмө ........ 35
Куплеттер ........ 35
Өстү Кыргызстаным ........ 36
Калыйдулданын блокнотунан ........ 38
Акындын кыялы ........ 42

Сүйгөнүмө ........................................ 43
Чкалов ........................................ 44
Токтогулга ........................................ 44
Алга тынбай жүрөлү! ........................................ 45
Калыйдулдадан ........................................ 47
Ленин ........................................ 48
Мекеним ........................................ 49
Өмүрүңүз болсун бек ........................................ 49
Улуу күн ........................................ 49
Жол үстүндө кат ........................................ 50
Сенсиң ........................................ 55
Беш жылдыкта ........................................ 55
Лирасы дедиң Жоомарттын ........................................ 56
Эскерем ........................................ 56
Алыстан кат ........................................ 57
Келиндин каты ........................................ 59
Жаш жумушчунун ыры ........................................ 60
Жүрөктө ........................................ 61
Каналчы эжеме ........................................ 62
Жамбыл абама ........................................ 63
Орто-Токой (поэма) ........................................ 64
Чалгынчы (поэма) ........................................ 66
Гүлай (поэма) ........................................ 71
Эпилог ........................................ 96
Дубал газетабызды сапаттуу
чыгаруу үчүн ........................................ 98
Басма сөздүн жардамы чоң ........................................ 99
Тянь–Шаньдан кат ........................................ 101
Экөө тең жалкоо экен ........................................ 101
Өкүнгөн кыз ........................................ 103
Тянь–Шаньдан кат ........................................ 106
"Арсар конок ач калат" ........................................ 106
Ырыстуу эне ........................................ 108
Сары короз ........................................ 110
Таалайлуу Асира ........................................ 112
1947-жыл. 4-5-сентябрдагы
соттун заседаниясындагы сүйлөгөн
акыркы сөзүм: ........................................ 115

Калыйдулданын атасы-Дүйшө
Шоңкор уулу (1900-1933) ........................ 129
Дүйшөнүн Рапияга жазган каттары ............... 130
Эскерме .................................................. 137
Дүйшө Шоңкор уулуна ак жеринен
жалаа жабылып, жолдо айдалгандагы
жана камакта жатып жазган арманы ............ 139
Калыйдулданын апасы-Койлу
кызы Рапия (1906-1957) өз турмушу
жөнүндө жазган арманы ............................. 163
Эскертүү ................................................ 180

**Калыйдулда Дүйшеев**

Ырлар, поэмалар

Редактору ***Ж.Токтогазиев***
Компьютердик калыпка салган ***А. Медетов***

Басууга 10.01.2015. берилди. Офсет кагазы.
Көлөмү 11,25 б.т. Нускасы 200. Заказ 09.

«Газета.KG» басмасында басылды.